
الوعي
Аң-сезим
# Ал-Ваъй
Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал
480
Кыркынчы жыл чыгышы, Мухаррам 1448-х. – Июнь 2026-м.

Ал-Ваъй сөзү

## Орусиянын тереңдигинен коргонуу иммунитети алынганда: дрондор согушу, күчтү алсыратуу жана Украинадагы өзөктүк тоскоолдуктун чектери



## Амазиг улутчулдугунун күч алышы! Марокко режими крестүү Франциянын бербердик фитнасын козутуп жатат

## Трамптын администрациясы АКШны кайда алып баратат? (1)

## Санарип валюталар: адамдардын аманаттарын талап-тоноону улантуу жана каржылык үстөмдүктү бекемдөө

## Адам жер жүзүндө Аллахтын өкүмүн орундатуу аманаты менен өткүнчү жашоонун жалган элеси ортосунда

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 урухсаты менен чыгарылат

www.al-waie.org Subjects@al-waie.org

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** Орусиянын тереңдигинен коргонуу иммунитети алынганда: дрондор согушу, күчтү алсыратуу жана Украинадагы өзөктүк тоскоолдуктун чектери ........................................................ 3

– Трамптын администрациясы АКШны кайда алып баратат? (1) . 19

– Санарип валюталар: адамдардын аманаттарын талап-тоноону улантуу жана каржылык үстөмдүктү бекемдөө .............................. 33

– Адам жер жүзүндө Аллахтын өкүмүн жүргүзүү аманаты менен өткүнчү жашоонун жалган элесинин ортосунда............................ 46

– Амазиг улутчулдугунун күч алышы! Марокко режими крестүү Франциянын бербердик фитнасын козутуп жатат.......................... 49

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары***...................................... 61

– ***Куръани Карим сабагында*** ........................................................ 66

– ***Бейиш бактары:***....................................................................... 71

– ***Соңку сөз:*** Яхудий түзүмү өзүнө улуу держава катары ишене баштады. Инша Аллах, дал ушул анын кыйроосуна себеп болот .. 77

– Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалык гана Араб Лигасы уюмун жана бардык зыян алып келген режимдерди көмүп жок кылат........................................................................ 79

بسم الله الرحمن الرحيم

# ОРУСИЯНЫН ТЕРЕҢДИГИНЕН КОРГОНУУ ИММУНИТЕТИ АЛЫНГАНДА: ДРОНДОР СОГУШУ, КҮЧТҮ АЛСЫРАТУУ ЖАНА УКРАИНАДАГЫ ӨЗӨКТҮК ТОСКООЛДУКТУН ЧЕКТЕРИ

**Саир Салама, Абу Малик**

Орусиянын эл аралык экономикалык форуму өтүп жаткан күндөрү Санкт-Петербургдун айланасындагы энергетикалык объектилерге жакын жерде көрүнгөн түтүн ири экономикалык иш-чаранын жөн гана кокустан болгон көрүнүшү эмес эле. Тескерисинче, ал Орусиянын Украинага басып киргенден кийин төрт жылдан ашуун убакыт өткөн согуштун мүнөзүн айкын көрсөткөн көрүнүш болду. Кремль өзүнүн эл аралык экономикалык жүзүн о.э. инвесторлорду, өнөктөштөрдү жана делегацияларды чогулта алган ири мамлекеттин образын кайра көрсөтө турган аянтча катары тандаган шаар дрондордун көлөкөсүндө, аба чабуулу тууралуу эскертүүлөрдүн, аба каттамдарынын үзгүлтүккө учурашынын жана күчөтүлгөн коопсуздук чараларынын алдында калды.

Бул маселе бир гана Санкт-Петербургга тиешелүү эмес. Орусиянын терең аймагында, анын ичинде Москванын айланасындагы мунай иштетүүчү заводдорго, портторго, күйүүчү май кампаларына, аба базаларына жана логистикалык объектилерге Украинанын арты-артынан сокку уруусу маанилүү стратегиялык өзгөрүүнү көрсөтүүдө. Согуш эми Украинадагы фронт сызыктары, Крым же чек ара аймактары менен гана чектелбей калды. Ал Орусия тарых бою согуштун түздөн-түз чыгымынан алыс деп эсептеген аймактын жүрөгүнө чейин жетип келди.

Бул чындык Орусия кыйрады же согушууга, токтотуп турууга же душмандарына зыян келтирүүгө болгон жөндөмүн жоготту дегенди билдирбейт. Ал дагы эле ири өзөктүк держава болуп саналат. Ошондой эле чоң армияга, кеңири аскердик өнөр жайга, эбегейсиз жаратылыш ресурстарына, адамдарды жана аскердик техниканы мобилизациялоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. Бирок согуш бул факторлорду кыска мөөнөттө кадимки аскердик чечүүчү артыкчылыкка айландырууда. Ички аймакты толук коргоодо жана өндүрүшкө, инвестицияга, эмгек рыногуна жана

өнүгүүнүн келечегине кымбат баа төлөбөстөн узак согушту каржылай алган экономикага айландырууда терең чектөөлөр бар экенин көрсөттү. Ошентип, маселе «Орусия согушту уланта алабы?» деген суроодо эмес, анткени ал, жок дегенде жакынкы келечекте, уланта алат. Негизги суроо: кандай баа менен улантат? Согуш узарган сайын Орусия эмнелерди жоготуп жатат? Анын күч куралдары майдандагы жай илгерилөөнү дагы эле ачык саясий жана стратегиялык жеңишке айландырууга жөндөмдүүбү? Же ал эми каршылашын жабырлантууга күчү жетип, бирок чечүүчү жыйынтыкты таңуулай албаган алсыратуу согушунун жаңы баскычына кирип жатабы?

Украинанын акыркы соккулары бул суроолорго толук жооп бербейт. Бирок алар тереңирээк өзгөрүүнү түшүнүүгө мүмкүнчүлүк ачат. Орусия согушту Украинаны кыска убакытта баш ийдиребиз деген ой менен баштаган болсо, бүгүн ал согушту узарта алган, аны Орусиянын ички аймагына чейин жеткирген жана өз ресурстарын абадан коргонуу, энергетикалык объектилерди коргоо, ири шаарларды коргоо жана согуш экономикасын сактап туруу ортосунда бөлүштүрүүгө мажбурлаган атаандашка туш болду.

**Фронттогу согуштан терең аймактагы согушка чейин**

Мурунку салттуу согуштарда фронт негизги чечүүчү майдан болгон б.а. бир армия алдыга жылып, экинчиси артка чегинип, шаарлар кулап, логистикалык каттамдар өзгөрүп турчу. Ал эми Орусия–Украина согушунда фронт кеңейип, татаалдашты. Согуш эми окоптордон, чептерден жана мина талааларынан тышкары электр тармактарына, мунай иштетүүчү заводдорго, аэропортторго, ок-дары чыгаруучу заводдорго, экспорттук портторго жана байланыш системаларына чейин жайылды. Ошондуктан Украина тарабынан Орусиянын ички аймагына жасаган соккуларды жөн гана өч алуу же үгүт операциялар катары кароого болбойт. Ал соккулар согуштун чыгымын баскынчылыкты баштаган тарапка өткөрүп берүү максатын көздөгөн бирдиктүү стратегиялык логиканын бөлүгү болуп саналат. Эгерде Орусия өзүнүн ракеталары жана дрондору аркылуу Украинанын шаарларын жана энергетикалык объектилерин бутага алып жатса, анда Украина да, масштабы азыраак болсо да, Орусиянын согушун каржылаган жана колдогон ресурстарды т.а. мунайды, күйүүчү майды, мунайды кайра иштетүүчү ишканаларды, темир жолдорду, аэропортторду, аба базаларын жана ок-дары кампаларын бутага алган жооп мүмкүнчүлүгүн түзүүгө аракет кылууда. Мына ушунда мунай иштетүүчү заводдорду бутага алуунун мааниси жатат. Анткени мунай иштетүүчү завод жөн гана экономикалык объект эмес. Ал бир эле учурда аскердик, экономикалык жана коомдук мааниге ээ түйүн болуп

саналат. Дал ошол жерден аскердик техникалардын, авиациянын жана транспорттун күйүүчү майы камсыздалат. Ошондой эле мамлекеттин акчалай кирешесинин бир бөлүгүн түзгөн продукциялар экспорттолот. Мындан тышкары, ички рынок да ошол жерден камсыздалып, анын туруктуулугу бензин менен дизелдин жетиштүүлүгүнө жана баалардын алгылыктуу деңгээлде болушуна көз каранды. Ошондуктан мунай иштетүүчү заводго сокку урулушу жөн гана бир объекттин кыйратылышы же өрттүн чыгышы дегенди билдирбейт. Ал коргонууга, оңдоого, камсыздоого жана коопсуздукту камсыз кылууга кошумча чыгымдарды жүктөөнү билдирет.

Бул согуштагы ийгилик дайыма эле көрүнүп турган кыйроонун көлөмү менен өлчөнбөйт. Анткени келтирилген зыян бир нече жуманын ичинде оңдолсо да, сокку таасирдүү болушу мүмкүн. Себеби соккулардын кайталанышы мамлекетти абадан коргонуу күчтөрүн кайра жайгаштырууга, өндүрүш пландарын өзгөртүүгө, көбүрөөк резерв топтоого, транспорт каттамдарын өзгөртүүгө жана миңдеген аскер кызматкерлерин, батареяларды жана коргонуу системаларын дайыма коргонуу абалында кармап турууга мажбурлайт. Узакка созулган алсыратуу согушунда мындай чыгымдар куралдын өзүн жок кылуудан кем эмес мааниге ээ.

Бул багыттагы Орусиянын көйгөйү коргонуу каражаттарынын жетишсиздигинде гана эмес. Анткени Орусияда S-300, S-400, Панцирь жана башка заманбап, тыгыз жайгаштырылган абадан коргонуу системалары бар. Орусия аймагынын өтө кеңдиги, стратегиялык маанилүү объектилердин көптүгү, чабуул жасоо жолдорунун ар түрдүүлүгү жана дрондордун баасы аларды атып түшүрүүгө кеткен чыгымга салыштырмалуу өтө арзан болушу толук коргонууну дээрлик мүмкүн эмес милдетке айлантат. Анткени кайсы бир объект күчөтүлгөн коргоого алынган сайын, башка бир объекттин корголушу алсырайт. Ал эми кайсы бир батарея Москванын айланасына, мунай иштетүүчү заводго же стратегиялык аэропортко көчүрүлсө, анын фронтту же алдыдагы аскерлерди коргоо мүмкүнчүлүгү ошончолук азаят. Дал ушул жагдай дрондор согушундагы эң чоң өзгөрүүлөрдүн бири болуп саналат. Бүгүнкү күндө аскердик үстөмдүк мурдагыдай эле бомбалоочу учактар, танктар жана согуш кемелери сыяктуу саны аз, бирок ири платформаларга ээ болуу менен гана аныкталбай калды. Тескерисинче, ал миңдеген арзан каражаттарды чыгара билүүнү, аларды жогорку тактык менен багыттоону, чалгындоо жана чалгын маалыматтары менен байланыштырууну, ошондой эле атаандашты кымбат ракеталарды колдонууга же чакан, бирок улам кайталанып турган коркунучтарга

каршы татаал коргонуу системаларын жайылтууга мажбурлоону да билдирет.

**Орусиянын өзөктүк куралы: майдандагы чечүүчү курал эмес, токтотуп туруу күчү**

Өзөктүк күч менен кадимки аскердик күчтү аралаштыруу согушту талдоодогу эң олуттуу каталардын бири болуп саналат. Орусия дүйнөдөгү эң ири өзөктүк арсеналдардын бирине ээ. Бул ага эл аралык мамилелерде абдан чоң стратегиялык салмак берет. Бирок бул анын армиясы узакка созулган кадимки согушту автоматтык түрдө чечүүчү жеңиш менен аяктай алат дегенди билдирбейт.

Орусиянын өзөктүк куралы үч негизги бөлүктөн турат:

Биринчиси — кургактагы бөлүк. Ал жер астындагы шахталарда же көчмө платформаларда жайгашкан континенттер аралык баллистикалык ракеталардан турат. Бул токтотуп туруунун эң ыкчам жана эң ишенимдүү күчү болуп эсептелет. Анткени алар кыска убакыттын ичинде континенттер аралык аралыкка өзөктүк дүрмөттөрдү жеткире алат.

Экинчиси — деңиздеги бөлүк. Ал баллистикалык ракеталарды алып жүрүүчү өзөктүк суу астындагы кайыктардан турат. Бул биринчи өзөктүк соккуга кабылган учурда жооп кайтаруу мүмкүнчүлүгүнүн эң негизги кепилдиги болуп саналат. Анткени деңизде жүргөн суу астындагы кайыкты табуу же жок кылуу өтө кыйын. Ошондуктан бардык ири өзөктүк державаларда стратегиялык деңиз күчтөрү «экинчи сокку» мүмкүнчүлүгүн, башкача айтканда, мамлекет өтө кооптуу чабуулга дуушар болгондон кийин да өзөктүк жооп кайтаруу жөндөмүн камсыз кылган негизги элемент болуп эсептелет.

Ал эми үчүнчү бөлүк — аба бөлүгү. Ал узак аралыкка уча алган стратегиялык бомбалоочу учактардан турат. Алардын башкылары — Tu-95MS жана Tu-160. Бул бомбалоочу учактардын ролу өзөктүк курал алып жүрүү менен гана чектелбейт. Алар алыс аралыкка учуучу кадимки канаттуу ракеталарды да учура алышат. Орусия Украинадагы согушта ушундай платформаларды колдонгон.

Бул үчтүк атаандаш кадимки шарттарда Орусиянын өзөктүк мүмкүнчүлүгүн бир эле сокку менен толук жок кыла албастыгын кепилдейт. Эгер стратегиялык бомбалоочу учактар жайгашкан базалар коркунучка кабылса, анда кургактагы ракеталар менен суу астындагы кайыктар сакталат. Эгер айрым ракеталык шахталар коркунучка кабылса, анда суу астындагы кайыктар менен бомбалоочу учактар калат. Ошондуктан Орусия дагы эле ири өзөктүк токтотуп туруучу күч бойдон калууда. Бул жагын баалабай коюу же өз мүмкүнчүлүгүн жоготту деп ойлоо туура эмес. Бирок бул күчтүн милдети кадимки

армиянын милдетинен айырмаланат. Өзөктүк курал негизинен мамлекеттин жашоосуна коркунуч туудурган жеңилүүнү алдын алуу же ири мамлекеттин же чоң аскердик альянстын түздөн-түз кеңири масштабдагы аскердик кийлигишүүсүн токтотуп туруу үчүн даярдалган. Ал эми Украинадагы согушта Орусия коңшу мамлекет менен согушуп жатат, ал Батыш мамлекеттеринен курал-жарак, каржылык жардам жана чалгын маалыматтарын алып жатканы менен, НАТОнун армиялары түздөн-түз согушка катышкан жок. Ошондуктан мындай шартта өзөктүк куралды колдонуу өтө кооптуу жана өтө чоң чыгымга алып келе турган вариант бойдон калууда. Анткени өзөктүк куралды колдонуу мина талаасы аркылуу жол ачып бербейт, офицерлер менен жоокерлердин жетишсиздигин жойбойт, эски танкты заманбап кылып жибербейт, зыян тарткан заводдорду оңдобойт, дрондорду токтотпойт жана Украинанын багынышын камсыз кылбайт. Тескерисинче, ал күтүүсүз жана катуу эл аралык жооп чараларын жаратышы, Орусиянын эл аралык обочолонуусун күчөтүшү жана согуш кризисин аймактык жаңжалдан дүйнөлүк масштабдагы коркунучка айландырышы мүмкүн. Ошондуктан өзөктүк үчтүк Орусияга күчтүү стратегиялык токтотуп туруу калканын берет. Бирок ал узакка созулган кадимки согуштагы көйгөйлөрдүн ордун автоматтык түрдө толтура албайт. Чындыгында, Орусиянын өзөктүк күчтөрүн жаңылоо процесси өзү маанилүү бир карама-каршылыкты камтыйт. Москва өзүнүн стратегиялык бомбалоочу учактарын, ракеталарын жана суу астындагы кайыктарын жаңылоого аракет кылып жатат. Бирок ошол эле учурда ал айрым программалардын кечигишине, өнөр жай жана технологиялык басымдарга, ошондой эле өнөр жайдын бир убакта бир нече ири долбоорду ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу көйгөйлөргө туш болууда.

**«Ак куу»: ал эмне жана эмне үчүн маанилүү?**

Орустар Tu-160 стратегиялык бомбалоочу учагын «Ак куу» (*Белый лебедь*) деп аташат. Ал эми НАТОнун аталышында ал Blackjack деп белгилүү. Бул дүйнөдөгү эң чоң, үндөн ылдам уча алган жана эң ылдам стратегиялык бомбалоочу учак болуп саналат. Ал кыймылдуу канаттары жана жарым-жартылай өзөктүк жарылуудан чыккан жылуулуктун таасирин азайтуу үчүн иштелип чыккан ак түстөгү корпусу менен айырмаланат. Ал өзүнүн өзгөчө көрүнүшү үчүн гана эмес, Орусиянын өзөктүк үчтүгүнүн аба бөлүгүндөгү мааниси үчүн Орусиянын аба күчтөрүнүн эң белгилүү символдорунун бири болуп эсептелет.

Tu-160 жашыруун (*стелс*) учак эмес жана анын негизги милдети америкалык айрым стелс-бомбалоочу учактар сыяктуу душмандын

күчтүү корголгон аба мейкиндигин бузуп кирүү эмес. Анын негизги артыкчылыгы — алыс аралыкка уча турган канаттуу ракеталарды алып жүрүп, аларды чоң аралыктагы позициялардан учура алуу мүмкүнчүлүгүндө. Ачык булактардагы маалыматтарга ылайык, ал тапшырманын мүнөзүнө жараша кадимки же өзөктүк дүрмөттөр менен жабдылган 12ге чейин канаттуу ракетаны ички курал бөлүгүндө алып жүрө алат.

Ошондуктан анын маанилүүлүгү жөн гана «бомба таштоочу учак» деген түшүнүктөн алда канча кеңири. Ал Орусияга алыскы аралыктан сокку урууга, токтотуп туруу тууралуу сигнал берүүгө, өзөктүк үчтүктүн аба бөлүгүн сактап турууга жана кадимки аскердик операцияларда канаттуу ракеталарды колдонууга мүмкүнчүлүк берген стратегиялык платформа болуп саналат. Ачык булактардын маалыматына ылайык, Орусия учурда кызматтагы флотунда ушул түрдөгү болжол менен он бешке жакын учакка ээ. Бул алардын саны эскирээк жана жайыраак Tu-95MS бомбалоочу учактарына салыштырмалуу азыраак экенин көрсөтөт. Бирок согуш бул аба бөлүгүнүн салыштырмалуу алсыз жактарын да ачып берди. Анткени стратегиялык бомбалоочу учактар узак аралыкка уча алгандыгы үчүн эле кол тийгис болуп калбайт. Аларга авиабазалар, учуп-конуу тилкелери, күйүүчү май, оңдоочу жайлар, ок-дарылар, жердеги коргоо жана абадан коргонуу системалары керек. Украинанын стратегиялык авиа-базаларына жасаган соккулары көрсөткөндөй, мындай базаларга, атүгүл салттуу эмес ыкмалар аркылуу жетүү мүмкүн болсо, бул олуттуу натыйжа бере алат.

Ачык булактардагы талдоолорго ылайык, Украинанын 2025-жылдын июнь айындагы «Жөргөмүштүн тору» операциясы жети Tu-95 стратегиялык бомбалоочу учагын жок кылып, дагы бир учакка зыян келтирген. Ошондой эле бул операция Орусияны стратегиялык бомбалоочу учактарын жайгаштыруу тартибин өзгөртүүгө жана аларды алысыраак, бири-биринен кыйла бөлүнгөн авиабазаларга таратууга мажбур кылган. Ал эми «Ак куу» (Tu-160) учактары кеңири масштабда жок кылынды деген маалыматтарга этият мамиле кылуу керек. Себеби бул чабуул Москваны өзүнүн бомбалоочу учактарын кайра бөлүштүрүүгө, алардын корголушун күчөтүүгө жана кошумча коргонуу менен логистикалык чыгымдарды көтөрүүгө мажбур кылганы эң ишенимдүү аныкталган натыйжа.

Мына ушунда бул чабуулдун стратегиялык мааниси көрүнөт. Анткени ийгиликке жетиш үчүн атаандаштын бүтүндөй авиациялык флотун жок кылуу сөзсүз талап кылынбайт. Кээде аны учактарын ар кайсы жерге таратууга, алардын туруктуу жайгашкан базаларын

өзгөртүүгө, коргонуу чараларын күчөтүүгө, кошумча абадан коргонуу каражаттарын бөлүүгө жана машыгуу менен техникалык тейлөө программаларын кечиктирүүгө мажбурлоо эле жетиштүү болот. Мындай таасир саны чектелүү жана кыска мөөнөттө ордун толтуруу кыйын болгон курал түрү үчүн өзгөчө чоң стратегиялык мааниге ээ.

**Орусиянын кадимки аскердик күчү: алсыроо, бирок кыйроо эмес**

Орусия аскердик жактан алсыз болуп калган жок. Орус армиясы жакын арада кыйрайт деп күткөн көз караш чыныгы абалга негизделген эмес. Анткени орус армиясы дагы эле чектелген багыттарда чабуул жасоого, ракеталарды жана дрондорду массалык түрдө колдонууга, жаңы адамдарды мобилизациялоого, совет доорунан калган ири запастарды калыбына келтирүүгө жана кеңири аскердик өнөр жай базасына таянууга жөндөмдүү. Бирок бул алсыроо болгон жок дегенди да билдирбейт. Тескерисинче, азыркы Орусиянын аскердик күчүн согушту улантууга жөндөмдүү, бирок ошол эле деңгээлдеги операцияларды сактап калуу үчүн улам өсүп жаткан чыгымдарды төлөп жаткан күч катары түшүнүү керек.

Орусиянын басып кирүүнүн башындагы алгачкы планы ыкчам аракеттенүүгө, Украинанын жетекчилигин шал кылууга жана Киевди кыска убакыттын ичинде басып алууга же саясий жактан багындырууга негизделген эле. Бирок борбор калаага жасалган чабуулдун ийгиликсиз болушу, андан кийин Мариуполь, Бахмут, Авдеевка жана башка шаарлардагы шаардык согушка өтүү Орусияны таптакыр башка моделге алып келди. Бул массалык аткылоого, чабуул толкундарына, жай илгерилөөгө, ок-дарынын чоң көлөмдө сарпталышына жана украиналык коргонуу тилкелерине тынымсыз басым жасоого негизделген алсыратуу согушу болду.

Бул моделде Орусиянын айрым артыкчылыктары бар. Калкынын саны жана экономикасынын көлөмү боюнча ал Украинадан чоңураак. Анын аскерге чакыруу мүмкүнчүлүгү кеңири, жоготууларга чыдамдуулугу жогору жана оңдоп-түзөп кайра колдонууга жарактуу советтик аскердик техникалардын чоң запасына ээ. Мындан тышкары, ал тышкы өнөктөштөрдөн да олуттуу колдоо алды: Түндүк Кореядан ок-дарыларды, артиллериялык снаряддарды жана ракеталарды; Кытайдан өнөр жай жана электрондук компоненттерди, станокторду, техникаларды жана кош багытта колдонулуучу материалдарды; ошондой эле алгач Ирандын үлгүлөрүнө негизделген, кийин болсо кеңири жергиликтүү орус өндүрүшүнө айланган дрондор боюнча тажрыйбаны ала алды. Бирок бул күчтүү жактар түзүмдүк алсыздыктарды жашырып турат.

Биринчиден, адамдык жоготуулар. Ачык булактардагы баалоолор табиятынан ар түрдүү болот. Анткени ар кандай ири согушта жоготуулар тууралуу маалыматтарда жашыруундук жана куулук болот. Бирок баалоолордун басымдуу бөлүгүнө ылайык 2022-жылдын февралынан бери Орусиянын жоготуулары Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки мезгилде ири мамлекет үчүн болуп көрбөгөндөй чоң даражага жеткен. Айрым эсептөөлөргө ылайык, 2025-жылдын аягына чейин орус тараптагы каза болгондордун, жарадарлардын жана дайынсыз жоголгондордун жалпы саны 1,2 миллионго жакындаган. Ал эми башка изилдөөлөр 2026-жылдын башына карата каза болгондордун саны гана кеминде 300 миң экенин белгилейт.

Мында эң маанилүүсү сан эмес, жоготуунун курамы. Анткени жаңы жоокердин жоготуусун мобилизация жана каржылык стимулдар аркылуу кандайдыр бир деңгээлде толуктоого болот. Ал эми талаа офицерин, взводдун же ротанын командирин, даярдыктан өткөн танк экипажын, авиациялык техникти же байланыш жана чалгындоо адисин жоготуу кыска убакытта толуктала турган нерсе эмес. Себеби согуштук тажрыйба административдик чечимдер менен жаралбайт. Ал машыгуу, убакыт жана реалдуу согуштук аракеттер аркылуу акырындык менен топтолот.

Экинчиден, аскердик техниканын жоготуулары. Согуштун жүрүшүндө Орусия көп сандаган танктарынан, согуштук бронетехникаларынан, артиллериялык каражаттарынан жана колдоо техникаларынан айрылды. Ал бул жоготууларды жарым-жартылай совет доорундагы танктар менен техникаларды кайра оңдоп-түзөп пайдалануу, ошондой эле өндүрүштү көбөйтүү жана жаңылоо аркылуу толуктоого жетишти. Бирок ал дайыма эле мурдагы сапаттагы техниканы калыбына келтире албайт. Анткени эски танкты кайра кызматка кайтаруу аны коргонуу деңгээли, оптикалык жабдуулары, байланыш системалары жана дрондор менен танкка каршы ракеталарга толгон согуш талаасында аман калуу мүмкүнчүлүгү жагынан заманбап танкка теңеп коё албайт.

Үчүнчүдөн, чыгымга салыштырмалуу илгерилөөнүн чектелүү болушу. Орус күчтөрү бир катар багыттарда жергиликтүү ийгиликтерге жетишкенине карабастан, алардын илгерилөөсү көп учурда жоготуулардын санына жана колдонулган ок-дарынын көлөмүнө салыштырмалуу өтө жай болду. Күнүнө бир нече ондогон метр же бир нече ай ичинде болгону бир нече чакырым алдыга жылуу тактикалык картаны өзгөртүшү мүмкүн. Бирок бул сөзсүз түрдө согуштун жүрүшүн өзгөртө турган же саясий жөнгө салууну таңуулай турган стратегиялык бурулуш дегенди билдирбейт.

Төртүнчүдөн, аба мейкиндигинде толук үстөмдүк орнотуу үмүтүнүн жоголушу. Орусия ири аба күчтөрүнө ээ болгонуна карабастан, согуштун башында күтүлгөндөй Украина үстүнөн толук аба үстөмдүгүн орното алган жок. Украинанын абадан коргонуу системаларынын сакталып калышы, эки тараптын тең жаңы коркунучтарга ыңгайлашуусу жана жакшы корголгон аба мейкиндигине жакындоо чыгымынын өсүшү орус авиациясын көбүрөөк алыскы аралыктан сокку урууга, пландоочу авиабомбаларды, ракеталарды жана дрондорду колдонууга мажбур кылды. Натыйжада толук аба үстөмдүгүн камсыз кылуу ишке ашкан жок.

Бул Орусия дагы эле олуттуу аскердик күч экенин, бирок идеалдуу эмес шарттарда аракет кылып жатканын билдирет. Ал чабуул жасоо мүмкүнчүлүгүнө ээ, бирок аба мейкиндигинде толук эркиндикке ээ эмес. Ал алдыга жылууга жөндөмдүү, бирок чечүүчү бурулушту оңой эле камсыздай албайт. Анын чоң адамдык жана аскердик-техникалык ресурстары бар, бирок ошол эле учурда сапат, тажрыйба жана мыкты даярдык жагынан улам өсүп жаткан бааны төлөп жатат.

**Согуш экономикасы: туруктуулукка туруштук берүүбү же келечекти сарптообу?**

Орусияны талдоодо эң кеңири тараган жаңылыштыктардын бири — санкциялардын өзү эле анын экономикасын кыска убакытта кыйратат деген пикир. Чындыгында, Орусиянын экономикасы 2022-жылдан кийин кыйраган жок. Тескерисинче, ал энергетикалык экспортту башка багыттарга буруу, Кытай, Индия жана башка мамлекеттер менен сооданы кеңейтүү, финансылык чектөөлөрдү киргизүү жана аскердик өнөр жайга мамлекеттик чыгымдарды олуттуу көбөйтүү аркылуу басымдын бир бөлүгүнө ыңгайлаша алды. Бирок туруштук берүү гүлдөп өнүгүү дегенди билдирбейт. Заводдордун иштеп турушу өнүгүү эмес. Ошондой эле снаряддар менен танктардын өндүрүшүнүн көбөйүшү экономика келечек үчүн туруктуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүп жатат дегенди билдирбейт.

Согуштун алгачкы жылдарында аскердик чыгымдар Орусиянын экономикасына сыртынан караганда белгилүү бир түрткү берди. Аскердик заводдор жумушчуларды иш менен камсыз кылууда, мамлекет ок-дарыларды сатып алууда, ал эми аскер кызматкерлеринин айлык акылары жана каржылык сыйлыктары өлкөнүн көптөгөн аймактарына акча агымын камсыз кылууда. Бирок бул көрүнүштүн артында согуш экономикасы ресурстарды жарандык өндүрүштү өнүктүрбөгөн багытта сарптап жаткан чындык жашырылган. Анткени бир күндүн ичинде атылган снаряд мектеп курбайт, жарандык завод

кура албайт, транспорт тармагын өнүктүрбөйт жана жаңы экспорттук мүмкүнчүлүктөрдү түзбөйт.

Орусиянын экономикасы акырындап чарчоонун ачык белгилерин көрсөтө баштады: экономикалык өсүштүн басаңдашы, инфляция жана акча-кредиттик басымдын күчөшү, пайыздык чендердин жогорулашы, жумушчу күчүнүн тартыштыгы, инвестициялардын азайышы, ошондой эле салыктарга, ички карыз алууга жана мамлекеттик чыгымдарга көбүрөөк көз карандылык байкала баштады. 2024-жылы салыштырмалуу жогорку өсүштөн кийин Орусия экономикасынын өсүү темпи олуттуу түрдө жайлады. Жарыяланган баалоолорго ылайык, 2026-жылдын башында экономика кварталдык кыскаруу баскычына кирди. Ал эми бүтүндөй жыл боюнча өсүшкө карата божомолдор өтө эле төмөн деңгээлдерде болду.

Мунун себеби санкциялар гана эмес. Согуштун өзү жарандык тармактардагы жумушчу күчүн армияга жана аскердик заводдорго тартып кетүүдө. Коргонуу өнөр жайындагы эмгек акылардын өсүшү башка тармактарга кошумча басым жаратууда. Мындан тышкары, он миңдеген квалификациялуу адистердин өлкөдөн чыгып кетиши, технологияларга жана чет элдик инвестицияларга коюлган чектөөлөр, ошондой эле насыя алуунун кымбатташы — мунун баары өнүккөн жана тең салмактуу экономиканы өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн алсыраткан факторлор болуп саналат.

Ошондой эле Орусиянын энергетикалык экспортко көз карандылыгы ага күч булагын бергени менен, ошол эле учурда атаандаштарына да басым көрсөтө турган мүмкүнчүлүк берет. Анткени мунай иштетүүчү заводдорду, портторду жана мунай объектилерин бутага алуу мамлекеттин дароо кыйрашына алып келбейт. Бирок мындай соккулар Орусиянын экономикасын баалардын өзгөрүшүнө көбүрөөк көз каранды кылат, экспорт менен ички керектөөнүн ортосундагы артыкчылыктарды кайра карап чыгууга мажбурлайт жана айрым аймактарда күйүүчү майдын тартыштыгы же анын баасынын өсүшү сыяктуу тобокелчиликтерди жаратат.

Андан да терең мааниге ээ болгон жагдай — согуш Орусияны мамлекеттин барган сайын чоң бөлүгүн мобилизациялык экономикага өткөрүүгө мажбурлап жатат. Бул процесс канчалык узакка созулса, андан чыгуу ошончолук кыйын болот. Анткени аскердик заводдорго узак мөөнөттүү келишимдер жана инвестициялар керек, армияга жаңы адамдарды тартуу үчүн чоң каржылык стимулдар талап кылынат, банк сектору бюджет тартыштыгын каржылоого тийиш, ал эми мамлекет инфляциянын жана коомдук нааразылыктын кесепеттеринен ички абалды коргоого милдеттүү.

Бул жерде «Орусия кыйроонун босогосуна келип калды» деп айтууга болбойт. Мындай баа берүү ашкере жөнөкөйлөтүлгөн жыйынтык болуп калат. Бирок Орусия оор теңдеменин алдында калды: согушту улантуу мүмкүн, бирок анын экономикалык, социалдык жана инвестициялык чыгымдары улам өсүүдө. Ал эми согуш бүткөндөн кийин тең салмактуулукту калыбына келтирүү барган сайын кыйыныраак болуп баратат.

**Кытай жана Түндүк Корея: колдоочу күч, бирок абсолюттук куткаруучу союз эмес**

Орусия бул согушту жалгыз жүргүзгөн жок. Анын ок-дарыларды, дрондорду жана аскердик техникаларды өндүрүү, ошондой эле жабдууларды оңдоо мүмкүнчүлүгүнүн сакталышы ар кандай деңгээлде тышкы өнөктөштөргө байланыштуу. Бул өнөктөштөрдүн ичинен эң маанилүүсү — Кытай. Дал ушул өлкө аркылуу Орусияга электрондук компоненттер, өнөр жай жабдуулары, санариптик башкаруу каражаттары, запастык бөлүктөр, кыймылдаткычтар жана кош багытта колдонулуучу материалдар жеткирилет. Бул Кытай согушка түздөн-түз катышкан мамлекет болуп калды дегенди билдирбейт. Бирок анын соода, технологиялык жана өнөр жай тармагындагы колдоосу Орусияга Батыштын айрым санкцияларынын жана чектөөлөрүнүн таасирин азайтууга мүмкүндүк берди.

Ал эми Түндүк Корея болсо ок-дарылардын жана айрым ракеталардын маанилүү жеткирүүчүсү катары өзгөчө орунга чыкты. Бул Орусияга өзүнүн аскердик заводдоруна болгон басымды азайтууга жана ок атуу темпин сактап турууга мүмкүнчүлүк берди. Ошондой эле Түндүк Корея менен аскердик кызматташтык эми символдук деңгээлде гана калган жок. Ал алсыратуу согушун камсыз кылган реалдуу жеткирүү тармагынын бир бөлүгүнө айланды. Бирок бул колдоонун дагы бир жагы бар. Ал Орусиянын ири мамлекет жана байыркы аскердик өнөр жай базасына ээ болгонуна карабастан, согуштун чечүүчү баскычтарында тышкы жардамга муктаж экенин көрсөтөт. Ага ок-дарылар, компоненттер, өнөр жай жабдуулары, рыноктор жана санкцияларды айланып өтүүчү каналдар керек болуп жатат. Бул кыйроонун белгиси эмес. Бирок бул Орусиянын стратегиялык көз карандысыздыгы расмий сүрөттөлгөндөй кең эмес экенинин белгиси. Анткени ири согуш жүргүзүп жаткан мамлекетке өнөктөштөр керек болот. Бирок күчтү арттырган өнөктөштүк менен өндүрүштү сактап калуунун негизги шартына айланган өнөктөштүктүн ортосунда чоң айырма бар.

**Батыш да алсырап жатат, бирок алсыроонун түрү башкача**

Ошол эле учурда Батышты түгөнгүс запастарга ээ болгон бирдиктүү күч катары көрсөтүүгө да болбойт. Украинадагы согуш Батыштын коргонуу өнөр жайындагы олуттуу кемчиликтерди ачыкка чыгарды. Айрыкча, Европада мамлекеттер аралык ири согуштардын болушу күмөндүү деп эсептелген ондогон жылдардан кийин бул кемчиликтер айкын көрүндү.

Көптөгөн Батыш армиялары күн сайын миңдеген снаряддарды, ракеталарды жана абадан коргонуу каражаттарын массалык түрдө колдонууга эмес, жогорку сапаттагы, бирок көлөмү чектелген запастарга негизделип түзүлгөнү белгилүү болду. Ошондуктан артиллериялык ок-дарылар, абадан коргонуу ракеталары, Patriot ракеталары, реактивдүү системалардын ок-дарылары жана айрым танктарга каршы ракеталар олуттуу басымга туш болду.

Маселе мындан да татаалдашууда. Анткени бүгүнкү күндө Украинадагы согуш гана абадан коргонуу системалары менен тосуп алуучу ракеталардын запастарын сарптап жаткан жалгыз жаңжал эмес. Дүйнөнүн башка аймактарындагы чыңалуулар менен куралдуу кагылышуулардын күчөшү өндүрүшү башынан эле чектелүү болгон ок-дарыларга болгон суроо-талапты дагы көбөйтүүдө. Ошондуктан бүгүн Батыш борборлорундагы негизги суроо «Украинага канча курал жөнөтөбүз?» деген менен гана чектелбей калды. Эми «Өзүбүз үчүн канчасын сактап калабыз? Запастарды кайра калыбына келтирүүгө канча жыл керек болот? Кайсы тармактардын өндүрүшүн биринчи кеңейтүү зарыл?» деген суроолор да коюлуп жатат. Бирок Батыштын алсырашы Орусияныкынан бир жагынан айырмаланат. Батыштын саясий эркинде өзүнүн экономикалык, технологиялык жана каржылык мүмкүнчүлүктөрүнүн бир бөлүгүн узак мөөнөттүү аскердик өндүрүшкө багыттай ала турган кыйла кеңири базасы бар. Батыштын негизги көйгөйү акчанын же технологиянын жетишсиздиги эмес. чечим кабыл алуунун жай жүрүшү, келишим түзүү жана өндүрүш циклинин узактыгы, улуттук системалардын көп түрдүүлүгү жана мобилизациялык экономиканын жоктугу болуп саналат.

Ошол эле учурда Европа акырындап аракет кыла баштады. Айрыкча артиллериялык ок-дарыларды, дрондорду жана абадан коргонуу каражаттарын өндүрүү тармагында жылыштар байкалууда. Ошондой эле Европанын Украинага көрсөткөн аскердик жардамы кампалардагы даяр куралдарды жөнөтүү менен гана чектелбей, биргелешкен өндүрүштү каржылоого жана жабдууларды түздөн-түз украиналык жана европалык заводдордон сатып алууга өтө баштады. Бул абдан маанилүү жагдай, анткени бул Украина жөн гана курал алып жатканын эмес,

согуш жүрүп жаткан учурда эле өзүнүн өнөр жай мүмкүнчүлүгүнүн бир бөлүгүн түзүп жатканын билдирет.

2026-жылдын алгачкы айларында Европа дрондор үчүн бөлүнгөн каржылоону олуттуу түрдө көбөйттү. Айрым жардам топтомдоруна көп сандагы дрондорду берүү, ошондой эле аларды өндүрүү жана өнүктүрүү үчүн түз каржылоо кирди. Бул Украинанын алыскы аралыктагы кайталанма соккуларды ишке ашыруу боюнча жаңы мүмкүнчүлүктөрү жаралганын түшүндүрөт.

Демек, Батыш биринчи кезекте даяр запастардын, айрыкча так башкарылуучу ок-дарылардын жана абадан коргонуу каражаттарынын азайышынан улам алсыроону башынан өткөрүп жатат. Ал эми Орусия адам ресурстары, аскердик техника, жарандык экономика, инвестициялар, технологиялар жана ички аймактарды коргоо мүмкүнчүлүгү жагынан кыйла кеңири масштабдагы алсыроого дуушар болууда. Акыркы жыйынтык кайсы тарап өндүрүштүк мүмкүнчүлүгүнүн алсыроосу саясий жана экономикалык жактан көтөрө алгыс жүккө айланганга чейин туруктуу артыкчылыкка айландыра аларына жараша болот.

**Украинага бул күчтү ким берип жатат? Эмне үчүн азыр?**

Украинаны жөн гана сырттан келген чечимди аткаруучу курал катары сүрөттөө туура болбой калат. Ошол эле сыяктуу, аны Орусияга каршы жалгыз күрөшүп жаткан мамлекет катары көрсөтүү да вакыйлыкка туура келбейт. Чындыгында, Украинанын азыркы мүмкүнчүлүгү үч негизги фактордун өз ара айкалышынын натыйжасы болуп саналат.

Биринчи фактор — Украинанын топтолгон тажрыйбасы. Согуштун бир нече жылдары ичинде Украина кеңири дрон өндүрүшүн түздү, ийкемдүү аскердик инновациялык чөйрөнү калыптандырды, платформаларды тез өзгөртүп жана жаңыртып туруу мүмкүнчүлүгүн өнүктүрдү, чалгындоону соккулар менен тыгыз айкалыштырды жана жаңы курал үлгүлөрүн иштеп чыгууда согуш талаасынан алынган маалыматтарды натыйжалуу пайдалана баштады.

Экинчи фактор — Батыштын колдоосу. Бул каржылоону, аскердик даярдыкты, абадан коргонуу каражаттарын, ок-дарыларды, техникалык тейлөөнү, маалымат жана чалгындоо боюнча кызматташуунун айрым түрлөрүн, ошондой эле аскердик өнөр жайды колдоону камтыйт. Бул жардам дайыма бир калыпта болгон эмес жана ар кандай чектөөлөр менен коштолгон. Бирок ал Украинанын кыйрап калышына жол бербөөдө жана ага таза коргонуудан терең аймактарга сокку урууга жөндөмдүү деңгээлге өтүүгө мүмкүндүк берүүдө чечүүчү рол ойноду.

Үчүнчү фактор — согуштун мүнөзүнүн өзгөрүшү. Алыскы аралыктагы дрондор стратегиялык ракеталарга караганда алда канча арзан, аларды көбүрөөк санда чыгарууга болот жана Батыштын айрым алыскы аралыктагы ракеталары сыяктуу ар бир колдонуу үчүн сөзсүз түрдө тышкы саясий уруксат талап кылынбайт. Бул Украинага өз алдынча демилге көтөрүү үчүн кеңири мүмкүнчүлүк берди.

Эмне үчүн азыр? Анткени мындай мүмкүнчүлүк бир заматта пайда болбойт. Украинага өзүнүн өндүрүшүн түзүүгө, операторлорду даярдоого, чалгын маалыматтарын топтоого, жаңы үлгүлөрдү сыноого, Орусиянын алсыз жактарын аныктоого жана соккулардын экономикага тийгизген таасирин түшүнүүгө убакыт керек болду. Ошондой эле 2025–2026-жылдары Европа согуштун ийгилиги мындан ары Батыштын салттуу куралдарына гана көз каранды эмес экенин түшүнгөндөн кийин, дрондорду өндүрүүгө жана биргелешкен өндүрүшкө көбүрөөк каржы бөлө баштады.

Соккулардын күчөшүнүн дагы бир себеби — Киев Москвага узакка созулган согуш бир тараптуу болбой турганын көрсөтүүнү көздөйт. Эгер Орусия калкынын саны жана өнөр жай мүмкүнчүлүгү Украинага караганда жогору болгондуктан узакка чыдай алабыз деп эсептесе, анда Украина Орусиянын экономикасына жана логистикалык терең аймактарына басым көрсөтүү согушту саясий эсептөөлөрдү өзгөртө турган деңгээлде кымбатка түшүрөт деп үмүттөнүп жатат.

**Орусия: зыян келтирүү мүмкүнчүлүгү менен чечүүчү жеңишке жетүү жөндөмсүздүгүнүн ортосунда**

Орусиянын бүгүнкү аскердик абалын жөнөкөй бир теңдеме менен жыйынтыктоого болот: Орусия дагы эле коркунучтуу күч бойдон калууда, бирок согушка чейин ага таандык деп эсептелген күч эркиндигине эми ээ эмес.

Ал кеңири масштабдагы ракеталык жана дрондук чабуулдарды жүргүзүүгө, Украинанын инфраструктурасына олуттуу зыян келтирүүгө, миңдеген адамдарды аскерге тартууга, айрым багыттарда алдыга жылууга, өзүнүн өнөр жай жана тарыхый запастарына таянууга, ошондой эле Батыштын түздөн-түз аскердик кийлигишүүсүнүн алдын алуу үчүн өзүнүн өзөктүк күчү менен коркутууга жөндөмдүү. Бирок төрт жылдан ашуун убакыт өткөнүнө карабастан, ал согушту баштоодогу негизги максаттарына жете алган жок. Киевди басып ала алган жок, өзүнө баш ийген өкмөттү орното алган жок, украин мамлекетин жок кыла алган жок, Батыштын колдоосун токтото алган жок жана өзүнүн экономикалык жана аскердик тереңдигин соккулардан сактап кала алган жок.

Мына ушул чыныгы өзгөрүү болуп саналат. Маселе Орусия күчүнүн бардык элементтерин жоготту дегенде эмес. Тескерисинче, согушка чейин жетиштүү көрүнгөн күч куралдары каршылык көрсөтүүгө чечкиндүү жана Батыштын ири өнөр жай жана экономикалык базасы тарабынан колдоого алынган мамлекетке каршы тез арада чечүүчү жеңишке жетүү үчүн жетишсиз экени айкын болду.

Орусия чагылгандай тез согушту күткөн мамлекеттен узакка созулган согуш жүргүзүп жаткан мамлекетке айланды. Ал эми тез согуштан алсыратуу согушуна өтүү жөн гана тактикалык өзгөрүү эмес. Бул мамлекеттин бүтүндөй мүмкүнчүлүгүн т.а. армиясын, экономикасын, коомун, өнөр жайын жана жоготууларды саясий жактан башкара билүү жөндөмүн ар тараптан сыноо болуп калды.

**Жыйынтык: күч түшүнүгүн кайра аныктап жаткан согуш**

Украинанын Орусиянын терең аймагына жасаган соккулары согуш жаңы баскычка өткөнүн көрсөтүп турат. Эми негизги суроо Донбасстагы кайсы айыл же шаарча кимдин көзөмөлүндө экени гана эмес, кайсы тарап согушту атаандашы үчүн анын ички аймагында кымбатка түшүрө ала турган мүмкүнчүлүккө ээ экендиги болуп калды.

Орусия дагы эле эбегейсиз өзөктүк күчкө, чоң армияга жана согушту улантуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Бирок өзөктүк токтотуп туруу кадимки аскердик күчтүн ордун баса албайт, адамдык жоготууларды толуктай албайт, саясий жеңишке кепилдик бере албайт жана дрондордун мунай иштетүүчү заводдорго, аскердик базаларга жана аэропортторго жетүүсүнө тоскоол боло албайт.

Өзүнүн бардык символдук мааниси жана мүмкүнчүлүгүнө карабастан, «Ак куу» (Tu-160) ушул карама-каршылыкты айкын чагылдырат. Ал Орусиянын өзөктүк күчүнүн бир бөлүгүн алып жүргөн зор стратегиялык бомбалоочу учак болгону менен, коопсуз авиабазага, техникалык тейлөөгө, коргоого, ар кайсы жерге бөлүштүрүүгө жана кымбат коргонуу чараларына муктаж. Демек, жаңы доордо мамлекеттин күчү анын канча ири аскердик платформаларга ээ экендиги менен гана өлчөнбөйт. Ал ошол мүмкүнчүлүктөрдү канчалык деңгээлде коргой алары, өндүрө алары, оңдой алары, ордун толуктай алары жана күчтүү басым шартында иштетип тура алары менен да аныкталат.

Ал эми Батыш болсо тынчтык мезгилиндеги экономика алсыратуу согушун жүргүзүү үчүн жетишсиз экенин түшүндү. Бирок узак мөөнөттүү саясий чечим кабыл алынса, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн кайра калыбына келтирүүгө жетиштүү байлыгы, технологиясы жана өнөр жай базасы бар. Ал эми согушту өтө оор коргонуу абалында баштаган Украина жергиликтүү тажрыйбанын, тышкы колдоонун жана

дрондор тармагындагы инновациялардын аркасында согуштун бир бөлүгүн Орусиянын ички аймагына чейин жеткире алды. Ошондуктан чыныгы күрөш дрон менен мунай иштетүүчү заводдун, стратегиялык бомбалоочу учак менен авиабазанын же снаряд менен танктын ортосундагы күрөш эмес. Бул күчтүн эки башка моделинин ортосундагы күрөш: бири арсеналга, массалык мүмкүнчүлүккө жана токтотуп турууга негизделген күч; экинчиси болсо үзгүлтүксүз өндүрүү, өзгөрүп жаткан шарттарга ыңгайлашуу, инновацияларды киргизүү жана алсыратуу согушуна туруштук берүү жөндөмүнө негизделген күч.

Бул күрөштө Орусия кыйрап жаткандай көрүнбөйт. Бирок ал мурдагыга караганда азыраак корголгон, мобилизацияга, аскердик чыгымдарга жана тышкы өнөктөштөргө көбүрөөк көз каранды болуп калгандай көрүнөт. Ошондой эле ал ири согуш жүргүзүп жатып, ошол согуштун кесепеттеринен өзүнүн коомун, экономикасын жана стратегиялык терең аймагын коргой ала турган образынан кыйла алыстап калды ❑

# ТРАМПТЫН АДМИНИСТРАЦИЯСЫ АКШНЫ КАЙДА АЛЫП БАРАТАТ? (1)

**Исам аш-Шейх Ганим**

Азыркы президент Дональд Трамп жүргүзүп жаткан багытты жана анын кайсы тарапка бет алып жатканын түшүнүү үчүн, адегенде бүгүнкү Американын абалын түшүнүү зарыл. Анткени ушул абалдан улам бул администрация Американын эл аралык ордун сактап калууга, аны бекемдөөгө же анын төмөндөшүн токтотууга аракет кылууда. Муну түшүнбөстөн администрациянын багыты тууралуу сөз кылуу чындык менен элестин же кыялдардын аралашып кеткен божомолдоруна айланып калат. Башкача айтканда, вакыйлыкты туура түшүнүүдөн алыстап, тахлилде жаңылыштык кетирүүгө алып келет.

Америка азыркы доордун талашсыз империясы жана анын мүмкүнчүлүктөрү ушунчалык зор болгондуктан, айрымдар аларды чексиз деп эсептешет. Муну көрсөтүү үчүн бир эле мисал жетиштүү: анын эң бай адамдарынын бири Илон Маск жалгыз өзү дүйнөдөгү ондогон мамлекеттердин ички дүң продукциясынан (ИДП) да ашкан байлыкка ээ. Ошондой эле Трамптын администрациясы Венесуэлада бир нече саатка созулган аскерий операция жүргүзүп, өлкөнүн президенти Мадурону камакка алган. Андан кийин калгандар да коркуп, дароо ага баш ийишкен. Натыйжада Трамп дүйнөдөгү эң ири чийки мунай коруна ээ болгон өлкөнү көзөмөлүнө алганын жарыялап, андан соң Венесуэла мунайынын Америка казынасына түшүп жаткан кирешелери тууралуу кабарларды арты-артынан жарыялай баштаган. Ошондуктан Америка Кошмо Штаттарынын күч түркүктөрүн тоготпой коюу же аларды туура эмес баалоо саясатчылар жана мамлекеттер үчүн өзүн-өзү кыйратууга алып баруучу жол болуп эсептелет. Болгону ошол саясатчылар менен мамлекеттер өздөрүнүн күч түркүктөрүн туура баалай билип, алардын күчтүү жактарын Американын күч түркүктөрүнүн алсыз жактарына каршы туура коё билген учурда гана туура жыйынтык чыгышы болушу мүмкүн.

Ар бир президент Америкадагы бийликке келген сайын анын улуулугуна жаңы бир кыш кошуп турган. Бул улуулук Советтер Союзу ыдыраганга чейин улам өсүп, эң жогорку чегине жеткен. Андан кийин болсо Ирактагы сазга баткандан тартып төмөндөө жолуна түштү. Анткени Экинчи дүйнөлүк согуштан жаш Америка зор жеңиш менен чыгып, өзүнүн биринчи артыкчылыгы катары Япония фронтун бүтүргөн жалгыз өзүндө болгон өзөктүк куралдары менен мактанды. Анын үстүнө америкалык эле эмес, дүйнөлүк валютага айланган доллары бар эле. Бул доллар согуштан кийин Американын кампаларына

топтолгон дүйнөдөгү алтындын үчтөн эки бөлүгү менен камсыздалган болчу.

Мунун баарына кошумча, өндүрүшү өтө кубаттуу жана согуштун кыйроосуна дуушар болбогон экономикасы бар эле. Ошондой эле Европанын эң мыкты адистери топтолгон, берекелүү жана бай мамлекет болгон. Башкача айтканда, ири державалардын күч түркүктөрүнүн бардыгы жетиштүү болчу.

Кийинчерээк бул күч түркүктөрү Америка баштаган куралдануу жарышы аркылуу дагы да бекемделип, анын кубатын бир нече эсеге арттырды. Ошондой эле дүйнөнүн башка мамлекеттери, айрыкча европалык союздаштары таянган экономикага айланды. Бул көз карандылык Европада «Маршалл планынын» формасын алып, Европа экономикасы кайра калыбына келтирилген, бирок ошол эле учурда Америкага көз каранды бойдон калган.

Дүйнө жүзү боюнча Американын үстөмдүгүн толук орнотууга тоскоол болгон жалгыз бөгөт Советтер Союзу эле. Бул тоскоолдук 1991-жылы толугу менен жоюлду. Анткени советтик жетекчи өз өлкөсүн жана Чыгыш Европадагы лагерин кыйроого алып барды. Мамлекетти кыйроодон сактап калууга аракет кылган, бирок ийгиликке жете алган эмес.

Америка болсо бул кыйроо Рейгандын «Жылдыздар согушу» программасынын алкагындагы америкалык басымдын натыйжасында болгонун жакшы билчү. Чыгыш Европа Москвадан ажырагандан кийин, АКШнын президенти улуу Буш 1990-жылы Финляндиянын борбору Хельсинкиде Горбачёв менен жолуккандан соң жаңы эл аралык тартиптин жаралганын жарыялаган. Андан кийин ал Кувейттен Иракты чыгаруу үчүн Иракка каршы согуш жүргүздү. Андан соң Советтер Союзу ыдырап, дүйнө жүзүндөгү америкалык үстөмдүккө тоскоол болуп турган советтик бөгөт жоголду.

Советтер Союзу кыйрап, дүйнөдөгү экинчи держава жана Америкага атаандаш мамлекет макамынан ажырагандан кийин, Америка эч талашсыз дүйнөнүн жетекчиси жана үстөмдүк кылган мамлекет болуп калды. Ошентип, ал жалгыз улуу державага айланды. Ал эми андан төмөн турган башка мамлекеттердин баары ири мамлекеттер болгону менен, аскерий, экономикалык жана саясий күч түркүктөрү жагынан Америкадан өтө чоң аралыкта артта калышты.

Америка дүйнөгө үстөмдүк кылып, анын жалгыз жетекчисине айланды жана өзүнүн күч түркүктөрүн бекемдей турган эл аралык тартипти кура баштады.

Социализм кыйрап, дүйнөдө Америка жетектеген капитализмге идеологиялык атаандаш калбай калгандан кийин, америкалык философ

Фукуяма «тарыхтын аягы» жөнүндө сөз кылды. Башкача айтканда, Американын жеңишинин түбөлүккө уланышын билдирген. Ошентип, эл аралык аренадагы идеологиялык күрөш аяктагандай болду.

Америка Орусия менен өзөктүк куралды кыскартуу боюнча келишимдерди өз пайдасына түздү. Орус аскердик кубаты алсырап, Чечнядагы согуштарга батып калды жана жыйырма жылдан ашуун убакыт бою эл аралык аренада дээрлик көрүнбөй калды.

Америка өзүнүн артыкчылыкка ээ болгон экономикасынын кубатын дагы да көтөрүп, ири компанияларынын биригүү доорун баштады. Натыйжада атаандашууга дээрлик мүмкүн болбогон ири корпорациялар түзүлдү. Андан соң аларды дүйнө жүзүнө чыгарып, Америка негизин түзгөн жаңы глобалдашуу доорунда дүйнөнүн байлыктарын өзүнө агызууга киришти.

Бул глобалдашуу эркин соода жана бажы тоскоолдуктарын жоюу идеясына негизделген эле. Америка бул үчүн эл аралык уюмдарды түздү. Алардын бири — 1995-жылы түзүлгөн Дүйнөлүк соода уюму. Американын саясаты Фукуяманын теориясына ылайык дүйнө жүзүндөгү өзүнүн үстөмдүгүн жана көзөмөлүн түбөлүккө сактап калууга багытталган болчу.

Трамптын администрациясына чейинки отуз жылдан ашуун убакыт ичинде Американын саясаты бир катар ири эл аралык көйгөйлөргө туш болду. Алардын катарына Ирак жана Ооганстандагы сазга батышы, ошондой эле өзү «терроризм» деп атаган Исламга каршы согушу, Түндүк Кореянын жаңы өзөктүк держава катары пайда болушу, Орусия салыштырмалуу түрдө кайра күч топтоп, Путин өлкө жетекчилигин колго алгандан кийин көп уюлдуу дүйнө тартибин талап кыла башташы, Латын Америкасындагы өлкөлөрдүн Америка таасиринен чыга башташы, ошондой эле «Араб жазы» ыңкылаптарынын таасири астында араб аймагындагы америкалык таасирдин солгундашы кирет. Айрыкча Сириядагы окуялар Обаманын биринчи администрациясынын күч-аракетинин көбүн талап кылып, анын чачын агарта турган деңгээлге жеткирди. 2022-жылы башталган Орусия менен Украинанын ортосундагы согуш да ушул көйгөйлөрдүн бири болду жана бул согуш акыркысы эмес.

Экономика тармагында болсо Кытайдын өсүп чыгышы жана америкалык компаниялардын ошол жакка көчүшү Америка экономикасы үчүн чоң көйгөйгө айланды. Бул көйгөй кооптуулугу жагынан Европа менен болгон экономикалык атаандаштыктан да ашып түштү. Ал атаандаштыктын символу катары Европада евронун жүгүртүүгө чыгарылышы каралды.

Ушул отуз жыл бою Америка эл аралык аренада бардык тармактарда үстөмдүк менен артыкчылыктын ортосунда болуп келди. Ошол эле учурда анын мүмкүнчүлүгүнүн чегин кооптуу деңгээлде ачып көрсөткөн өтө чоң жоготууларга да дуушар болду. Бул жылдар аралыгында Америка көптөгөн ийгиликтерге жетишти. Алардын эң ириси Европа мамлекеттеринин көз карандысыздыгына сокку уруп, аларды эл аралык атаандаштыктагы таасирдүү оюнчу болуу жолунан чыгарды. Натыйжада Орусиянын Украинага басып кириши менен Европа жаңы вакыйлыкка туш келди б.а. эгер Американын коргоо калканы алынган болсо, алардын жашоосуна коркунуч жарата турган терең аскерий алсыздык көрүнүп калды.

Ушундан улам Байдендин президенттик мезгилинде Европа Кытайга карата өз алдынча саясатынан баш тартып, кайрадан Америка жетектеген багытка кошулууга аргасыз болду. Мунун ордуна Америка аларды Орусиядан коргоону өз мойнуна алды. Анткени Орусия Европанын чыгыш четинен акырындап басым жасап келе жаткан. Ошондой эле Америка еврону долларга олуттуу атаандаш болуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып, аны чакан атаандашка айландырды. Мындан тышкары, Орусиянын энергия булактары Европага жеткирүүнү токтоткондон кийин, газ тармагында Европа мамлекеттерин Американын энергия ресурстарына өзгөчө көз каранды кылды.

Мунун баарына карабастан, 1990-жылы мамлекеттик карызы 3 триллион доллар болгон Америка бүгүн өтө кооптуу деңгээлге жетип, дээрлик 40 триллион доллар карызга батып калды. Бүгүнкү күндө Америка Кытайдын экономикасын өзүнүн экономикалык улуулугуна эң чоң коркунуч катары көрүүдө жана аны атаандаштыктан четтетүү үчүн бардык мүмкүнчүлүгүн жумшоодо. Бирок Кытайдын экономикасы мурдагыдай эле тездик менен өсүп, Кытай дүйнөгө ири инвестициялары менен чыгып, Американын үстөмдүгүнө коркунуч жаратууда.

Кытай маселеси Американы Исламга каршы согушун жыйынтыктоого мажбур кылып, ал Ирактан, Ооганстандан жана акырында Сириядан чыга баштады. Ошондой эле, бул согуштарда олуттуу натыйжаларга жете алган жок.

Америка Ооганстанга «ал-Каида» уюмуна каршы согушуу үчүн басып кирип, аны басып алды. 2003-жылы болсо Иракка басып кирип, Ирактын мунайы Америка экономикасын жандандырууга салым кошот деп эсептеген. Бирок ал Иракта өзүнө каршы согушкан ондогон исламий уюмдарга туш болду. Эгер Иран Ирактагы көтөрүлүшкө каршы Америкага жардам бербегенде, Америка Иракта оор жеңилүүгө учурамак. Америка Ирактын мунайын пайдалана баштаганга чейин көп жылдар өтүп, ушул аралыкта триллиондогон долларларын коротту.

Ооганстандан болсо Америка 2021-жылы шерменде болгон абалда чыгып кетип, өзү каршы согушкан «Талибан» кыймылы кайрадан бийликке келди. Ал эми Сирияда Халифалык урaaнын көтөргөн жүздөгөн исламий уюмдар пайда болгондо, Америка аларга каршы чыгуунун жолу катары өлкөдөн чыгып кетүүнү жана келишимден кийин Ахмад аш-Шарааны президент кылып дайындоону тандады.

Балким, Америка 2001-жылы «терроризм» деген шылтоо менен баштаган Исламга каршы согушу социализм кулагандан кийин өзүнүн эл аралык саясатына негиз табуу аракетинен улам башталгандыр. Бирок кандай болгон күндө да, Америка Исламды каалаган учурда эл аралык саясий коркунучка айланып кетиши мүмкүн болгон өтө олуттуу идеологиялык коркунуч катары көрдү. Айрыкча «Араб жазы» окуяларынан кийин мындай түшүнүк дагы да күчөдү. Ошондуктан Америка өзүнүн эл аралык саясатында бири экинчисинен кем эмес эки чоң көйгөйгө туш болду: Кытай жана Ислам. Эгер Кытайдын коркунучу негизинен экономика тармагында болсо, Исламдын коркунучу өтө кеңири жана зор коркунуч катары кабыл алынды. Ошол себептен Америка Кытайга гана көңүл буруп, Ислам коркунучун көз жаздымда калтыра алган жок. Натыйжада ал өз күчтөрүн Кытайдын өсүшүнө каршы күрөшүү менен Исламдын бийликке келишине жол бербөөнүн ортосунда бөлүштүрүүгө аргасыз болду. Мунун көрүнүштөрүнүн бири — яхудий түзүмүн мурдагыдан да тереңирээк колдоо жана «кутурган ит» саясатын ишке ашыруу болду. Бул «кутурган ит» Газада кыргын согушун жүргүзүүдө, Сириянын курал-жарагын жок кылууда, Ливанды кыйратууда жана Ирандын өзөктүк программасын бутага алууда активдүү аракет кылып, Американын Ислам аймагын ооздуктоо жана анын коркунучтарын жоюу аракетинин бир бөлүгү болуп калды.

Эгер Кытайдын өсүп чыгышы жана Исламдын көтөрүлүү коркунучу Америка эл аралык деңгээлде туш болуп жаткан эң чоң эки маселе болсо, анда мындан төмөнүрөөк деңгээлдеги, бирок Американы чарчаткан башка эл аралык маселелер да бар. Алардын катарына Түндүк Кореянын өзөктүк программасы, Орусиянын көп уюлдуу дүйнө тартибин талап кылышы, анын натыйжасында чыккан Украинадагы согуш жана Американын Батыш жарым шарындагы таасиринин алсырашы кирет.

Жалпысынан Америка дүйнөгө болгон көзөмөлү бошоңдоп бара жатканын, эл аралык үстөмдүгү мурдагыдай болбой калганын түшүндү. А түгүл анын артыкчылыгынын өзү да коркунуч алдында калды. Айрыкча Кытайдын экономикасы Америкага жакындап, Кытайдын ири компаниялары Американын чоң корпорациялары менен атаандаша баштады. Ал тургай күн энергиясы тармагы, электр унааларын өндүрүү

жана сейрек кездешүүчү металлдар сыяктуу айрым тармактарда Кытайдын компаниялары лидерликти тартып ала баштады.

Америка өз үстөмдүгүн жоготуп бараткан көрүнүштөрүнүн бири — өндүрүштүн басымдуу бөлүгүнүн Америкадан чыгып, Кытайга көчүп кетиши болду. Президент Трамп биринчи мөөнөтүндө бажы алымдары аркылуу Кытайга басым көрсөтүүгө аракет кылганда, коронавирус пандемиясы башталып, Америка өз рыногун камсыз кылууда кытай товарларына абдан көз каранды болуп калгандыгы белгилүү болду. Натыйжада Америка кыска мөөнөттө өзүнүн ички рыногунун муктаждыктарын өзү камсыздай албашы айкын болду. Ошондой эле Украинадагы согуш Американын кээ бир курал түрлөрүнүн кампаларын бошотуп койду. Мисалы, Америка көп убакыт мурда өндүрүшүн токтотуп, кампадагы запастарга таянып келген «Жавелин» ракеталары түгөнө баштаганда, бул куралды кайра өндүрүү үчүн мурдагы пенсияга чыккан адистерди издөөгө аргасыз болду.

Бир кезде Америка Эл аралык валюта фонду жана Дүйнөлүк банк аркылуу дүйнөдөгү насыялардын багытын көзөмөлдөп, алсыз мамлекеттердин экономикасына таасир этип турган. Бирок Кытай бул тармакта да ийгиликтүү атаандаш боло баштады. Ал Азия инфраструктуралык инвестициялар банкын түзүп, ири инвестициялар менен белгилүү «Жибек жолу» долбоорун ишке киргизди. Бул долбоор аркылуу көптөгөн мамлекеттерге ири көлөмдө инвестиция салып, аларды Кытай экономикасына көз каранды кылуу коркунучун пайда кылды.

Ал эми Америкада ушундай масштабдагы долбоорду каржылоого жетиштүү ашыкча каражат жок эле. Кытайдын ири инвестициялары Панама каналына, Европага, ал тургай Американын өзүнө чейин жетти. Мындан тышкары, ал Африка менен Азияны оор салмактагы инвестициялар менен каптап, портторду, темир жолдорду, завод-фабрикаларды жана энергия түтүк өткөргүчтөрүн куруп жатты.

Аскерий жактан алганда, Орусия Украинага каршы согушунда Батышка чакырык таштады. Бул болсо Американын каржы мүмкүнчүлүктөрүн жана курал кампаларын олуттуу түрдө азайтты. Америка Орусияга каршы кеңири жана катуу санкцияларды киргизип, алардын катарына орус мунайын экспорттоого тыюу салууну да кошту. Бирок Орусия «көлөкө флот» (теневой флот) деп аталган ыкмага таянып, мунай экспортун улантып, мамлекеттик казынасына каражаттын агылып турушун камсыз кылды. Натыйжада бул каражаттар Украинадагы согушту каржылоону улантууга мүмкүндүк берди.

Эгер Америка дүйнөдө өзөктүк куралдардын жайылышын көзөмөлдөй алабыз деп эсептеп келген болсо, Түндүк Корея Американын Ирак жана Ооганстандагы сазга батканынан пайдаланып, өзүн өзөктүк клубдун жаңы мүчөсү катары көрсөттү. Ошондой эле Америка Орусия менен өзөктүк куралдарды кыскартуу боюнча келишимдерин токтотууга аргасыз болду. Анткени Кытай өзүнүн өзөктүк мүмкүнчүлүктөрүн кеңири масштабда өнүктүрүп жаткан шартта, бул келишимдердин пайдасы калбай калган эле. Башкача айтканда, Кытай улам көбүрөөк өзөктүк курал өндүрүп жаткан учурда Орусияны гана чектөөнүн эч кандай мааниси жок деп эсептеди. Эгер Орусиянын «көлөкө флот» аркылуу америкалык санкциялардан качып, мунай экспортун улантышы чычкан мышыктан качып ойногону сыяктуу болсо, акыркы согуш учурунда Ирандын Ормуз кысыгын жабышы Американын аскерий мүмкүнчүлүктөрүнө жана анын эл аралык деңиз кысыктарындагы үстөмдүгүнө ачык жана олуттуу чакырык болгон мышык менен мышыктын оюнуна көбүрөөк окшош болду. Ошентсе да, бул оюнда америкалык мышык күчтүүрөөк болуп турат. Ал эми Кытайдын дүйнө жүзүндөгү инвестициялары болсо семиз кытай мышыгы менен америкалык мышыктын таймашына окшош.

Жалпысынан алганда, күч айрым мамлекеттерге толугу менен, жарым-жартылай же мурас жолу менен өткөндүктөн, Америка дүйнөдөгү үстөмдүгүн жоготту. Натыйжада бул мамлекеттер өз алдынча туруп, Америкага каршы чыгып, ага чакырык таштай баштashты. Алардын катарына Иран, Түндүк Корея, Кытай жана Орусия кирет.

Эгер үстөмдүк атаандаштарынан өтө чоң аралык менен озуп турган абалды билдирсе жана жөн гана артыкчылыктан алда канча жогору деңгээл болсо, анда бүгүнкү күндө Америка өзүнүн ошол үстөмдүгүн эмес, болгону артыкчылыгын сактап калуу үчүн күрөшүп жатат жана бардык жагдайларда муну дайыма ишке ашыра албай жатат.

Америка ошол учурда жүрүп жаткан окуялар менен согуштар, алардан келип чыккан өтө чоң чыгымдар, мойнуна илинген асман тиреген карыздар жана аскерий ок-дары корунун түгөнүшү аны андан ары оор абалга түртүп жибергенге чейин, өзүнүн эл аралык ордун кантип сактап калуу керектиги жөнүндө ойлоно баштады.

Мына ушул жерде он жылдан ашуун убакыт бою Америка өзүнүн келечектеги багыты боюнча пикир келишпестикке туш болуп, тышкы саясатындагы артыкчылыктар боюнча экиге бөлүндү. Президент Трамп биринчи мөөнөтүндө кызматка келип, климат боюнча келишимден чыккан. Андан кийин демократ президент Байден келип, Американы

кайра ошол келишимге кошту. Кийин Трамп кайра президент болуп келип, Американы дагы бир жолу келишимден чыгарды.

Ушундай эле көрүнүш Американын НАТО ичиндеги европалык союздаштарына жана Ислам аймагына карата саясатында да байкалды. Бул тууралуу Аллах Таала мындай деген:

﴿كُلَّمَا دَخَلَتْ أُمَّةٌ لَّعَنَتْ أُخْتَهَا﴾

***“Бир жамаат кирген сайын өзүнөн мурункуларды каргайт”.*** (Аъраф: 38).

Бул бөлүнүү бара-бара Американын саясий турмушун толугу менен каптады. Анын эң көрүнүктүү мисалдары — миграция саясаты боюнча талаштар, кара түстүүлөргө каршы расизм, ак түстүүлөрдүн ашынган топторунун пайда болушу, Конгресске кол салуу жана президенттик шайлоонун жыйынтыгын таануудан баш тартуу болду. Ошентип, Американын ички бөлүнүшү да ал туш болуп жаткан ири көйгөйлөрдүн дагы бирине айланды. Бул ички көйгөй болгону менен, анын Америка мамлекетинин келечегине, эл аралык аброюна жана тышкы саясатына тийгизген таасири өтө чоң болду.

2025-жылдын башында президент Трамп кайра бийликке кайтып келди. Анын алдында мүмкүн болушунча тез арада чечүүнү талап кылган сан жеткис чоң көйгөйлөр турду. Бул көйгөйлөрдү жана аларды чечүү боюнча анын көз карашын төмөнкүдөй сүрөттөөгө болот:

**Биринчиден:** Трамп Украинадагы согуш Американын көңүлүн Кытайдан Орусияга буруп жибергенин көрдү. Ошондой эле Американын бул согуштун керектөөлөрүнө катышуусу анын курал кампаларын бошотуп, казынасын чыгымга учуратып жатканын, атүгүл Орусия менен түздөн-түз согушка аралашып кетүү коркунучун жаратып жатканын жана Кытайдын өсүшүнө каршы күрөш багытынан алыстап жатканын түшүндү. Бирок ошол эле учурда ал бул согушта Орусияны Кытайдан ажыратуу жана Европаны каржылык жактан алсыратуу мүмкүнчүлүгүн да көрдү.

**Экинчиден:** Трамп яхудий түзүмүнүн Газадагы согушу Ислам аймагындагы коркунучтарды күчөтүп жатканын да көрдү. Бирок ошол эле учурда бул согушту аягына чыгарууга, анын ичинде Ливан, Сирия, Ирак жана Ирандагы майдандарды камтуу менен улантууга аргасыз болду. Ал «кутурган ит» саясаты ийгиликке жетип, Ислам аймагын яхудий түзүмү үчүн жеңил олжого айландырат деген үмүт менен жасады.

**Үчүнчүдөн:** Кытайдын өсүшү уланып жаткандыктан, Трамп протекционисттик саясаты аркылуу Кытайга жана дүйнөнүн башка мамлекеттерине каршы чыгып, оңду-солду бажы алымдарын киргизе

баштады. Ошондой эле өндүрүштү кайра Америкага кайтаруу ниетин жарыялады.

**Төртүнчүдөн:** Ал демократтарды жана америкалык солчул күчтөрдү бутага алып, мигранттарга каршы катуу саясат жүргүздү. Ошондой эле мамлекеттик мекемелерди демократтардан жана өзүнүн саясатына каршы чыккандардан тазалоо үчүн «Өкмөттүк натыйжалуулук башкармалыгын» түздү. Мындан тышкары, Пентагонду жана армияны анын саясатына каршы турган генералдардан тазалоого да киришти.

Мына ушулар Америка жапа чегип жаткан жана аларды чечүү үчүн бардык күчүн жумшап жаткан эң чоң көйгөйлөр болуп саналат. Бирок тереңирээк карасак, Американын көйгөйү булардан алда канча терең экени көрүнөт. Эгер Америкадагы мамлекет менен улут жакшы абалда болгондо, анда бул эл аралык көйгөйлөрдү чечүүгө жана дүйнөдөгү өз ордун сактап калууга жакшы мүмкүнчүлүктөрү болмок. Бирок Америка мамлекети да, аны менен бирге улуту да алсыз абалда. Алар мамлекетке өзүнүн күч булактарын камсыз кылып, эл аралык аренадагы бул оор кыйынчылыктарды жоюуга мүмкүндүк бере турган деңгээлде эмес.

Эгер Советтер Союзунун экономикасы куралдануу жарышына туруштук берүү үчүн жетиштүү ресурстарды камсыздай албай, анын акыркы баскычы болгон Американын «Жылдыздар согушу» программасына каршы тура албай калган болсо, (ошондуктан Орусия Горбачёвдун реформаларын кутулуу жолу катары тандаган, бирок ал жол мамлекетти улам төмөн карай сүйрөп кеткен) бүгүн Америка да ушуга окшош кыйын кырдаалга туш болуп турат.

2025-жылы Американын мамлекеттик кирешеси 5 триллион долларды түзгөн. Бирок анын ичинен 38 триллион доллардан ашкан мамлекеттик карыздын пайыздарына кызмат көрсөтүү үчүн 1 триллион доллардан ашык каражат төлөндү. Мындан тышкары, социалдык камсыздоо программалары аркылуу пенсионерлерге 1,6 триллион доллар, саламаттыкты камсыздандыруу программаларына дээрлик 2 триллион доллар жана коргонуу чыгымдарына (Пентагондун бюджети) болжол менен 1 триллион доллар сарпталды. Андан кийин өкмөттүн калган чыгымдары да каржыланды.

Натыйжада Америка 2025-жылдын өзүндө дагы 1,8 триллион доллар жаңы карыз алууга аргасыз болду. Карыз жыл сайын көбөйүп, анын үстөк пайыздары да өсүүдө. АКШнын мурдагы улуттук коопсуздук боюнча кеңешчиси Жон Болтон бул абалды улуттук коопсуздук үчүн өтө чоң коркунуч деп мүнөздөгөн.

Америка өз абалын оңдошу үчүн сөзсүз түрдө кирешелерин көбөйтүшү керек. Муну салыктарды жогорулатуу аркылуу ишке ашырууга болот. Бирок мамлекеттердин экономикасы салыктардын

көбөйүшүнө өтө сезимтал болот. Ошондуктан Америка өз компанияларына карата салыктарды көбөйтсө, ал компаниялар Кытай сыяктуу чет өлкөлөргө көчүп кетиши мүмкүн.

Америка капиталисттик мамлекет болгондуктан, андагы саясатчылар капитал ээлеринин кызыкчылыктарына кызмат кылышат. Ал эми бул капитал ээлери салыктардын азайтылышын каалашат. Алардын Америкада Конгресстин төрагасына, анын мүчөлөрүнө жана чечим кабыл алуучуларга таасир этүүчү ар кандай лоббилери бар. Ошондой эле алардын өкмөткө да олуттуу таасири бар. Мунун мисалдарынын бири — президент Трамп Американын эң ири капиталисттеринин бири, электр унааларын чыгарган «Tesla» компаниясынын, ракета жана космостук аппараттарды чыгарган «SpaceX» компаниясынын ээси жана «Starlink» интернет тармагын камсыз кылган спутниктердин кожоюну Илон Маскты Өкмөттүк натыйжалуулук башкармалыгынын жетекчилигине дайындаганы болду. Бул кызматтагы анын жетишкендиктеринин бири Пентагондогу бир катар жогорку жетекчилерди кызматтан алып, алардын ордуна өзүнө жакын адамдарды дайындоо болду. Бул болсо Пентагон менен миллиарддаган долларлык келишимдерди түзүүнү жеңилдетти. Бул дайындоодон бир жыл өткөндөн кийин Илон Маск Иран менен болгон согуш учурунда маалымат берип турган «Starlink» тармагынын кызмат акысынын баасын бир нече эсеге көтөрүүнү талап кылды. Бул жаңы баа согушка чейин макулдашылган суммадан беш эсе жогору болгон. Бүгүнкү күндө Илон Маск бир эле жолу 80 миллиард доллар тартуу үчүн «SpaceX» компаниясынын акцияларын ачык сатууну сунуштады. Мындан тышкары, ал электр унааларына байланыштуу салыктарды жеңилдетүүнү талап кылып, атаандаш компанияларды колдогон мамлекеттик программаларды, анын ичинде «Ford» автоунаа компаниясына берилген колдоолорду токтотууну жактап келет. Натыйжада бүгүнкү күндө маалымат каражаттары Илон Маск дүйнөдөгү биринчи триллионер, башкача айтканда триллион долларлык байлыкка ээ болгон биринчи адам катары жарыяланышы айтылууда.

Бул окуя — Американын капитал ээлери мамлекеттин ресурстарын талап-тоноп жаткан күн сайын кайталанган көптөгөн окуялардын бири гана. Андан тышкары, мыйзамдардын өзү да аларга америкалык элди талап-тоноону жеңилдетип берет.

Жалпысынан алганда, Американын ири компаниялары төлөгөн салыктар аз болгондуктан, өкмөттүн кирешеси да азаят. Муну эч бир америкалык президент толук өзгөртө албайт. Анткени ар бир президент ар кандай себептерден улам айрым компаниялардын кызыкчылыгын коргоп, башкаларын четке кагып келет. Бул себептердин бири —

Американын ички саясий бөлүнүүсү. Мисалы, демократ президент Байдендин саясаты демократтарды колдогон технологиялык компанияларга пайдалуу болуп, республикачыларды колдогон энергетикалык компанияларга кысым көрсөттү. Бул көрүнүш Американын ички бөлүнүүсүн дагы да күчөткөнү аз келгенсип, мамлекет компанияларга эмес, тескерисинче компаниялар мамлекетке кызмат кылган абалга өтүшү Американын саясий системасында мүмкүн эмес нерсе болуп эсептелет. Себеби Америкадагы капитал ээлеринин таасири өтө күчтүү, ал эми саясатчылар менен саясий партиялар шайлоону каржылоо жана жеңишке жетүү үчүн ушул компаниялардын каржылык колдоосуна көз каранды.

Жалпысынан алганда, Америкадагы ири компаниялардан түшкөн салык кирешеси азайып келет. Алсак, 2015-жылы корпоративдик салыктар өкмөттүн жалпы кирешесинин 11%ын түзсө, 2020-жылы бул көрсөткүч 6%га чейин түшкөн.

2020-жылдан кийин бул үлүш бир аз көбөйгөнү менен, бул компанияларга салыктын жогорулашынан болгон жок. Тескерисинче, технологиялык компаниялардын капиталынын өтө чоң өсүшүнөн улам болду. Башкача айтканда, бул аларга америкалык элди жана дүйнөнү талап-тоноо мүмкүнчүлүгүнүн дагы да кеңейишинен келип чыккан. Мисалы, жогоруда айтылган Илон Масктын байлыгы 2015-жылы 13 миллиард доллар болсо, 2020-жылы 170 миллиард долларга жеткен. Ал эми бир нече жума мурун анын байлыгы 800 миллиард доллар деп бааланып, андан бир нече күн өткөндөн кийин 1 триллион долларга жеткен.

Бул байлыктын негизги бөлүгү мамлекеттик келишимдерден (башкача айтканда, америкалыктардын салык акчаларынан), ошондой эле анын компанияларынын Америкадагы жана дүйнө жүзүндөгү ири кирешелеринен жана ошол компаниялардын акцияларынын баасы өсүшүнөн топтолгон.

Мамлекеттин үстүнөн компаниялардын үстөмдүгүнүн дагы бир мисалы — курал-жарак компаниялары. Алар Американын Коргоо министрлигине (Пентагонго) курал-жарак жеткирүү боюнча келишимдерден тышкары, мамлекетти дүйнөнүн ар кайсы жерлеринде согуштарды тутандырууга түртүшөт. Анткени согуштар көбөйгөн сайын алардын куралдарына болгон суроо-талап өсүп, кирешелери дагы көбөйөт. Курал-жарак компанияларынын мамлекетти талап-тоноосунда көңүл бурууга тийиш болгон маанилүү жагдайлардын бири — алар саткан куралдар дайыма өтө кымбат болот. Атүгүл кээде баасы миң долларлык жөнөкөй ракетаны атып түшүрүү үчүн баасы бир миллион долларлык тосуп алуучу ракета колдонулат. Жалпысынан алганда,

америкалык армия колдонгон аскердик техниканын баасы жана учактарды, танктарды жана башка куралдарды тейлөө боюнча компаниялар көрсөткөн кызматтардын акысы дүйнөдөгү окшош кызматтарга караганда бир нече эсеге кымбат. Бул сөзсүз түрдө америкалык куралдар башкалардан алда канча мыкты болгондуктан эмес, (америкалыктар ушундай деп үгүт жүргүзгөнүнө карабастан) курал-жарак компаниялары Пентагон менен түзгөн келишимдеринен түшкөн кирешелерин ар кандай кыйыр жолдор менен дайыма көбөйтүүгө аракет кылышкандыктан ушундай болуп келет. Алардын Пентагондогу жооптуу кызматтарда турган адамдары мамлекетти ушул өтө жогорку бааларды кабыл алууга дайыма түртүп турушат.

Мисалы, 2025-жылы Пакистан армиясы колдонгон кытай учактары Индиянын учактарына каршы жакшы натыйжа көрсөттү. Ошол эле учурда алардын баасы америкалык окшош учактарга караганда кыйла төмөн болгон. Америка өзүнүн куралдарынын сапаты жана натыйжалуулугу тууралуу канчалык үгүт жүргүзбөсүн, бул алардын өтө жогору баасына туура келе бербейт. Анткени баасы арзан орус куралдары Украина колдонгон кымбат америкалык куралдарга татыктуу деңгээлде каршы тура алганын көрүүгө болот. Ушундай эле көрүнүш мамлекеттик келишимдерге көз каранды болгон башка америкалык ири компанияларга да тиешелүү. Алардын катарына ири дары-дармек компаниялары, анын ичинде «Кох» бир туугандарына таандык компаниялар да кирет. Алар мамлекеттик программалардан, мисалы, медициналык камсыздандыруу программаларынан чоң пайда көрүп, кирешелерин улам көбөйтүп келишет.

Американын капиталисттик системасынын көйгөйүнүн дагы башка жактары да бар. Акыркы отуз жыл ичинде компаниялардын ийгилиги жана өсүп жаткан кирешелери негизинен технология тармагында, ошондой эле акциялар рыногунда, өзгөчө Уолл-стритте жана жалпы каржылык соода секторунда топтолду. Бул болсо америкалыктардын, айрыкча жаштардын аң-сезиминде өндүрүшкө каршы жаңы түшүнүктүн пайда болушуна алып келди. Алар оор эмгекти талап кылган тармактарда иштөөнү каалашпайт жана тез байып кетүүнү кыялданышат. Анткени өндүрүштөн түшкөн пайда, адатта, акырындык менен келет. Ал эми акциялардан түшкөн киреше жаш адамды кыска убакыттын ичинде жакырлыктан байлыкка чыгарышы мүмкүн. Башкача айтканда, америкалыктар өндүрүштөн алыстап, анын түйшүгүн жактырбай, тез киреше табууну эңсешет. Бул түшүнүк бүгүнкү Американын алсыроо үрөөнү коомго ашыкча жыргалчылык сепкенин көрсөтөт. Бүгүнкү күндө ушул көз караш жана оор эмгектен баш тартуу Америка үчүн өндүрүштү кайра жандандырууга жана Кытайга болгон

көз карандылыктан арылууга чоң тоскоолдук болуп калды. Ашыкча жыргалчылыктын дагы бир көрүнүшү — Америка өкмөтүнүн өз жарандарынын социалдык камсыздоосу жана саламаттыкты сактоо боюнча алган милдеттенмелери. Бул чыгымдар аскердик чыгымдар (Пентагондун бюджети) менен кошулганда, Американын мамлекеттик кирешесинин 80%ын сарптап жатат.

Көйгөйдүн дагы бир тарабы — токтобогон инфляция. Америкадагы бул инфляциянын эки негизги себеби бар.

**Биринчи себеп — риба.** Америкадагы инвестициялык долбоорлордун көпчүлүгү кредитке негизделген. Банктар болсо акчаны үстөк пайыз менен беришет. Натыйжада америкалык өндүрүүчү чыгарган товар же көрсөткөн кызматтын баасы, негизинен, жыл сайын банкка төлөнүүчү рибанын көлөмүнө жараша кымбаттап турат. Дал ушул риба Американын негизги милдеттеринин бири инфляцияны 2% деңгээлинде кармап туруу экендигин түшүндүрөт.

**Экинчи себеп** — АКШнын Федералдык резерв системасынын акча-насыя саясаты. Ал пайыздык ченди (рибаны) көтөрүү же төмөндөтүү аркылуу жүргүзүлөт. Ошондой эле жаңы долларларды электрондук эсептер аркылуу же Федералдык резерв системасы түзгөндөн кийин Казына министрлиги басып чыгарган кагаз доллар аркылуу жүгүртүүгө чыгаруу да ушул саясаттын бир бөлүгү болуп саналат. Жаңы доллар канчалык көп чыгарылса же Федералдык резерв системасы пайыздык ченди канчалык төмөндөтсө, доллардын товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр алдындагы наркы ошончолук төмөндөйт, натыйжада алардын баасы өсөт. Американын Федералдык резерв системасы (борбордук банк) мамлекеттик мекеме эмес. Тескерисинче, ал аралаш түзүм болуп саналат. Аймактык федералдык резерв банктарынын мүчөлөрү болгон жеке банктар ушул борбордук резерв системасынын бир бөлүгүн түзүшөт, ал эми өкмөт анын Башкаруучулар кеңешин дайындайт. Демек, насыя берүүдөн түшкөн киреше бир эле учурда жеке коммерциялык банктарга да, Казына министрлигине да таандык болот. Башкача айтканда, бул система жеке сектор менен өкмөттүн ортосунда бөлүштүрүлгөн. Дал ушул америкалык көйгөй капиталисттик түзүмдүн бузукулугунун өзөгүн түзөт. Анткени жеке сектор Федералдык резерв системасы аркылуу жаңы долларларды чыгарууда кыйыр түрдө болсо да чоң рол ойнойт. Бул мамлекеттин гана эмес, ошондой эле валютанын наркы, мамлекеттик облигациялар рыногу жана пайыздык чендер менен өз кызыкчылыгы үчүн ойногон капитал ээлеринин да пайдасына кызмат кылат.

Жыйынтыгында Америкадагы капитал ээлери мыйзамдын негизинде мамлекеттин мүмкүнчүлүктөрүн талап-тоношот. Эгер алардын

кызыкчылыгына ылайык мыйзам жок болсо, Конгресске басым жасаган өздөрүнүн лоббилери аркылуу ошол мыйзамды чыгарышат. Ошондой эле алар риба аркылуу, мамлекеттик келишимдер аркылуу жана башка көптөгөн жеңилдиктер аркылуу америкалык элди талап-тоношот. Мындан тышкары, бүтүндөй дүйнөнү да талап-тоношот. Ушунун натыйжасында капитал ээлеринин байлыгы улам өсүп жатканда, мамлекеттин өзүнүн эл аралык саясатын жүргүзүүгө жана согуштарын каржылоого жумшай ала турган ресурстары тынымсыз азайып барууда.

(уландысы бар...) ❑

# САНАРИПТИК ВАЛЮТАЛАР АДАМДАРДЫН АМАНАТТАРЫН ТАЛАП-ТОНООНУ УЛАНТУУ ЖАНА КАРЖЫЛЫК ҮСТӨМДҮКТҮ БЕКЕМДӨӨ

**Абдулхалим Аль-Хурани**

## Биринчиден: аманаттарды тымызын талап-тоноо

Бул доордун ууруларына эми адамдардын акчасын талап-тоноо үчүн беткапка да, куралга да муктаждык жок болуп калды. Анткени заманбап каржы системасы бул милдетти адамдардын аманаттарын акырындап кемитүү үчүн кылдат иштелип чыккан жашыруун механизм аркылуу өзү аткарууда. Биз бүгүн «программалаштырылган акча инфляциясы» деп аталган чыныгы көйгөйгө туш болуп жатабыз. Ал убакыт өткөн сайын банктагы эсебиңиздеги, аманатыңыздагы же кирешеңиздеги чоң сандарды баштапкы сатып алуу жөндөмүнөн ажыраган жөн гана сандарга айлантат.

Адам өзүнүн акчалай аманатын келечегин жана үй-бүлөсүнүн келечегин камсыздап жатам деп ойлоп, көп жылдар бою сактаганда, чындыгында убакыт менен утулчу күрөштү жүргүзүп жаткан болот. Анткени ошол мезгил аралыгында анын аманатынын сатып алуу жөндөмү тынымсыз төмөндөйт. Бул негизги товарлардын жана активдердин бааларынын үзгүлтүксүз кымбатташы аркылуу көрүнөт. Натыйжада адамдар өз эмгеги менен тапкан байлыгынын чыныгы наркынан ажырап калганын көрүшөт. Демек, банктагы санариптик калдыгыңыздын ондогон жылдар бою өзгөрүүсүз турушу экономикалык жактан алып караганда, чыныгы сатып алуу жөндөмүңүздүн болжол менен 85%ын жоготконуңузду билдирет. Акча абага жок болуп кетпейт, тескерисинче, кыйыр жолдор аркылуу өз наркын жоготот. Ал эми бул нарк ушул түзүмдүк кемчиликтен пайда көргөн башка тараптардын чөнтөгүнө өтөт. Мындан да кооптуусу, акыркы учурдагы «борбордук банктардын санариптик валюталарына» өтүү бул кооптуу багытты оңдоо үчүн эмес, акыркы элүү жылдан бери уланып келген бул системалуу талап-тоноону дагы да ылдамдатуучу жана ага кеңири технологиялык мыйзамдуулук берүүчү жаңы курал болуп саналат. Ошондуктан бул жийиркеничтүү каржы системасынын механизмдерин аңдап түшүнүү зарыл. Бул андан кутулуу жана анын ордуна адамдардын мал-мүлкүн коргоп, көбөйтө турган чыныгы каржы системасын орнотуу жолундагы биринчи коргонуу чеби болуп саналат.

## Экинчиден: акча кантип өздүк нарктан кагаздагы элеске айланды

Азыркы каржы системасынын кыйрашы кокустуктан келип чыккан жок. Ал кылымдар бою пландуу жүргүзүлгөн өзгөрүүлөрдүн натыйжасы болду. Бул өзгөрүүлөрдүн жүрүшүндө акча менен анын

чыныгы наркынын ортосундагы байланыш акырындык менен үзүлдү. Адамзат дээрлик төрт миң жыл бою алтын менен күмүштү акчанын негизги негизи катары колдонуп келген. Ал доор бул металлдардын саясий каалоолорго же бузулууга көз каранды болбогон өз алдынча өздүк наркка ээ болгондугу себептүү туруктуу акча системасы менен айырмаланган.

Кийин түзүмдүк четтөө XVII кылымда Европада башталган. Адамдар алтынды ташып жүрүүнүн ордуна ыңгайлуу альтернатива катары кагаз квитанцияларды колдонууга көнүп калышкан. Убакыт өткөн сайын акча алмаштыруучулар аманатчылардын өтө аз бөлүгү гана бир убакта өзүнүн алтынын талап кыларын байкашып, мындан пайдаланып, кампаларындагы чыныгы алтындын көлөмүнөн алда канча көп квитанцияларды чыгара башташкан. Мына ушундайча «жарым-жартылай резерв системасы» пайда болуп, жок жерден акча жаратуу башталган.

Убакыт өткөн сайын бул система өнүгүп, расмий банктар түзүлдү. Дүйнөнүн валюталары негизги таяныч катары АКШ долларына байланыштырылды. Доллар бир унциясы 35 доллар деген туруктуу баа менен алтынга байланыштырылган болчу. Бул 1944-жылы Экинчи дүйнөлүк согуштагы союздаш мамлекеттердин 44 өлкөсүнүн өкүлдөрү тарабынан түзүлгөн Бреттон-Вудс келишиминин негизинде ишке ашкан.

1950-жылдары Америка алтындын негизги ээси болгондуктан жана дүйнө долларга ишенгендиктен, система туруктуу иштеп турган. Бирок 1960-жылдардын ортосунда Америка Вьетнам согушуна жана ири ички чыгымдарга аралаша баштады. Бюджеттик тартыштыкты каржылоо үчүн салыктарды көтөрүүнүн ордуна, АКШ өзүндө болгон алтындын көлөмүнөн алда канча көп доллар басып чыгара баштады.

Муну байкаган Европа өлкөлөрү өздөрүндөгү ашыкча доллардардын ордуна Америкадан алтын берүүнү талап кылышты. Натыйжада ошол кездеги АКШ президенти Никсон 1971-жылы бул туңгуюктан чыгуу үчүн долларды алтынга алмаштыруу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарганын жарыялады. Бул чечим менен миңдеген жылдарга созулган алтынга негизделген чыныгы акча тарыхы аяктап, дүйнөнүн бардык акчалары «мажбурий валюталарга» айланды. Алар эч кандай чыныгы актив менен камсыздалбаган, чексиз көлөмдө басылып чыгарыла турган жөн гана кагаздар жана сандар болуп калды.

Ошондон кийин доллардын алтынга карата наркы тездик менен төмөндөй баштады. Доллардын чыныгы сатып алуу жөндөмүн алтын менен эсептегенде, ал ошол убактан бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн баштапкы наркынын 98%дан ашыгын жоготкону көрүнөт.

Экономикалык жактан бул акыркы жарым кылым ичинде акчалай аманатын сактап келген ар бир адам өз байлыгынын олуттуу бөлүгүн унчукпай жана системалашкан механизм себептүү жоготконун билдирет.

**Үчүнчүдөн: бүгүнкү күндө акчаны чыгаруу механизмдери жана нарктын тымызын төмөндөшү**

Бүгүнкү күндөгү каржы системасынын түзүмү өтө татаал болуп, ал жалпы эл түшүнгөндөн таптакыр башка механизмдер аркылуу башкарылат. Көпчүлүк адамдар банктарды жөн гана өз акчасын коопсуз сактоочу жай деп ойлошот. Бирок жалпыга белгисиз болгон бир механизм бар. Ал «акча мультипликатору» (Money Multiplier) деп аталат.

Кардар банкка белгилүү бир суммадагы акчаны салганда, банк ал акчаны чындыгында сактап койбойт. Тескерисинче, анын өтө аз бөлүгүн гана — болжол менен 10%ын (өлкөнүн мыйзамына жараша) жарым-жартылай резерв катары калтырып, калган негизги бөлүгүн (90%ын) башка кардарга насыяга берет.

Ал кардар болсо алган насыясын кайра банк системасына киргизет. Натыйжада бул айлампа кайрадан башталат: карыз алуучу алган сумманын 90%ын өз эсебине салат, банк анын дагы 10%ын гана резерв катары калтырып, калган 90%ын кийинки карыз алуучуга насыяга берет. Бул процесс ушундай эле тартипте улана берет. Мындай кайра-кайра кайталанган айлануу натыйжасында эсеп боюнча 10 миң акча бирдиги кагаз жүзүндө 100 миңге чейин насыя катары көбөйөт. Бул болсо акча массасынын 90%ы толугу менен жок жерден, кредит берүү жана акча мультипликатору аркылуу жаралганын билдирет.

Ири борбордук банктар жана эл аралык каржы мекемелери (мисалы, Эл аралык валюта фонду жана Эл аралык эсептешүүлөр банкы) тарабынан жарыяланган маалыматтарга жана мезгилдүү отчетторго ылайык, бүгүнкү күндө дүйнөдөгү колго кармалуучу накталай акчанын жалпы көлөмү болгону 8 триллион долларды түзөт. Ал эми «кеңири акча массасынын» (банктык аманаттар жана эсептердеги жазуу жүзүндөгү каражаттар) көлөмү 150 триллион доллардан ашат. Бул өтө чоң айырма чыныгы материалдык негизи жок элестүү ликвиддүүлүктү билдирет. Эгерде бардык аманат коюучулар бир күндө өз акчаларын накталай алып кетүүнү чечишсе, анда система бул кагаз жүзүндөгү байлыктын 95%ын төлөп бере албай калмак.

Мындай чексиз кеңейген акча массасы инфляциянын түздөн-түз себеби болуп саналат. Анткени өндүрүш менен камсыздалбастан рынокко киргизилген ар бир жаңы акча бирдиги мурдагы акча бирдиктеринин сатып алуу жөндөмүн сөзсүз кемитет.

Сандар менен айтканда, эгер 100 миң акча бирдиги орточо жылдык инфляциясы 5% болгон шартта сакталса, анда анын чыныгы наркы болгону он жылдын ичинде болжол менен 60 миңге чейин төмөндөйт. Эсептердеги сан өзгөрүүсүз бойдон калганы менен, анын наркынын (сатып алуу жөндөмүнүн) 40%ы жоголот. Ал нарк болсо эл байкабастан жаңыдан чыккан ликвиддүүлүктү биринчи болуп алган тараптарга, мисалы, өкмөттөргө жана ири банктарга өтүп кетет.

**Төртүнчүдөн: санариптик валюталар жана системалуу талап-тоноонун уланышы**

Акыркы мезгилде дүйнө жүзүндө санариптик валюталар технологиялык революция жана учурдагы системаны оңдоочу каражат катары тездик менен жайылтылып жатат. Бирок алардын маңызын жана иштөө механизмдерин кылдат карап чыксак, алар жок жерден акча чыгаруу процессин дагы да тездеткен жана акчанын сатып алуу жөндөмүнүн төмөндөшүн кеңейткен жаңы ыкма гана болуп саналат.

Бул мейкиндик өздүк нарктын жоктугу жагынан бири-бирине окшош болгон санариптик валюталардын үч түрүн камтыйт.

**1. Борбордук банктардын санариптик валюталары (CBDCs)**

Булар салттуу мыйзамдуу валюталардын түздөн-түз санариптик уландысы болуп саналат (мисалы, санариптик юань жана 2025-жылы мыйзамдык жактан толук бекитилген санариптик рубль). Ошондой эле жакынкы убакка чейин Трамп тарабынан жайылтылып келген санариптик доллар да ушуга кирет.

Бул санариптик валюталар борбордук банктар тарабынан мамлекеттик чечимдин негизинде программалык жол менен чыгарылып, мамлекеттердин борбордук банктарынын алкагында иштелип чыгат. Алар эки системанын бири боюнча түзүлүшү мүмкүн:

- жеке инсандыгын тастыктаган эсептер системасы
- же шифрленген санариптик капчыктар системасы.

Бул эки системаны түшүндүрүү үчүн:

Санариптик валюталардын «жеке инсанга байланыштуу» түрү:

Бул түрү иштөө жагынан салттуу банк эсептерине абдан окшош. Бирок айырмасы — сиздин эсебиңиз түздөн-түз борбордук банкта болот. Ал эми эсептеги валюта эсеп ээсинин инсандыгы менен байланышкан болот. Мисалы, аты-жөнү, өздүгүн тастыктаган номери же биометрикалык маалыматы (манжа изи сыяктуу) менен байланыштырылат.

Бул каражат аркылуу жүргүзүлгөн бардык аракеттерди, мисалы, акча которууну же сарптоону көзөмөлдөөгө болот. Сиз башка адамга акча которгондо, система адегенде сиздин өздүгүңүздү текшерет. Андан кийин каражат сиздин эсебиңизден чыгарылып, алуучунун өздүгү да

текшерилген соң анын эсебине өткөрүлөт. Ошентип, бул акчанын электрондук изи жаңы ээсинин өздүгү менен байланыштырылат.

Муну банктык чекке окшоштурууга болот: ал чек аты-жөнү, инсандыгы жана колу дал келген учурда гана накталай акчага айландырылып же колдонулушу мүмкүн.

Ал эми токенге негизделген санариптик валюталар (Token-Based):

Бул түрү чөнтөгүңүздөгү кагаз накталай акчага окшош, бирок электрондук капчыктагы санариптик формада болот. Бул жерде нарк шифрленген санариптик токенде (Token) сакталат. Ал Ethereum, Tron же Solana сыяктуу ачык блокчейн тармактары аркылуу иштейт. Бул системада «сиз ким экениңиз» маанилүү эмес. Негизги маселе — бул токен чыныгыбы же жасалмабы дегенди текшерүү.

Сиз башка адамга төлөм жүргүзгөндө, санариптик токенге болгон менчик укугу дароо сиздин электрондук капчыгыңыздан анын капчыгына өтөт. Бул үчүн система алдында өздүгүңүздү ачыктоонун зарылдыгы жок. Бул бирөөгө 10 долларлык банкнотту колуна карматкандай болот.

Текшерүү сиздин электрондук капчыгыңыздагы шифрлөө ачкычтары (ачык жана купуя ачкычтар) аркылуу жүргүзүлөт. Муну белек карталарына (Gift Cards) окшоштурууга болот. Ким картага ээ болсо, ошол аны менен дароо сатып алуу жүргүзө алат. Дүкөн анын ким экенин сурабайт. Эң негизгиси — карта жарактуу болуп, ичинде каражат болушу керек.

Бул валюталардын эки түрү тең эки баскыч аркылуу чыгарылып жана жүгүртүүгө киргизилет.

Биринчи баскыч — ири көлөмдө банктарга берүү. Бул мамлекеттик облигациялар сыяктуу активдердин ордуна жүргүзүлөт.

Экинчи баскыч — жеке адамдарга бөлүп таратуу. Бул электрондук тиркемелер аркылуу ишке ашырылып, түздөн-түз борбордук банкка байланыштуу болот.

Мындай байланыш мамлекетти бул валюталардын номиналдык наркынын кепилдиги кылат. Бирок ошол эле учурда мамлекетке «акчаны программалык башкаруу жана багыттоо» ыйгарым укугун берет. Мисалы, каражатты белгилүү бир мөөнөттө гана пайдаланууга шарт коюу же соттук жол-жоболорсуз эле эсептерди дароо тоңдуруу мүмкүнчүлүгүн түзөт. Натыйжада бул каржылык купуялуулукту толугу менен жокко чыгарат.

Эгер борбордук банк терс пайыздык ченди киргизсе же коомду көбүрөөк керектөөгө мажбурлоо үчүн эсептерден түздөн-түз каражат кармап калса, жарандардын мындан качып кутулуу мүмкүнчүлүгү болбой калат. Мындай түрдөгү акчанын көлөмү азырынча дүйнөдөгү

жалпы акча массасынын өтө аз бөлүгүн түзөт. Анткени азыркы учурда дүйнө жүзүндө анын жүгүртүүдөгү көлөмү 4 миллиард доллардан ашпайт. Мунун негизги себеби — калктын бул түрдөгү валютаны кеңири кабыл албоосу. Бирок мамлекеттик колдоонун натыйжасында бул көрсөткүч жакынкы 10 жылдын ичинде болжол менен 500 миллиард долларга жетет деп күтүлүүдө.

**2. Туруктуу санариптик валюталар (Stablecoins)**

Бул санариптик акча системасынын дагы бир тармагы. Алар да жогоруда айтылгандай санариптик валюталар, бирок борбордук банктар тарабынан эмес, жеке компаниялар жана мекемелер тарабынан чыгарылат. Алардын эң белгилүүлөрү — USDT чыгарган Tether жана USDC чыгарган Circle компаниялары. Учурда бул валюталардын көпчүлүгү мурда айтылган токен (Token) системасынын негизинде чыгарылат.

Алардын негизги идеясы — компаниялар долларга 1:1 катышында байланыштырылган «санариптик активдерди» сунуштайт. Компаниялар мындай валюталардын наркы чыныгы АКШ долларларынын жана мамлекеттик казына облигацияларынын резервдери менен камсыздалганын билдиришет. Бул процесс көбүнчө ири соода платформасы же чоң каржы мекемеси болгон кардардын өзүнүн салттуу акчасынын бир бөлүгүн сооданы жеңилдетүү үчүн санариптик дүйнөгө өткөрүүнү каалашынан башталат. Мисалы, кардар өзүнүн кадимки банк эсебинен 100 миллион чыныгы АКШ долларын түздөн-түз Tether сыяктуу эмитент (иштеп чыгуучу) компаниянын банктык эсебине которот.

Компаниянын системасы бул чыныгы долларлар келип түшкөнүн жана алардын жарактуулугун тастыктаары менен, блокчейн тармагында дароо «minting» («соккулап чыгаруу») деп аталган программалык буйрукту ишке киргизет. Натыйжада ошол банк эсебине түшкөн долларларга дал келген 100 миллион жаңы санариптик токен жок жерден чыгарылат. Андан кийин компания бул жаңы санариптик токендерди түздөн-түз кардардын шифрленген электрондук капчыгына жөнөтөт. Кардар аларды криптовалюта дүйнөсүндө кабыл алып, аларды жүгүртүүгө чыгара баштайт же платформалар аркылуу жөнөкөй адамдарга сатат. Ушундайча өткөрүп берүү процесси аяктап, кардар санариптик көрсөткүчтөрү аркылуу салттуу акча системасынан бөлүнүп калат.

Ал эми процесстин көрүнбөгөн тарабында компания активдерди сактоо жана башкаруу ишин жүргүзө баштайт. Ал өзүнүн банктык эсебине түшкөн миллиондогон чыныгы долларларды жөн эле кыймылсыз кармап койбойт. Тескерисинче, алардын аз гана бөлүгүн

күтүлбөгөн акча кайтарып алуу талаптарын жабуу үчүн накталай резерв катары калтырат. Калган негизги бөлүгүнө болсо дароо каржы рыногунан АКШнын кыска мөөнөттүү мамлекеттик казына облигацияларын сатып алат. Бул облигациялар компаниянын атына катталып, санариптик валютанын наркын камсыздоочу мыйзамдуу жабуу жана резервдик актив катары сакталат. Ошол эле учурда алар компанияга өтө чоң киреше жана пайыздык түшүм алып келет. Ал эми экинчи тараптагы кардар болсо өзүнө эч кандай киреше алып келбеген жөн гана санариптик токендерди жүгүртүү менен гана чектелет.

Каржылык маалыматтар бул механизмден алынган өзгөчө чоң кирешелерди көрсөтүп турат. Tether компаниясынын өзү эле 2024-жылы 13 миллиард доллар таза киреше тапкан. Ал эми 2025-жылдын акыркы чейрегинде анын кирешеси 10 миллиард доллардан ашкан.

Ошондой эле компания 141 миллиард долларлык АКШнын мамлекеттик облигацияларына ээ болуп, америкалык мамлекеттик карызды кармоонун көлөмү боюнча Германия сыяктуу ири мамлекеттерден жана экономикалардан да ашып түшкөн. Бүгүнкү күндө бул сектордун дүйнөлүк көлөмү болжол менен 250 миллиард долларга жетет. Ал эми жакынкы он жылдын ичинде анын көлөмү 1,5 триллион долларга чейин өсөрү күтүлүүдө.

Бул өтө чоң санариптик суроо-талап АКШ Конгресси белгилеген мамлекеттик карыздын чегин айланып өтпөйт. Тескерисинче, ал система үчүн «жеңилдетүүчү жана убактылуу басаңдатуучу каражат» катары кызмат кылат. Анткени ал АКШнын мамлекеттик карызына болгон суроо-талапты көбөйтүп, пайыздык чендерди төмөндөтөт. Мунун натыйжасында АКШнын администрациясы карыз алуу жана инфляцияга негизделген саясатын узагыраак убакыт улантууга мүмкүнчүлүк алат.

Кардарлардын жана ири каржы мекемелеринин мындай туруктуу санариптик долларларды кадимки банктык учурдагы эсептерден артык көрүшү алар салттуу банк системасынын чектөөлөрүнөн бошонууну каалагандыктары себебинен болуп жатат. Бул аларга кадимки банктар сунуштай албаган үч стратегиялык артыкчылык берет.

Бул артыкчылыктардын биринчиси — өтө жогорку ылдамдык жана сутка бою үзгүлтүксүз иштөө. Салттуу банктар белгиленген иш убактысы менен гана иштейт, дем алыш күндөрү жабык болот. Ал эми SWIFT системасы аркылуу жүргүзүлгөн эл аралык которуулар ортомчу банктар аркылуу өткөндүктөн бир нече күнгө созулат жана жогорку комиссияларды талап кылат. Ал эми бул санариптик валюталар аркылуу жүз миллиондогон долларларды өлкөлөр аралык бир нече секунддун ичинде, болгону бир нече долларлык чыгым менен жана

жылдын бардык күндөрүндө, күн-түн дебей, каалаган убакта которууга болот.

Экинчи артыкчылык — криптовалюталар жана жасалма интеллект чөйрөсүндө эркин иш алып баруу мүмкүнчүлүгү. Бул туруктуу санариптик валюталар санариптик жана борбордон ажыратылган соода платформалары менен каржы рынокторунун «негизги күйүүчү майы» болуп саналат. Кардар учурдагы салттуу банктык эсеп аркылуу криптовалюталарды сатып ала албайт же мындай рыноктордогу тез пайда болгон инвестициялык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалана албайт. Анткени мындай эсеп ар бир операция үчүн татаал текшерүүлөрдү жана өзүнчө уруксаты талап кылат. Ошондуктан кардарга блокчейн тармактары иштеген ошол эле программалоо тилинин негизинде иштеген туруктуу санариптик валюта керек болот.

Үчүнчү жана эң негизги артыкчылык — түздөн-түз көзөмөлдөн жана эсептердин тоңдурулуп калуу коркунучунан белгилүү деңгээлде коргонуу.

Кадимки банктык эсептер жергиликтүү мыйзамдардын, банктык талаптардын жана соттук же саясий чечимдердин түздөн-түз көзөмөлүндө турат. Натыйжада ар кандай жөнгө салуучу себептер менен эсептеги каражаттар дароо тоңдурулуп калышы мүмкүн. Ал эми туруктуу санариптик долларлар кардарга белгилүү бир деңгээлде өз алдынчалуулукту берет. Анткени аларды өзүнүн жеке электрондук капчыгына чыгарып алгандан кийин, каражаттар түздөн-түз анын көзөмөлүнө өтөт жана салттуу банктык көзөмөлдөн тышкары болот. Бул ага ар бир которуу же чыгым боюнча дайыма түшүндүрмө берүүгө муктаж болбостон, каражаттарын эркин которууга жана пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет.

### 3. Борбордон ажыратылган криптовалюталар

Бул санариптик мейкиндикте борбордон ажыратылган криптовалюталар, алардын башында биткойн, өз алдынча жана толугу менен көз карандысыз көрүнүш катары орун алган. Алар блокчейн технологиясына негизделген, дүйнө жүзүнө таралган ири компьютердик тармактар аркылуу толугу менен башкарылат.

Бул валюталардын өзгөчөлүгү — аларды эч бир борбордук банк колдобойт жана алар эч кандай реалдуу каржылык актив менен камсыздалган эмес. Алардын наркы жана базардагы баасы толугу менен алып-сатарлыкка жана катышуучулардын өз ара макулдашуусуна негизделет. Ошондуктан мындай валюталардын баасы кескин жана күтүүсүз өзгөрүүлөргө дуушар болот. Себеби кризис учурунда алардын номиналдык наркын коргой турган эч кандай мыйзамдык же мамлекеттик кепилдик жок. Бул рыноктун өзөгүндө «нөлдүк суммалуу

алып-сатарлык механизми» иштейт. Башкача айтканда, система жыйынтыгы нөл болгон каржылык оюн сыяктуу жүргүзүлөт: бир инвестор тапкан ар бир доллар дүйнөнүн башка бир жериндеги башка инвестордун жоготкон бир долларына туура келет. Натыйжада негизги кирешени көбүнчө бул рынокко эң алгачкы этапта арзан баада киргендер алышат, ал эми жоготуулар кечирээк кошулгандардын мойнуна түшөт. Бул оюнда эң көп пайда көргөндөрдүн башында ири криптовалюта биржалары турат. Алар баалар көтөрүлөбү же түшөбү — айырмасы жок, акча чыгаруу, төлөмдөр жана башка операциялар үчүн алынган комиссиялардан үзгүлтүксүз киреше табышат. Бул жагынан алар ар дайым оюнчулардын эсебинен утуш алган кумарканалардын ээлерине окшош.

Алардан кийинки ири киреше алуучулар «киттер» деп аталган эң ири инвесторлор жана электр энергиясын өтө көп сарптаган өнөр жай майнинг тармагы турат. Ал эми маалымат каражаттарынын таасири жана тез байып кетүү үмүтү менен рынокко кеч кирген майда инвесторлордун каражаттары баа эң жогорку чекке жетип, массалык сатуулар башталганда тез эле жок болуп кетүү коркунучуна кабылат.

Бүгүнкү күндө криптовалюта рыногунун жалпы көлөмү болжол менен 2,5 триллион долларды түзөт. Бул көрсөткүч борбордон ажыратылган бул тармакта айланып жаткан өтө чоң ликвиддүүлүктү жана каржылык тобокелдиктин көлөмүн чагылдырат. Ошондой эле бардык коркунучтарына карабастан, бул рынок эл аралык каржы аренасында көз жаздымда калтырууга болбой турган маанилүү оюнчуга айланганын көрсөтөт.

**Бешинчиден: адамдардын акчасы кантип үнсүз талап-тоноолот?**

Мурда элдин байлыгын тартып алуу үчүн кагаз түрүндөгү көптөгөн жол-жоболор жана көп убакыт талап кылган татаал мыйзамдар керек болчу. Ал эми бүгүнкү күндө, санариптик дүйнөдө, интернетте жана жогоруда айтылган акча-кредит саясаттарынын шартында бул тоскоолдуктар дээрлик жок болду. Натыйжада өкмөттөр адамдардын акчасынын наркын жана эмгегин «бир баскычты басуу» менен эле дароо төмөндөтө алышат. Бул төмөнкүдөй жолдор аркылуу ишке ашат:

**- Жок жерден акча басып чыгаруу (тез инфляция)**

Санариптик валюталар жана жаңы банктык системалар акча чыгарууну өтө жеңилдетти. Ар кандай кризис учурунда борбордук банктар бир эле баскычты басуу менен рынокко триллиондогон электүү долларларды чыгарышат. Натыйжада товарлардын баасы өтө тез өсөт, ал эми адамдардын кирешеси жай гана көбөйөт. Убакыт өткөн сайын адамдар мурда сатып алган ошол эле товарларды сатып алууга алы жетпей калат.

**- «Ким биринчи жетет?» оюну (сатып алуу жөндөмүнүн кыйрашы)**

Мамлекет жаңы акча чыгарганда, ал акча эң оболу өкмөткө жана ага караштуу ири подрядчыларга жетет. Алар бул каражаттарды баалар көтөрүлө электе эле кыймылсыз мүлккө жана башка активдерге жумшап үлгүрүшөт. Бир аз убакыт өткөндөн кийин гана бул жаңы акча жөнөкөй жарандардын колуна жетет. Бирок ошол учурда баалар мурда эле өсүп кеткен болот. Натыйжада жаран мурдагыдай эле сандагы акчага ээ болгону менен, анын сатып алуу жөндөмү мурдагыга караганда кыйла төмөндөп калган болот.

**- Жашыруун салыктар (валютанын наркын түшүрүү саясий айла катары)**

Өкмөттөр элдин наразылыгын жарата турган ачык салыкты көбөйтүүнүн ордуна, жашыруун жана амалкөй ыкманы колдонушат. Алар карыздарды жана мамлекеттик чыгымдарды жабуу үчүн жаңы акча басып чыгарып, натыйжада валютанын наркын төмөндөтүшөт. Бул көрүнүш Түркияда (2020-жылдан бери лира өз наркынын 85%ын жоготкон), ошондой эле Аргентинада жана Ливанда байкалган.

Акчанын экрандагы сандарга айланышы менен мындай кунсуздануу унчукпастан, эл байкабаган абалда эле ишке ашат. Натыйжада адамдар эртең менен ойгонгондо эле кечээки аманаттары мурдагы наркын жоготуп калганын көрүшөт.

**- Терс пайыздык чен: (Аманат сактоого болбойт!)**

Накталай кагаз акча доорунда банк жакпай калса, адам өз акчасын алып чыгып, үйүндө сактай алчу. Ал эми санариптик дүйнөдө мындай мүмкүнчүлүк дээрлик жок болот. Мындай шартта бийлик терс пайыздык ченди киргизе алат. Башкача айтканда, адамдарды акчасын сактабай, сарптоого мажбурлоо жана экономиканы жандандыруу үчүн алардын эсебинен ай сайын белгилүү бир пайыз түздөн-түз кармалып турат. Мындай тажрыйба Европанын жана Швейцариянын айрым банктарында колдонулуп, аманатчылардын эсептеринен түздөн-түз комиссиялар кармалып, аларды көбүрөөк чыгым кылууга жана рынокту жандандырууга түрткү берүү аракети жасалган.

Мындан да кооптуусу — Кытайда «мөөнөтү программаланган санариптик юань» боюнча жүргүзүлгөн тажрыйба. Анда акчанын жарактуулук мөөнөтү алдын ала белгиленет. Эгер жаран ал каражатты эки жуманын ичинде товар сатып алууга жумшабаса, анда ал акча бир баскыч менен анын электрондук капчыгынан жок болуп кетет.

**- Эсептерди дароо тоңдуруу:**

2013-жылы Кипрде адамдардын банктык аманаттарынын бир бөлүгү мажбурлап кармалып калган окуяны, 2019-жылы Ливанда эсептер

тоңдурулуп, каражаттар өз наркынын 80%ын жоготконун, ошондой эле 2022-жылы Канадада өкмөт соттун чечими жок эле наразылык акциясына чыккандардын банк эсептерин тоңдурганын эске салсак болот.

Санариптик каржы дүйнөсүндө мамлекетке мындай иштерди жүргүзүү үчүн көп күч талап кылынбайт. Өзүнүн санариптик системасы аркылуу ал миллиондогон жарандардын банк эсептерин бир нече мүнөттүн ичинде тоңдуруп коё алат.

**- Каржылык тынчылык жана жашооңузду көзөмөлдөө:**

Санариптик система сиз короткон ар бир тыйынды каттайт: кайда, качан жана ким менен коротконуңузду жазып турат. Бул бийликке сиздин каржылык операцияларыңызды багыттоого, айрым жардамдарды токтотууга же белгилүү бир товарларды сатып алууга тыюу салууга чейин жеткен толук көзөмөл мүмкүнчүлүгүн берет. Мындай кийлигишүү адамдын өз мал-мүлкүнө болгон укугун одоно бузуу болуп эсептелет. Ал эми Ислам шариаты адамдын мал-мүлкүнө болгон ээлигин кепилдеп, ага негизсиз кийлигишүүгө тыюу салган.

**- Бачым кыйроолор:**

2008-жылдагы дүйнөлүк каржы кризисинде ири банктар кыйраганда, адамдар эмне болуп жатканын түшүнүшү үчүн бир нече ай талап кылынган. Ал эми бүгүнкү күндө ылдамдык өтө коркунучтуу деңгээлге жетти. Маселен, миллиарддаган долларлык Terra/Luna экосистемасы болгону беш күндүн ичинде кыйрап жок болгон. Ал эми FTX платформасы он күндүн ичинде кулаган. Эгер салттуу банктар санариптик тармактар менен тыгыз байланышса, анда келечектеги каржы кризистери күндөрдүн ичинде эмес, бир нече сааттын ичинде өнүгүшү мүмкүн. Мындай шартта жөнөкөй адамдар өз каражаттарын сактап калууга же өздөрүн коргоо үчүн кандайдыр бир чара көрүүгө дээрлик үлгүрбөй калышат.

**Алтынчыдан: шаръий өлчөм – чыныгы акчанын важибдиги жана азыркы каржы түзүмдөрүнүн жараксыздыгы**

Бул кризистерди иликтөө сөзсүз түрдө Ислам байлыктарды коргоо жана экономикалык адилеттүүлүктү камсыз кылуу үчүн койгон негизги шаръий өлчөмгө кайрылууга алып келет. Ислам шарияты боюнча негизги жана чыныгы акча **алтын** менен **күмүш** болуп эсептелет. Бул негизге бир нече шаръий далилдер бирин-бири толуктап турат.

Пайгамбар ﷺ адамдын кунун белгилүү өлчөмдөгү алтынга байланыштырган:

«وعلى أهل الذهب ألف دينار».

**«Алтын ээлерине миң динар».**

Ошондой эле уурулук үчүн колдонулуучу хад жазасын белгилүү алтын өлчөмүнө байланыштырган:

.«لا تُقطع يد السارق إلا في ربع دينار فصاعداً»

**«Уурунун колу төрттөн бир динар же андан жогору өлчөмдөгү уурулук үчүн гана кесилет».**

Мындан тышкары, акчанын зекети алтын менен күмүшкө байланыштырылып, алар үчүн белгилүү нисаб белгиленген. Ошондой эле сарф (валюта алмаштыруу) жана акчадагы үстөк пайыз өкүмдөрү ушул экөөнө байланыштуу келген:

.«بيعوا الذهب بالفضة والفضة بالذهب كيف شئتم»

**«Алтынды күмүшкө, күмүштү алтынга каалаганыңардай саткыла».**

Бул өкүмдөр Пайгамбар ﷺ доорунда жана рошид халифалардын убагында соода-сатыктардын жана никелердин алтын менен күмүш аркылуу жүргүзүлүшү менен да бекемделген. Бул өкүмдөр Кыямат күнүнө чейин өзгөрбөй тургандыктан, мамлекет шарият боюнча өзүнүн негизги акчасы катары алтын менен күмүштү колдонууга милдеттүү. Же болбосо, аларга толук жана түздөн-түз камсыздалган, мамлекеттик казынада толук көлөмдө алтын-күмүш менен жабылган кагаз акчаны колдонууга милдеттүү.

Алтын менен күмүштүн өзгөчөлүгү – алардын табиятынан эле туруктуу өздүк наркка ээ болушунда. Бул азыркы мажбурий валюталардан (кагаз жана санариптик акчалардан) айырмаланат. Анткени алардын өздүк наркы жок болуп, бар болушу саясий жагдайлардын өзгөрүшү менен өзгөрүп турган милдеттендирүүчү мыйзамдарга гана негизделет.

Бүгүнкү күндө мамлекеттер колдонуп жаткан акча системалары байлыкты жок жерден жаратууга негизделген. Ал эми банк системасы кампаларда чыныгы түрдө жок болгон акчаларды насыяга берүү жана кредит аркылуу иштейт. Бул Пайгамбардын ﷺ адам өзүнө таандык болбогон нерсени сатуусуна тыюу салган өкүмүнө ачык каршы келет. Мындан тышкары, адамдардын мал-мүлкүн акыйкатсыз жол менен алуу да арам. Анткени валютанын наркын атайылап төмөндөтүү жана жасалма инфляцияны жаратуу – акча чыгарган тараптардын пайдасына адамдардын эмгегинин жана аракетинин наркын атайылап кемитүү болуп эсептелет. Бул Куранда арам кылынган адамдардын мал-мүлкүн акыйкатсыз жол менен жеп коюунун эң ачык көрүнүштөрүнүн бири. Аллах Таала мындай деген:

﴿وَلَا تَأْكُلُوا أَمْوَالَكُم بَيْنَكُم بِالْبَاطِلِ﴾

***«Мал-мүлк, байлыгыңарды өз араңарда арам жолдор менен жебегиле*** *(бири-бириңердин акыңарды жебегиле)».* (Бакара: 188).

## Жыйынтык жана альтернатива

Бардык маалыматтар бир гана чындыкка алып келет: азыркы акча системасы акчаны чыгарган жана чыныгы активдерди өзүнө топтогон азчылыктын кызыкчылыгына кызмат кылуу үчүн түзүлгөн. Ал эми жөнөкөй жаран дайыма анын курмандыгы болуп калууда. Бүгүнкү күндө болуп жаткан «валюталарды санариптештирүү» жөн гана бейтарап технологиялык өнүгүү эмес. Тескерисинче, ал элдин мал-мүлкүн жана эмгегин тартып алууну тездетүүнүн жана аны дагы да тереңдетүүнүн каражаты болуп саналат. Азыркы система туңгуюкка багыт алып бара жаткандыктан, адамдардын жашоо-тиричилик коопсуздугун туруктуу коргоонун альтернативасы эки негизги жолдо жатат. Биринчиси — өздүк наркка ээ болгон активдерге негизделген чыныгы акчага, башкача айтканда алтын менен күмүшкө кайтуу. Экинчиси — каржылык мамилелерди Ислам шариятынын өкүмдөрүнө баш ийдирүү. Анткени ал рибаны, адамдардын мал-мүлкүн адилетсиз жол менен жеп коюуну, монополияны жана валюталар менен айлакерлик кылууну арам кылат. Ошондой эле жеке менчикти жана купуялуулукту коргоону кепилдейт. ❑

# АДАМ ЖЕР ЖҮЗҮНДӨ АЛЛАХТЫН ӨКҮМҮН ЖҮРГҮЗҮҮ АМАНАТЫ МЕНЕН ӨТКҮНЧҮ ЖАШООНУН ЖАЛГАН ЭЛЕСИНИН ОРТОСУНДА

**Мунис Хамид – Ирак**

Аллах инсанды жаратканда аны максатсыз жараткан жок. Аны кең жер жүзүндө кароосуз калтырган жок. Тескерисинче, аны жер жүзүндө халифа кылып, бийик тоолор да, асмандар менен жер да көтөрбөгөн улуу аманатты ага жүктөдү. Ага Өзүнүн рухунан “үйлөп”, акыл жана тандоо мүмкүнчүлүгүн (ирода) берип сыйлады. Периштелерге анын даражасын урматтоо үчүн ага сажда кылууну буюрду. Анан анын затына бир сырды жайгаштырды. Ал сыр аркылуу ал Аллахка эң жакын даражаларга көтөрүлүүгө да, жоготуунун эң төмөнкү тепкичтерине кулап түшүүгө да жөндөмдүү болду.

Инсандын эң биринчи вазыйпасы акыйкатка күбө болуу, жакшылык үчүн аракет кылуу жана жер жүзүндө бузукулук кылуучу эмес, оңдоочу болуу эле. Андан дүйнөнү асмандын баалуулуктары менен көрктөндүрүүшү жана өзүнүн жашоосун түбөлүк бейишке алып баруучу көпүрөгө айландырышы талап кылынган. Бирок инсандын эң чоң жоготуусу максатты унутуп, өтмүш каражаттар менен алек болгон күнү башталды. Дүйнө аны ушунчалык алек кылып койду, акыры ал өзүнүн негизги максатын унутту.

Көп адамдар үчүн дүйнө акыреттин эгин талаасы болуудан чыгып, өз алдынча максатка айланды. Натыйжада инсан түбөлүктүү жашоону сатып алчудай болуп мал-мүлктүн артынан чуркай баштады. Улуулук адамдар тарабынан берилчүдөй мансаптын артынан умтулду. Бир күнү сөзсүз артында таштап кетерин так билип туруп, өткүнчү дүйнө жыргалдарынын артынан чуркады. Дүйнөнү канчалык көбүрөөк сүйгөн сайын, аны жоготуп алуудан ошончолук көбүрөөк корко баштады. Ага канчалык жакындаган сайын, дал ошол жерден издеген бейпилдиктен ошончолук алыстай берди.

Эң таң калычтуусу, инсан элес экенин өзү да билген абалда анын артынан кууп жүрөт. Ошондой эле өлүм айланасындагы адамдарды биринин артынан бирин алып кетип жатканын көрөт. Сарайлар урандыга айланганын көрөт. Падышалар менен байлардын ысымдары унутулуп кеткенин көрөт. Ошентсе да жүрөгүнүн түпкүрүндө өзүнүн сапары өзүнөн мурункулардын сапарынан башкача болот деп ойлойт. Кудум адамзаттын узак тарыхы андан сабак албаган бир эле сабак болгондой мамиле кылат.

Көптөгөн адамдар халифалык аманаты болгон рисалатты таштап, анын ордуна керектөө рисалатын тандап алышты. Алардын ар биринин башкы максаты бергенинен көбүрөөк алуу, курганынан көбүрөөк ээлик

кылуу жана чындыгында кандай болсо, андан бийигирек көрүнүү болуп калды. Рухтар сөз ташуу, куру кеп жана көңүл ачуунун деңизине чөгүп кетти. Натыйжада күндөр артында кала турган бир да сооптуу из калтырбастан, мурас болуп кала турган негизги фикратсыз жана ээсин Аллахка жакындата турган амалсыз өтүп калды.

Ушул тынымсыз алаксытуунун арасында убада кылынган бейиш унутулду. Ал бейиште көз көрбөгөн, кулак укпаган жана эч бир адамдын зээнине келбеген нематтар бар. Ал бир нече сааттык ырахат, саналуу жылдарга созулган жыргалчылык же атак-даңк менен бийликтин өткүнчү элестери үчүн унутулду. Ошентип көптөгөн адамдар түбөлүктүүнү өткүнчүгө, аныкты күмөнгө жана түбөлүк казынаны убактылуу жыргалчылыкка алмаштырып жиберишти. Ал жыргалчылык түтүндөй тез эле тарап кетет. Өлүм келгенде болсо жашоонун чыныгы жүзү ачылат.

Инсан жашап жаткан эң чоң кризис жакырчылык да, оору да, ресурстардын аздыгы да эмес. Тескерисинче, ал өзү эмне үчүн жаратылганын унутуп коюшу. Анткени инсан өзүнүн бар болушунун маанисин жоготкондо, анын сырткы бардык ийгиликтери артында терең руханий боштукту жашырган жасалма жеңиштерге окшоп калат. Ал эми инсан өзүнүн рисалатын кайра аңдап түшүнгөндө, дүйнөнүн акыйкатын көрөт: ал туруктуу жашай турган жай эмес, болгону өтүүчү бекет; максат эмес, каражат; түбөлүк мекен эмес, сыноо майданы экенин аңдайт.

Ошентип, кылымдар бою Аллахтын чакырыгы жаңырып келет. Ал инсанды өзүнүн түпкү вазыйпасына кайтууга чакырат, тактап айтканда жер жүзүндө Аллахтын халифасы болуп, акыйкаттын, адилеттүүлүктүн жана ырайымдын баалуулуктарын көтөрүп жүрүүгө, өлүмдөн кийинки жашоо үчүн амал кылууга жана Роббисине жолугууга даяр болууга чакырат. Ким ушул акыйкатты билсе, дүйнөнү жүрөгүндө эмес, колунда алып жашайт. Анда туткун болуп эмес, жолоочу болуп басат. Андагы ар бир кадамын такыбаларга убада кылынган бейишке алып бара турган азыкка айлантат. Демек, сапары аяктаганга чейин өзүнүн рисалатын эстеген жана өмүр канчалык узун болсо да кыска, дүйнө канчалык кооздолсо да барксыз экенин аңдаган адамга сүйүнчү болсун.

Мына ушундан Исламдын улуулугу көрүнөт. Анткени ал белгилүү убактарда гана аткарылуучу ибадаттардын жыйындысы же мечиттердин дубалдары менен гана чектелген ритуалдар эмес. Тескерисинче, ал инсанга өзүн жана өзүнүн вазыйпасын кайра түшүндүргөн толук жашоо түзүмү. Ислам инсанды кайдыгерлигинен ойготуу, ага жер жүзүндө Аллахтын халифасы экенин жана Роббиси, дини, үммөтү жана жалпы адамзат алдында милдети бар экенин эскертүү үчүн келген.

Мусулмандын бул динге болгон ролу ага аты менен гана таандык болуу же динчилдиктин сырткы көрүнүштөрү менен гана чектелүү эмес. Тескерисинче, ал анын рисалатын көтөрүп жүрүүдө, баалуулуктарын коргоодо жана анын ахлагын турмушта иш жүзүндө чагылдырууда көрүнөт. Демек, мусулман өзүнүн чынчылдыгы, аманатка бекемдиги, адилеттүүлүгү, илими жана амалы аркылуу Исламдын тирүү үлгүсү болууга милдеттүү. Ал ошондой эле бузуучу эмес, куруучу; бузукулук кылуучу эмес, оңдоочу болууга милдеттүү.

Аллах Таала бул үммөттү адамдарга күбө болуучу үммөт кылып тандады. Аллах Субханаху ва Таала мындай деди:

**﴿وَكَذَٰلِكَ جَعَلْنَاكُمْ أُمَّةً وَسَطًا لِّتَكُونُوا شُهَدَاءَ عَلَى النَّاسِ﴾**

***«Биз силерди башка адамдардын үстүнөн күбө болууңар үчүн жана пайгамбар силердин үстүңөрдөн күбө болуусу үчүн орточо*** *(адилеттүү)* ***бир үммөт кылдык»***. (Бакара: 143).

Бул күбөлүк – мусулмандын дүйнөгө бул диндин инсанды туура жолго баштоого жана аны бактылуу кылууга жарактуу экенин далилдей турган үлгүнү көрсөтүүсүн талап кылган сакофий жана даават жоопкерчилиги.

Исламга аны ураандар менен көтөрө тургандарга караганда, аны ишке ашыруу жана амал менен көтөрө тургандар көбүрөөк керек. Мусулман өз үммөтүнө чынчыл жана ихластуу болуп, дини менен рисалаты алдындагы жоопкерчилигин аманаткөйлүк менен аткарганда жана өзүнүн динине болгон ушул терең түшүнүктү кайра жандантканда, Аллах ага белгилеген чыныгы ордуна – жер жүзүндөгү халифа, акыйкатка күбө жана ырайым менен туура жолдун рисалатын көтөрүүчү катары кайра кайтып келет. Ошондо жашоосу убактылуу жыргалчылык артынан жарышкан жашоодон түбөлүктүү жашоого карай сапарга айланат. Натыйжада ар бир сооптуу амал Аллах Өзүнүн момун пенделерине убада кылган бейишке алып баруучу жолдогу бир кадамга айланат. ❑

# АМАЗИГ УЛУТЧУЛДУГУНУН КҮЧ АЛЫШЫ! МАРОККО РЕЖИМИ КРЕСТТҮҮ ФРАНЦИЯ БЕРБЕРДИК ФИТНАСЫН КОЗУТУП ЖАТАТ

**Мунажи Мухаммад**

Биз үчүн каапыр Батыш исламий жашообуздун урандыларынын үстүнө куруп берген бул жашоо бүтүндөй батыл. Каапыр Батыш биз үчүн куруп, аны «улуттук мамлекеттер» деп атаган бул чек аралар да бүтүндөй батыл. Алар биздин чыныгы мамлекетибиздин, Исламыбыздын Халифалыгыбыздын жана бекем таянычыбыздын урандылары үстүнө курулган. Бул батылдыктын эң жийиркеничтүү жана эң катаал тарабы – бүгүнкү башкаруучуларыбыз. Алар Исламга жана үммөткө болгон душмандыкта кресттүүлөрдүн наарaзылыгынан жаралган тукум сыяктуу. Алар Батыштын кресттүүлүк согушун жүргүзүп, өмүрлөрүн ошого арнашууда. Каапыр Батыштын нукура кулдары болуп, анын калканына, замбирегине жана кыйратуучу куралына айланышты!

Бизде алыскы Мароккодо жана Рабат режиминде Батыштын кресттүүлүк долбоору менен Исламга каршы согуштагы толук жуурулушуунун ачык көрүнүшү бар. Батыштын кресттүү саясаты, пландары жана программаларынын бири да аткарылбай калган жок. Марокко режими эрте эле «терроризмге каршы согушка» (Исламга каршы согушка) кошулду. Ал Американын демократиялык-модернисттик РЭНД исламын кабыл алып, исламдын түшүнүктөрүн ага ылайыкташтыруу үчүн бурмалап, өзгөрттү. Баскынчы яхудий түзүмү менен нормалдашуу кыянатына аралашты. CEDAW келишимдериндеги бардык бузукулуктарды кабыл алып, Марокко элинин коомдук түзүлүшүн талкалоо үчүн аны коомдук мыйзамга айлантты. Исламды бүдөмүк көрсөтүү үчүн пикирий жана сакофий чөйрөсүн ар кандай зындык (ааламды түбөлүктүү дегендер) жана атеизм менен ууландырды.

Мына эми бүгүн ал уруучулук фитнасынын отун тутантып, кресттүү Франциянын өлүккө айланган мыйзамын кайра тирилтип жатат. Мунун максаты – Марокко жериндеги мусулмандардын арасында бөлүнүүнү, жек көрүүнү жана кагылышууну жаратуу, алардын акыйдага негизделген таандыктык биримдигин ажыратууга аракет кылуу. Бул болсо Батыштын кресттүүлүк долбооруна кызмат кылып, мусулмандарды бөлүп-жарууга, майдалоого, алардын күч-кубатын талкалоого жана өзгөчө, айырмаланган исламий цивилизациялык долбооруна каршы турууга багытталган.

Бүгүн бул кылмышкер режим «Амазигдик – Марокко элинин өздүгү» (иденттүүлүгү) деген ураан алдында алардын исламий өздүгүн

алмаштырууга багытталган кутурган өнөктүктү жетектеп жатат. Бул өнөктүк үчүн ал падыша сарайынын кеңешчилеринен тартып, колонизаторлордун кызматындагы министрлерди, жалданма саясатчыларды, буйрутма маалымат каражаттарынын өкүлдөрүн, эки жүздүү карыяларды, бузукулуктун жарчыларын жана эң төмөнкү чөйрөлөрдүн платформаларын толугу менен ишке салды. Алардын баарынын жаңырган кыйкырыгы: «Амазигдин Хубалы жогорулады!»

Бүгүн Марокконун саясий жана сакофий абалына көз салган адам уулуу амазиг улутчулдук үгүтүнө толугу менен чөмүлгөнүн көрөт. А түгүл амазигдик жаңы бир динге чакырык сыяктуу көрүнөт. Кайда барба, адамдарга акыйда, мабда жана өздүк катары таңууланып жаткан амазигдик тууралуу гана сөз болот. Чындыгында болсо, фикраттан жана сакофаттан алыс болгон бул куру ураандын тамыры Франциянын кресттүү жүрүшүндө Мароккону басып алган мезгилге барып такалат. Ал Ислам аны жеңгенден кийин, Марокко элинин Исламына каршы туруу үчүн уруучулук менен улуттук өзгөчөлүккө негизделген уулуу асабияны курал катары колдонгон. Бүгүн болсо бул улутчулук кайрадан Исламга, анын өсүп келе жаткан цивилизациялык долбооруна жана күч алып жаткан исламий абалга каршы колдонулууда.

Муну 2011-жылы WikiLeaks жарыялаган АКШнын жашыруун дипломатиялык телеграммалары да ашкерелеген. Анда 2007-жылы Рабаттагы АКШ элчилигинин өкүлдөрү менен өткөрүлгөн жолугушуулардын чоо-жайы берилген. Ал жолугушуулардын негизги темасы «амазиг өздүгүн» колдоо, башкача айтканда, аймактагы өздөрү «экстремизмдин тамырлары» деп атаган көрүнүшкө каршы туруу үчүн бербер улутчулдугун колдоо болгон. Ал эми «экстремизм» түшүнүгү, «терроризм» сыяктуу эле, Батыш колдонгон Исламды билдирген термин болуп саналат.

Марокко режими ушуну менен кресттүү Франциянын өзүнүн караңгы колониялык доорунда Марокко элинин Исламына каршы жүргүзгөн согуштагы жолун жана ыкмасын кайра жандандырып жатат. Ал мусулмандардын арасына уруучулдук жана этностук фитнаны себүүгө, өздөрү карасанатайлык жана душмандык менен «берберлер» жана «арабдар» деп бөлүп атаган мусулмандардын ортосунда этностук кастыкты ойлоп чыгарып, аларды бири-бирине каршы коюуга аракет кылган. Ушул максатта 1930-жылы расалык айырмачылыкка негизделген каапыр мыйзамды кабыл алган. Мындагы таң калычтуу жагдай – чыккынчылыкта терең тамырлаган режим ошол мыйзамды падышалык жарлыкка айландырып, аны «берберлик» катары чыгарган. Бүгүн болсо бул чыккынчы режим мурдагы жолуна кайра кайтып,

андан да ашкере бузукулук жана адашуу менен ошол эле ишти улантып жатат.

Бүгүн Исламга жана анын үммөтүнө каршы жүрүп жаткан кыйраткыч, бар болуу маселесине айланган кресттүү цивилизация согушу кызыган маалда, колонизаторлордун кулдары Ислам уулдарынын арасына жийиркеничтүү улутчулдук ууларын чачып, жахилият доорунун эски кастыктарын кайра козутуп, анын бардык улутчулук, уруучулук жана этностук чириген, сасыган асабияларын тирилтүүгө аракет кылып жатышат. Мына ушул сыяктуу эле Марокко режими Ислам уулдарынын арасына жийиркеничтүү амазиг улутчулугун ыргытып, алардын ортосуна жек көрүү менен кастыкты себүүнү, биримдигин ыдыратууну жана аларды жийиркеничтүү улутчулдук кастыктар менен алек кылууну көздөөдө. Мунун максаты – аларды залим башкаруучудан, анын залим режиминен жана бардык кырсык менен кайгынын башкы себеби болгон каапыр Батыштан алаксытуу. Андан да жаманы – аларды улуу Исламынан, анын шариятынан тосуу, биримдигин бузуу жана этностук жаңжалдарга алаксытып, аларга каршы жасалган оор кылмыштары жана Аллах менен Анын Элчисине ﷺ каршы шариятты токтотуп, а түгүл Исламга каршы согуш жүргүзгөн чыккынчылыгы үчүн режимди мухасаба кылуудан алыстатуу. Демек, режим ойготкон амазиг улутчулдук фитнасы – Батыштын кресттүүлүк долбоорунун ууланган канжары болуп, Ислам уулдарын исламий акыйдасынан жарадар кылуу жана аларды өз Исламына жана анын цивилизациялык долбooруна каршы жүргүзүп жаткан кресттүүлүк согушуна тартуу үчүн колдонулууда. Чындыгында, бул өтө оор жана жийиркеничтүү кыянат. Анткени бүгүн режим мусулмандардын арасына күч менен себүүгө аракет кылып жаткан амазиг улутчулдугунун бул бузук көчөтү үчүн ал өзүнүн бардык кызматчыларын мобилизациялап ишке салды. Алардын башында падыша сарайынын кеңешчиси Андре Азулай, андан соң министрлик жана министр Абдуллатиф Вахби, Вакфтар министри Ахмад ат-Тавфик, саясат жана маалымат каражаттарынын чөйрөлөрү, мекемелердин, институттардын жана борборлордун кызматкерлери, ошондой эле бул идеяны жайылтуу үчүн түзүлгөн окуу программалары турат.

Бул бузук көчөт өзүнүн тамырын жана үрөөнүн мусулман жерлерине каршы жүргүзүлгөн кресттүүлүк жортуул идеясынан жана саясатынан, өзгөчө Франциянын Мароккого каршы жүргүзгөн кресттүүлүк өнөктүгүнөн алат. Бул уулуу улутчулдук идеясынын негиздөөчүсү француз кресттүүлөрүнүн чалгын кызматынын башчысы Шарль де Фуко болгон. Өзүнүн кресттүүлүк берилгендигинен улам кийинчерээк ал чиркөөнүн дин кызматчысы болуп дайындалган. XIX кылымдын

аягындагы анын иштери жана документтери Франциянын Мароккого кирип баруусу жана аны колониялаштыруусу үчүн негизги чалгын булагы болуп кызмат кылган. Ошол эле учурда алар Франциянын бербердик саясатына негиз болгон. Бул француз кресттүүлөрүнүн тыңчысы өзүн яхудий дин кызматчысы катары көрсөтүп, Мароккону башынан аягына чейин кыдырып чыккан. Ал өлкөдөгү урууларды, а түгүл алардын айылдарын да каттоого алган. Элдин үрп-адаттарын, каада-салттарын, диалекттерин, ырларын, тамак-ашын, суусундугун жана кийим-кечесин тыңчылык жолу менен изилдеген. Андан соң айлана-чөйрө жана жашоо шарттары жараткан бул айырмачылыктарды этностук айырмачылыктын жана сакофий бөлүнүүнүн негизи катары көрсөтүүгө аракет кылган. Ошентип, ал бербер улутчулдукту, идеология жана сакофат катары негиздеп берген. Кийин бул агым «амазиг» деп аталып калган. Ал түзгөн туарег урууларынын диалекттери боюнча сөздүк болсо, кийин анын ойдон чыгарылган амазиг-бербер жазуусун жана арибин түзүүдө негизги булак болуп кызмат кылган. Демек, бул амазиг улутчулдугу кресттүүлүк руху жана анын Исламга болгон кара кеги менен сугарылган. Франциянын Мароккодогу кресттүү колониялык тарыхы ушул жасалма амазиг улутчулдугу кресттүүлүк кекке негизделгенин ачык көрсөтүп турат.

Франция XIX кылымда «бербер аймагы» деп атаган Кабилия аймагындагы билим берүү тармагын жетектеген француз кресттүүсү Лугай француз мугалимдерине кайрылып мындай деген:

«Берберлерге бардык нерсени үйрөткүлө, бирок араб тили менен Исламды үйрөтпөгүлө».

Ошондой эле француз кресттүүсү, дин кызматчысы Лавижери 1867-жылы мусулмандардын жери болгон Алжирде өткөн христиан миссионерлеринин жыйынында мындай деген:

«Биздин милдет – берберлерди алардын ата-бабаларынын цивилизациясы болгон биздин цивилизацияга сиңирүү. Бул берберлердин Куранга байланышын токтотуу керек. Франция аларга Инжилди бериши же аларды цивилизациялуу дүйнөдөн алыс жайгашкан какыраган чөлгө сүрүп чыгарышы керек».

Мароккодо да кресттүүлөрдүн Франциясы араб тилине — Исламдын тилине — атаандаш кылып бербер тилин жасалма түрдө калыптандыруу үчүн Бербер академиясын түзгөн. Максаты Исламга анын тили аркылуу сокку уруу болгон. Ошондой эле жасалма бербер тили үчүн жазуу катары латын арибин кабыл алган. Ушул максат үчүн Мароккодогу билим берүү боюнча кеңешчи болгон француз чыгыш таануучусу Жод Фри де Монье 1914-жылы кеңири план түзгөн.

1929-жылы болсо Франциянын Мароккодогу колониялык администрациясы Азру шаарында Бербер колледжин негиздеп, Франция «бербер аймактары» деп бөлүп көрсөткөн жерлерди башкаруучу жетекчилерди даярдай баштаган. Бул окуу жайдын максаты Исламдан жана анын тилинен жүз буруу, ошондой эле Франция «берберлер» жана «арабдар» деп бөлгөн мусулмандардын арасына кастыкты, жек көрүүнү жана уруучулук менен этностук негизде өч алуу сезимдерин жайылтуу болгон.

Ошондой эле Франция 1930-жылы өзүнүн кресттүүлүк мүнөзүндөгү бербер мыйзамын чыгарып, ошол кездеги Марокконун падышасы Мухаммад Vге аны падышалык жарлык катары бекиттирген. Бул жарлык «Бербер захири» деген ат менен белгилүү болгон. Анын мазмуну Франция кресттүүлөрү «бербер аймактары» деп атаган жерлерде үй-бүлөлүк маселелер боюнча шарият өкүмдөрүн жокко чыгаруу эле. Бирок Ислам француз каапырларын жеңген көрүнүштөр жүз берген. Т.а. дал ушул аймактардын мусулмандары ага каршы турушкан. Айт Муса жана Заммур урууларынын аксакалдары Фас шаарына барып, аль-Карауийн мечитинин аалымдары менен факихтеринин алдында кресттүүлөрдүн «Бербер захирин» четке кага тургандыктарын жарыялашкан.

Франция кресттүүлөрү өзүнүн «бербер захиринин» дагы бир нускасын Алжир үчүн да даярдап, анын саясатын ишке ашыра баштаган. Ал 1967-жылы Париж университетинде Бербер академиясын негиздеп, жасалма бербер тили бөлүмүндө ондогон маданий агенттерди даярдаган. Алардын эң белгилүүлөрүнүн бири Салим Шакир болгон. Франция аларды өзүнүн чалгын кызматтарына байланыштырып, жасалма бербер тилин Исламдын тили болгон араб тилине атаандаш кылып көрсөтүүгө аракеттенген жана араб тили менен ушул жасалма бербер тилинин ортосунда кастык менен карама-каршылыкты күчөтүп турган.

Бул жерде кресттүүлүк мүнөзүндөгү эң чоң карама-каршылык бар: ошол эле учурда Франция өзүнүн француз тилинин билим берүүдө, мамлекеттик түзүмдөрдө жана башкарууда бүтүндөй Марокко өлкөлөрүндө үстөмдүгүн сактап калган.

Дал ушул академиянын булганган дубалдарында тилдик жана сакофий бурмалоо, тарыхты жасалмалоо жана цивилизациялык чындыкты бурмалоо жаралган. Франция бул жасалма көрүнүштү «амазиг тили» деп атап, ага түрдүү белгилер менен символдорду чийип чыгып, аларды популисттерге, демагогдорго жана саясаттагы саткындардын эң төмөнкү өкүлдөрүнө «Тифинаг жазуусу» деген ат менен сунуш кылган. Демек, амазиг улутчулдугу толугу менен

Францияның кресттүүлүк долбоорунун жемиши. Франция аны өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарында кайра жандандырган. Максаты исламий майданда жаңыдан байкала баштаган Исламдын кайра жандануусуна каршы туруу болгон. Ошондуктан ал өзүнүн Бербер академиясы жана Париждеги бир ууч агенттери аркылуу жаңы арипти, жазууну жана тилди ойлоп чыгарып, аны француз тили сыяктуу солдон оңго жазыла турган кылып түзгөн. Бул араб тилине — Исламдын тилине — карама-каршы жана ага каршы коюлган көрүнүш болгон.

Өткөн кылымдын акырында Ислам жеринде исламий абал күчөп, исламий цивилизациялык долбоордун алгачкы белгилери көрүнгөндө, магриб өлкөлөрүндөгү кызматчы режимдер амазиг улутчулдугун Исламга каршы күрөштүн куралына айлантышты. Алар аны Исламдын акыйдасына, сакофатына, тилине жана мусулмандардын өздүгүнө каршы колдонулган саясат катары кабыл алышты. Коомго ушул идея менен сокку уруу үчүн атайын мекемелерди жана түзүмдөрдү түзүштү.

Бул иш алгач Алжирде башталган. Анткени өткөн кылымдын акырында ал жерде исламий абал жетилип калган эле. Ошондуктан 1995-жылы Алжир режими расмий мамлекеттик мекеме катары Амазиг маселелери боюнча Жогорку комиссариатты түздү. Анын жарыяланган милдети «амазиг тили менен маданиятын өнүктүрүү жана коомго интеграциялоо» болуп көрсөтүлгөнү менен, анын негизги максаты исламий абалга каршы туруу болгон.

Андан кийин Батыш «терроризмге каршы согушка» (Исламга каршы согушка) ушул кылымдын башында кошулгандан кийин Марокко режими да ошол эле жолго түштү. Ал 2001-жылдын октябрь айында падыша Мухаммад VI чыгарган жарлык менен мамлекеттик академиялык мекеме катары Падышалык Амазиг маданияты институтун негиздеди. Анын расмий максаты «амазиг тили менен маданиятын өнүктүрүүнүн жолдору боюнча кеңеш берүү жана аларды өлкөнүн билим берүү, маданий жана маалыматтык системасына киргизүү» деп көрсөтүлгөн.

Андан кийин, бул мекеме Мароккодогу Исламга жана мусулмандарга каршы аракеттерин баштап, режимдин маалымат каражаттары, эки жүздүү карылардын минбарлары жана саясат менен маданияттагы паразиттери аркылуу өзүнүн уулуу үгүтүн жайылта баштады. Амазигдик Марокко элинин өздүгү тууралуу баян коомго тынымсыз таңууланып, коомдук пикирди ушул идея менен каптап, исламий акыйдага негизделген бүтүндүктү өчүрүүгө аракет кылынды.

Бул кутурган өнөктүк барган сайын күчөп, ага каршы чыккан ар бир адамды каралоо жана чыккынчы катары көрсөтүү менен коштолуп келди. Натыйжада режим амазиг улутчулдугун Мароккодогу улуу

Исламга жана анын элине каршы жүргүзүп жаткан согушунун негизги найзасы кылып алган.

Албетте, амазиг улутчулдугу эч качан өздүктү калыптандыруунун куралы болгон эмес. Тескерисинче, вакыйлыкта жана сакофий-саясий жактан алганда, ал исламий өздүктү бузууга жана аны кыйратууга багытталган уулуу курал болуп саналат. Ислам дүйнөсүндөгү улуттук, этностук жана уруучулук, улутчулдук менен алардын уулуу асабиялары сырттан киргизилген бузук түшүнүктөр болуп эсептелет. Аларды алгач каргышка калган англиялыктар өздөрүнүн арам айла-амалы жана Исламга, анын цивилизациясына, коомуна жана мамлекетине каршы жүргүзгөн кресттүүлүк күрөшүнүн алкагында отургузушкан. Ошондуктан улутчулдук — мейли туранчы болобу, араб улутчулдугу болобу же башка этностук агымдар болобу — Батыштын кылган иши жана мамлекет менен коомду кыйратууга багытталган саясаты болуп, анын негизинде англиялыктардын атактуу «бөлүп ал да башкар» деген арам саясаты жаткан.

Андан ары мусулмандардын биримдигин дагы да көбүрөөк бөлүп-жаруу жана учурдагы колониялык абалды сактап калуу үчүн мусулман өлкөлөрүндө түрдүү улутчулдук агымдары көбөйүп, мусулмандардын өзгөчө жана кайталангыс бир туугандык байланышын ичинен кемирген куртка айланды. Алар жек көрүүнү жана кастыкты жаратып, мусулмандардын жүрөктөрүндөгү ынтымак менен сүйүүнү талкалады.

Франциянын жийиркеничтүү кресттүүлүк колониализми бул саясатты Мароккодо да кабыл алып, аны өз кызыкчылыгы үчүн колдонду. Ал Марокко мусулмандарын бири-бирине каршы турган, бири-биринен жүз бурган, атүгүл өз ара согушкан этностук жана уруучулук топторго айландырууга аракет кылды. Мунун максаты алардын жерин оңой басып алуу, Исламына сокку уруу жана байлыктарын талап-тоноо болгон.

Бул каргыш тийген саясаттын урааны каапырлардын бузук «бөлүп ал да башкар» принциби болду. Мароккодогу колонизаторлордун кызматчы режими болсо ушул саясат менен жүрүп, анын бардык пландарын ишке ашырып жатат.

Албетте, амазигдик эч качан кандайдыр бир элдин тили, маданияттын тили, цивилизациянын тили же акыйдага негизделген өздүктүн тили болгон эмес. Тил илими жана тарых жагынан алганда, байыркы да, жакынкы да тарых бүгүнкү күндө «Тифинаг» деп аталган жазууну же арипти билген эмес. Ал толугу менен Франциянын кресттүүлүк саясий долбоорунун жемиши болуп, белгилүү бир саясий максат үчүн шашылыш түрдө түзүлгөн. Ал тилге жана тил илимдерине эч кандай тиешеси жок. Байыркы жана азыркы Батыш тилдеринин

тамгаларынан алынган геометриялык белгилерден гана турат. Алар эч кандай тилдик тамырга ээ эмес, тилдерге сырттан киргизилген жана алардын түзүлүшүнө жат көрүнүш болуп саналат. Алар иърабдуу да, мабний да тилдерге таандык эмес. Бул француз кресттүүлөрү зордоп тилге айландырууга аракет кылган үндөрдүн жыйындысы болуп, аны исламий Мароккого, Ислам цивилизациясына, исламий сакофатка жана жалпы Исламга каршы жүргүзүлгөн цивилизациялык согуштун бир бөлүгү катары таңуулаган. Максат Исламдын тили болгон араб тилине жана исламий акыйдага сокку уруу аркылуу мусулмандардын акыйдага негизделген биримдигин жана берилгендигин кыйратуу болгон. Бул амазигдиктин күлкүлүү да, кайгылуу да жагы — анын жөн гана үндөрдүн жыйындысы болуп, жасалма тил катары көрсөтүлүшүндө. Анын өткөн тарыхы жок. Андан да таң калычтуусу, тил илимдери жагынан да таптакыр куру калган. Анда нахв да, сарф да, балагат да, баян да жок. Анда эмгектер да, китептер да, сөздүктөр да, шилтемелер да, жазуучулар да, адабиятчылар да, акындар да, аалымдар да жок. Ал тил эмес, чаң баскан ээн чөлгө окшош үндөрдүн жыйындысы. Бул арип менен жазуу козу карындай болуп капысынан пайда болуп, улуу Исламдын, анын үммөтүнүн, цивилизациясынын жана сакофатынын тили болгон араб тилине атаандаш кылып чыгарылган. Анын максаты араб тилинин тазалыгын жана чыныгы ордун бузуу болгон. Бул белгилер Исламдын улуулугуна жана анын мабдасынын бекемдигине каршы коюу үчүн шашылыш түрдө чийилип чыккан. Ошондой эле бул жасалма этностук долбоордун дагы бир кызык жери анын түпкү тамырын Сахара аймагындагы туарегдерге байланыштыруу аракети. Француз кресттүүсү Шарль де Фуко дал ушуну көздөгөн жана ошол боюнча иш жүргүзгөн. Бирок Марокко өлкөлөрүндөгү уруулардын курамы өтө ар түрдүү жана көп кырдуу болгону сыяктуу эле, алардын сүйлөгөн диалекттери да көп түрдүү жана бири-биринен айырмаланып келген. Мисалы, Мароккодо Риф аймагынын эли бар жана алардын риф диалектиси бар. Атлас аймагындагы эл жана алардын зиян диалектиси бар. Түштүктөгү Сус аймагынын эли жана алардын сус диалектиси бар. Ошондой эле Сахара аймагынын эли жана алардын хассания диалектиси бар. Бирок булардын баарынын тили — Исламынын, дининин жана диний жашоосунун тили болгон араб тили. Ошого карабастан, каапыр кресттүүлөр аларды сөзсүз «амазигдер» катары көрсөтүп, аларга жасалма арипти, жасалма жазууну, жасалма тилди, жасалма маданиятты, жасалма тарыхты жана жасалма цивилизацияны таңуулоону көздөгөн. Мунун максаты алардын исламий тилине, исламий сакофатына, исламий тарыхына жана исламий

цивилизациясына сокку уруу аркылуу акыры аларды Исламынан жана ыйманынан ажыратуу болгон.

Амазиг улутчулдугу жана анын жасалма тилинин эң таң калычтуу жактарынын бири жүз берген: Мароккодогу кызматчы режим аны акыйдага негизделген биримдикке жана Марокко элинин исламий өздүгүнүн биримдигине каршы курал катары кабыл алганда, өлкөдөгү диалекттердин көп түрдүүлүгүнө туш болгон. Ошондуктан ал Падышалык Амазиг маданияты институту аркылуу Парижде түзүлгөн амазиг тилинин баштапкы версиясына өзгөртүүлөрдү киргизген. Себеби ал версия Мароккодо негизсиз түрдө «амазигдер» деп аталган калктын бардык диалекттерин камтый алган эмес. Натыйжада жергиликтүү риф, зиян жана сус диалекттериндеги бардык үндөрдү камтуу үчүн жаңы тамгалар кошулган. Башкача айтканда малай режим Францияда жасалган баштапкы жасалма версияны өзгөртүп, ошол өзгөртүлгөн вариантты өзүнүн ойдон чыгарылган амазиг маданиятынын жана жасалма, мазмунсуз өздүгүнүн тили катары кабыл алган. Марокко эли бүгүн азабын тартып жаткан бул амазиг улутчулдугунун эң жаман тарабы — анын ар кандай зындык, куфр жана адашуу үчүн ылайыктуу чөйрөгө айлангандыгы. Ал сакофат катары жарнамаланганы менен, чындыгында кандайдыр бир сакофий мазмундан куру жалак асабия гана. Дал ушул сакофий жакырчылык аны Исламга, анын түшүнүктөрүнө жана акыйкаттарына каршы күрөш жүргүзгөн ар кандай куфр жана адашуулар үчүн кызмат кылууга ылайыктуу чөйрөгө айландырган.

Белгилүү болгондой, тил — сакофаттын идиши, анын илимдеринин сактагычы, анын сүйлөөчү тили жана түшүнүктөрүн алып өтүүчү көпүрөсү болуп саналат. Ал эми амазигди тил катары көрсөтүү сакофаттын чөлү, сакофий жакырчылык жана сакофий өлүм жөнүндө сөз кылуу менен барабар. Бул «амазиг тили» деп аталган нерсе эч кандай маданий негизге жана маданий изге ээ эмес. Анда фикрат жана жашоо жөнүндөгү түшүнүктөр тармагында да, ташриъий жана жашоо системалары тармагында да, адабият жана тил өнөрү жаатында да, тарых жана элдердин өмүр баяндары жаатында да, саясат жана мамлекеттер менен коомдорду башкаруу жаатында да эч кандай маданий мурас жок. Аны тил деп аташат, бирок ал бардык сакофаттан куру. Ал үн кубулуштарынын гана бош идиши, жасалма маданияттын жана ойлоп табылган тарыхтын элеси, булардын баары жоктон бар кылынган жалган ураан катары сунушталган.

Амазиг улутчулдугу — кресттүүлөрдүн цивилизациялык согушунун жемиши. Анын максаты мусулман үммөтүн алардын тилин, цивилизациясын, сакофатын, коомун жана өздүгүн кыйратуу аркылуу

аларды талкалоо үчүн тилдик, сакофий жана цивилизациялык башаламандыкты жаратуу болуп саналат. Бул тилдик жана сакофий башаламандыктын акыркы максаты мусулман уулдарын өз дининин чыныгы маңызынан, анын улуулугунан жана бийиктигинен кабарсыз калтыруу. Бул болсо алардын динди түшүнүү ачкычын сындыруу аркылуу ишке ашырылат. Ал ачкыч — Куран менен Сүннөттүн араб тили, исламий сакофат байлыгынын белгиси жана шаръий өкүмдөрдү ижтихад кылып чыгарып алуудагы негизги курал болуп эсептелет.

Амазиг улутчулдугу жөн гана тил маселеси эмес. Ал Батыш бүгүн Исламга каршы жүргүзүп жаткан бар болуу маселесине айланган, кресттүүлүк согушу менен кайра жандандырылган кресттүүлүк долбоор болуп саналат. Максаты исламий үммөттүн түзүлүшүн бузуу, анын исламий өздүгүнө сокку уруу жана мусулмандарды өз ара бөлүп-жарып, бири-бири менен тирешкен жасалма иденттүүлүктөргө айландыруу. Мындай жасалма иденттүүлүк адамдарды Исламга жана анын фикратынын, сакофатынын жана цивилизациясынын тили болгон араб тилине каршы душмандык негизинде гана бириктирет. Ал эми араб тили болсо Исламды туура түшүнүүнүн, анын түшүнүктөрү, көз карашы, мамлекети жана коомунун биримдигин камсыз кылуучу негиз эле. Анткени Батыш кресттүүлөрү, алар менен бирге зыян жеткирүүчү режимдери бизди ар кандай жолдорго бөлүнгөн, түрдүү диндерге, агымдарга жана бири-бири менен тирешкен топторго айландырууну каалашат. Алар бизге өздөрүнө эч качан каалабаган нерсени каалашат. Анткени биз каапыр Батыш мамлекеттеринин тилдик жана сакофий жактан бөлүнүп-жарылышына умтулганын көргөн жокпуз. Маселен, каргыш тийген Франциянын каргашалуу тарыхында XVI кылымдын биринчи жарымында анын падышасы Франциск I мамлекет менен француз коомун бекемдөө үчүн Франциянын тилин бирдиктүү кылууну милдеттендирген. Ал Париж жана анын айланасындагы элдин тилин мамлекет менен коомдун расмий француз тили катары кабыл алып, француздардын бардык башка диалекттерин жок кылууга аракет кылган. Бирок дал ушул каргыш тийген колонизатор каапыр биз үчүн ар кандай диалекттерди ойлоп чыгарып, бизге өзүнүн француз тилин таңуулап, биздин чыныгы тилибиз болгон Исламыбыздын, сакофатыбыздын жана исламий цивилизациябыздын тили болгон араб тилине каршы согуш ачкан. Мунун максаты бизди бири-бири менен келишпеген, тирешкен бөлүк-бөлүк коомго айлантып, ар кимди колонизатор каапырдын каалоосуна жараша сайратуу болгон.

**Оо Ислам уулдары! Оо адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы үммөттүн уулдары!** Аллахка ант болсун, биздин динибизде кан эч качан артыкчылыктын белгиси болгон эмес, тескерисинче, ал нажас деп

эсептелген. Нажас нерсе адамдарды урматтоонун өлчөмү боло албайт. Бирок, оо Ислам уулдары, силердин чыныгы кадыр-баркыңар жана урмат-сыйыңар Жаратканыңар, Раббиңер жана Мавлаңар силер үчүн ыраазы болгон нерседе жатат:

﴿يَا أَيُّهَا النَّاسُ إِنَّا خَلَقْنَاكُم مِّن ذَكَرٍ وَأُنثَىٰ وَجَعَلْنَاكُمْ شُعُوباً وَقَبَائِلَ لِتَعَارَفُوا إِنَّ أَكْرَمَكُمْ عِندَ اللَّهِ أَتْقَاكُمْ إِنَّ اللَّهَ عَلِيمٌ خَبِيرٌ﴾

***«Эй инсандар, чындыгында Биз силерди бир эркек (Адам) жана бир аял (Хавва)дан жараттык да бири-бириңер менен таанышып (дос-жолдош болушуңар) үчүн силерди (түрдүү-түмөн) элдер жана уруу-элеттер кылып койдук. Албетте силердин Алла алдындагы эң урматтууңар эң такыбааларыңар. Албетте Алла Билүүчү жана Кабардар»***. (Хужурат: 13).

Оо Марокkodогу Ислам уулдары!

Бул саткын режимдердин жахилиятын четке каккыла. Секуляризмди, анын куфр түзүмүн, жахилияттык улутчулдугун, этностук бөлүнүүлөрүн жана асабияларын таштагыла. Мейли араб улутчулдугу болсун, амазиг улутчулдугу болсун, рифчилдик болсун же сахарачылдык болсун — баарын четке каккыла!

Мына, силердин Пайгамбарыңар ﷺ силерди жахилияттын асабиясынан эскертип жатат. Вахийдин өзү эле жетиштүү эскертүүчү.

Жабир ибн Абдуллах رضي الله عنهما мындай деген:

"كُنَّا فِي غَزَاةٍ، فَكَسَعَ رَجُلٌ مِنَ المُهَاجِرِينَ رَجُلاً مِنَ الأَنْصَارِ، فَقَالَ الأَنْصَارِيُّ: يَا لَلأَنْصَارِ! وَقَالَ المُهَاجِرِيُّ: يَا لَلْمُهَاجِرِينَ! فَقَالَ النَّبِيُّ ﷺ: «**مَا هَذَا؟ دَعْوَى أَهْلِ الجَاهِلِيَّةِ!**» فَقَالُوا: يَا رَسُولَ اللَّهِ، كَسَعَ رَجُلٌ مِنَ المُهَاجِرِينَ رَجُلاً مِنَ الأَنْصَارِ. فَقَالَ: «**دَعُوهَا، فَإِنَّهَا مُنْتِنَةٌ**»".

«Биз бир согушта жүргөнбүз. Ошондо мухажирлерден бир киши ансарлардан бир кишини тээп жиберди. Ансарий: “Эй ансарлар!” – деп кыйкырды. Мухажир болсо: “Эй мухажирлер!” – деп кыйкырды. Ошондо Пайгамбар ﷺ:

«Бул эмне? Жахилияттын чакырыгыбы?!» – деди.

Алар: “Оо Аллахтын Элчиси! Мухажирлерден бир киши ансарлардан бир кишини тээп жиберди”, – дешти. Ошондо ал ﷺ:

**«Аны таштагыла! Анткени ал жийиркеничтүү!»** – деди».

(Сахих аль-Бухари жана Сахих Муслим)

Ат-Тирмизинин сахабалар муснаддарында Абу Хурайра رضي الله عنه риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси ﷺ мындай деген:

**«لَيَنْتَهِيَنَّ أَقْوَامٌ يَفْتَخِرُونَ بِآبَائِهِمُ الَّذِينَ مَاتُوا، إِنَّمَا هُمْ فَحْمُ جَهَنَّمَ، أَوْ لَيَكُونُنَّ أَهْوَنَ عَلَى اللهِ مِنَ الجُعَلِ الَّذِي يُدَهْدِهُ الخُرَاءَ بِأَنْفِه، إِنَّ اللهَ قَدْ أَذْهَبَ عَنْكُمْ عُبِّيَّةَ الجَاهِلِيَّةِ وَفَخْرَهَا بِالآبَاءِ، إِنَّمَا هُوَ مُؤْمِنٌ تَقِيٌّ أَوْ فَاجِرٌ شَقِيٌّ، النَّاسُ كُلُّهُمْ بَنُو آدَمَ، وَآدَمُ خُلِقَ مِنْ تُرَابٍ».**

**«Өлүп кеткен ата-бабалары менен сыймыктанган адамдар мындай кылууну токтотушсун. Болбосо алар Жаханнамдын отуну болушат. Же болбосо Аллахтын алдында мурду менен заң**

**тоголоткон коңуздан да төмөн болушат. Аллах силерден жахилияттын текеберлигин жана ата-бабалар менен мактанууну жок кылды. Адам же такыба момун болот, же бактысыз күнөөкөр болот. Бардык адамдар Адамдын урпактары, ал эми Адам топурактан жаратылган».**

Амазиг улутчулдугуна чакырыкты таштагыла. Ал жахилияттын чакырыгынан башка нерсе эмес. Режим ал аркылуу силердин жүрөгүңөрдөгү ыйманды кыйратууну жана акылыңардан Исламды түп-тамыры менен жулуп салууну көздөйт. Ошондуктан өзүңөрдү «амазиг агымына» таандык деп эсептегендердин аң-сезимин толтурган уулуу ойлор жалган жана негизсиз экенин билип койгула. Аларды француз кресттүү колонизаторлору мусулмандардын жүрөгүнө бири-бирине каршы кастыкты себүү үчүн жайылткан. Максаты мусулмандарды өз ара согуш менен алек кылып, чыныгы душманына каршы күрөштөн алаксытуу болгон. Бирок Франциянын бул кресттүүлүк саясаты силердин ата-бабаларыңардын улуу исламий акыйдасына жана ыйманына туш болгон. Ошондуктан Франция кресттүүлөрү Ислам уулдарын араб тилинин ордуна өзүнүн француз тилин күч менен үйрөтүүгө аракет кылган. Ошондуктан ата-бабаларыңардай татыктуу урпак болгула. Алар амазиг улутчулдугун четке каккандай, силер да аны четке каккыла. Ошондой эле бул малай кылмышкер режимден силердин араңарга анын фитнасын сепкени жана Исламыңарга каршы согуш жүргүзүүгө аракет кылганы үчүн катуу эсеп сурагыла. Бул тууралуу акыл жүгүрткүлө, ошондо ийгиликке жетесиңер. ❑

## Катар Ислам дүйнөсүндөгү Американын жана Батыш мамлекеттеринин таасирин сактап калууга шашылууда

«The Wall Street Journal» гезити маалымат булактарына таянып билдиргендей, Катардын дипломатиялык делегациясынын Тегеранга жасаган сапары америкалык «Апачи» тик учагы кулагандан кийин Америка Кошмо Штаттары менен Ирандын ортосунда бир нече күнгө созулган өз ара чабуулдарды токтотуп, АКШ президенти Дональд Трампты Иранга каршы өзү «катуу соккулар» деп атаган чабуулдарды жокко чыгарууга көндүргөн.

Гезит «Америка Кошмо Штаттары менен Иран кайрадан согуштан кантип тынчтыктын босогосуна келди?» деген аталыштагы баяндамасында, Трамп тик учак кулагандан кийин Тегеранга каршы аскерий чыңалууну күчөтүүнү чечип, Иранга жооп иретинде сокку урууну буйруганын жана жарандык инфраструктурага сокку уруу менен коркутканын билдирди. Өз кезегинде Тегеран Перс булуңундагы америкалык базаларды жана анын союздаштарын бутага алган.

Гезиттин маалыматына ылайык, өткөн аптадагы окуялардын бурулуш учуру шаршемби күнү болгон. Анда Катардын дипломатиялык делегациясы Тегеранга болгон сапарынан тынчтык келишиминин долбоорунун жаңы вариантын алып кайтып келген. Бул тууралуу америкалык аткаминерлер билдиришкен. Ошол эле учурда пакистандык аткаминерлер Трампты келишим жакын арада түзүлөрүнө ынандырышкан. Натыйжада ал ошол кечте убада кылган «катуу соккуларды» жокко чыгарган.

Ошентсе да, катарлык аткаминер гезитке: «Ирандын тоңдурулган миллиарддаган долларлык активдери, Ормуз кысыгын көзөмөлдөө жана Ирандын жогорку деңгээлде байытылган уранынан арылуу маселелери боюнча Иран менен Американын позицияларынын ортосунда дагы эле ажырымдар бар», – деп билдирген. Маселеден кабардар адамдардын айтымында, Иран тоңдурулган каражаттарына мүмкүн болушунча эртерээк жетүү үчүн басымды уланткан.

Ортомчулардын айтымында, алар Ормуз кысыгын кайра ачуу жана Иранга каршы америкалык блокадага байланыштуу чектөөлөрдү жеңилдетүү тууралуу келишимди аяктоого жакындап калышты. Ал эми башка маселелерди, анын ичинде Ирандын өзөктүк программасын жана чет өлкөлөрдөгү ирандык активдердин тоңдурулушун кийинчерээк сүйлөшүүгө калтыруу каралууда.

**Ал-Ваъй:** мына ушундайча араб өлкөлөрүнүн башкаруучулары Американы туңгуюктан чыгарууга аракет кылып, ошол эле учурда

Батыштын кызыкчылыктарын коргоо жолунда жүрүшөт. Анткени алар Батыштын кызыкчылыктарына кызмат кылган малайдан башка эч ким эмес. Дал ушул ролдор аркылуу Ислам үммөтү бөлүнүп-жарылып, алсыратылды жана Ислам шарияты четке сүрүлдү. Натыйжада анын жашоодо жеке ибадаттардан башка эч кандай таасири калбай турган абалга жеткирилди.

## Америка аймактагы бардык башкаруучуларга өз кызматкерлери катары мамиле кылууда

Америка президенти Дональд Трамп Иран колдогон Ливандагы Хизбуллах уюмуна каршы күрөшүүдө Сирия (израилге) караганда «мыктыраак иш жасай алат» деп билдирди.

Ал «Чоң жетилик» саммитинин алкагында журналисттер менен болгон маегинде, өткөөл мезгилдин президенти Ахмад аш-Шарага ишара кылып: «Азыр Сирияны башкарып жаткан адам Хизбуллахка каршы жакшы күрөшө алат», – деди. (израил) көп жылдан бери Хизбуллахты жеңүүгө жана бул топтун Ливандан (израилге) ракета атуусуна бөгөт коюуга аракет кылып келет. Бирок азыркыга чейин буга жетише алган жок.

Трамп: «Мен (израилге) Хизбуллах маселесин аш-Шарага тапшырууну сунуштадым», – деп, Сириянын өткөөл мезгилдеги президентин: «Бул кызматка мен дайындаган адам», – деп мүнөздөдү.

Ал мындай деп кошумчалады: «Ал идеалдуу эмес, бирок катарларды бириктирүүдө эң сонун иш жасады. Ошондой эле ал Хизбуллах менен абдан жакшы күрөшө алат. Ал аларды жактырбайт».

Андан ары Трамп: «Мен (израилге) Хизбуллах маселесин Сирияга тапшырууну сунуштадым. Анткени, чынын айтсам, менимче, алар бул ишти жакшыраак аткарышат», – деди.

Ошондой эле Америка президенти (израил) Хизбуллах менен «өтө узак убакыттан бери» согушуп жатканын белгилеп, «өтө көп адамдар өлтүрүлүп жатат», – деп кошумчалады.

Трамп: «Ар бир жолу бир адамды издеп жатканда турак жайды толугу менен кыйратуунун кереги жок. Анткени ал имараттарда көп адамдар жашайт жана алардын баары эле Хизбуллахтын мүчөлөрү эмес», – деди.

Белгилей кетсек, Сириянын өткөөл мезгилдеги президенти буга чейин да Ливандагы Хизбуллах менен кагылышууга кирүүнү ойлобой турганын бир нече жолу билдирген. Ал ишемби күнкү билдирүүсүндө: «Сириянын Ливанга кириши тууралуу айтылып жаткан сөздөр чындыкка дал келбейт», – деген.

**Ал-Ваъй:** Трамптын башкаруучулар жана өзүнө караштуу өкүлдөр тууралуу ачык-айкын сүйлөшү эми аларды ыңгайсыз абалга калтырып, алардын ролдорун ашкерелеп жатат. Мурда жашыруун болгон нерселер бүгүн ачык айтылып, аны Трамптын өзү айтып жатат. Мусулман башкаруучуларынын жана жасалма позициялар менен спектакль ээлеринин шерменделигин карагылачы!

## Иордания бийлиги Аммандын борборунда Газаны колдоо жүрүшүн өткөрүүгө тыюу салды

Борбор калаа Аммандын мэри Ясир аль-Адван 2026-жылдын 26-июнунда, жума күнү, Аммандын борборундагы аль-Хусайни мечитинин алдында өткөрүлүшү пландалган иш-чарага тыюу салуу чечимин кабыл алды.

Каршылыкты колдоо жана мекенди коргоо боюнча Улуттук форум менен Иорданиянын Элдик улуттук фронту 2026-жылдын 26-июну, жума күнү, жума намазынан кийин Аммандын борборундагы аль-Хусайни мечитинин алдынан баштала турган массалык жүрүшкө катышууга чакырышкан. Жүрүш **«Акса жана ыйык жайларды коргоо үчүн, аларды коргоодогу Хашимий камкордугунун ролун ырастоо үчүн (чыгабыз) жана Палестинадагы сионисттик геноцидге каршыбыз»** деген ураандын алдында өтмөк.

Уюштуруучулар бул иш-чара палестин эли менен тилектештикти билдирүү, Аль-Акса мечитин жана Кудустагы исламий жана «христиандык» ыйык жайларды коргоо, ошондой эле бул ыйык жайларды коргоодогу Хашимий камкордугунун маанилүүлүгүн баса белгилөө максатында уюштурулганын билдиришкен. Ошондой эле алар оккупацияланган аймактардагы палестиналыктарга каршы жасалып жаткан кылмыштарды жана мыйзам бузууларды четке кагышкан.

**Ал-Ваъй:** жүрүшкө тыюу салынган ошол эле аптада, 2026-жылдын 23-июнунда, шейшемби күнү эртең менен адамдар Аммандын борборундагы Хашимий аянтына Иорданиянын улуттук курама командасы менен Алжирдин улуттук курама командасынын дүйнө чемпионатындагы оюнун көрүү үчүн гана чогулушкан. Натыйжада адамдардын түртүшүүсүнөн бир жигит каза болуп, дагы сегиз киши жаракат алган. Бирок Иордания бийлиги бул чогулушка тыюу салган жок. Ал эми Газа жана Палестина элин колдоо үчүн үмметтүн өз саясий пикирин билдирүүсүнө тыюу салууда. Муну менен Иордания режими яхудий түзүмүн коргоо үчүн кызмат кылган малай режим экенин дагы бир жолу далилдеп жатат.

## Кыргыз бийлиги ШКУ саммити алдында провакациялык аракеттерин күчөтүүдө

Үстүбүздөгү жылдын 31-августунда Кыргызстан борбору Бишкек шаарында Шанхай Кызматташтык Уюмуна мүчө мамлекет жетекчилеринин 25-саммити башталат. Бул уюм төрт коркунучка каршы күрөшүү үчүн түзүлгөн. Алар: терроризм, экстремизм, сепаратизм жана баңги соодасы.

Уюм түзүлгөн жылдардан бери терроризм, экстремизм шылтоосу менен мусулмандарды бутага алып келет. Ал эми, сепаратизм шылтоосу астында Кытайда уйгур жана башка мусулмандар куугунтукталат.

Кыргыз бийлиги кезектеги саммитти өткөрүүчү тарап катары өзүнүн милдеттенмесин эртелеп аткарууга киришкендей. Атап айтканда, экстремизм, терроризм шылтоосу менен дааватчыларды камакка алуу, маски шоуларды уюштуруу аракетин күчөттү. Алгач, Ош жана Баткен облустарында атайын операция өткөрүлүп, 31 жаран терроризм менен айыпталып кармалганы тууралуу расмий кабарланды.

Андан көп өтпөй эле Бишкек шаарында бир катар дааватчы жигиттердин, муслима эже-карындаштарыбыздын үйлөрүндө жосунсуз тинтүүлөр жүргүзүлдү. Маселен, 2026-жылдын 12-июнунда таңкы саат 6:00 чамасында Бишкек шаарынын Свердлов райондук Ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери дааватчы үй-бүлөнүн тынчын алып, алдоо жолу менен эшикти ачтырышкан. Тактап айтканда, үй ээсинин унаасын сүзүп алганын айтып, сыртка чакырышкан. Натыйжада, сыртка чыккан Эсенбаева Майрамкан карындашыбызды жарандык кийимчен күч кызматкерлер курчап алып, үйгө киришкен.

Алар кылмышкер каракчылардай үйгө кирген соң, бардык бөлмөлөрдү тинтип чыгышкан. Тинтүү учурунда кош бойлуу карындашыбыздын төрөткө даярдап койгон буюмдары дагы чачылып, үй-бүлө мүчөлөрүнүн нааразычылыгы эске алынган эмес. Кызматкерлер үйдөн мыйзамга каршы келе турган эч кандай буюм же материал табышпаган соң уюлдук телефондорун, ошондой эле үйдөгү байкоо камерасынын маалымат сактагычын алып кетишкен.

Окуянын натыйжасында кош бойлуу карындашыбыз катуу стресс абалына түшүп, кан басымы көтөрүлгөн. Дары ичүүгө уруксат берүү да кечиктирилген. Кийинчерээк анын ден соолугу начарлап, шишик пайда болгондуктан, кесарево жолу менен төрөгөнү маалым болду. Буга чейин дарыгерлер анын ден соолугу жакшы болгонун айтышкан.

## Хизб ут-Тахрирдин Сирия вилаятындагы маалымат кызматында өзгөрүүлөр болду

Хизб ут-Тахрирдин Сирия вилаятындагы маалымат бөлүмү өзүнүн жетекчиси алмашканын жарыялады. Анда 1448-хижрий жылдын 1-Мухаррамынан, башкача айтканда 2026-жылдын 16-июнунан тартып Хизб ут-Тахрирдин Сирия вилаятындагы маалымат бөлүмүнүн жетекчиси болуп устаз Али Мустафа аль-Бакрий дайындалганы айтылды.

Ошондой эле билдирүүдө маалымат кызматынын мурдагы жетекчиси устаз Ахмад Абдулваххабга көп жылдар бою кызматты жетектеп турган мезгилдеги аракеттери жана жан үрөп эмгектенгени үчүн ыраазычылык билдирилди.

Мындан тышкары, билдирүүдө Хизб ут-Тахрирдин Сирия вилаяты менен байланышуу үчүн жаңы даректер жарыяланды. ❑

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

## ЖАКШЫЛЫК МЕНЕН ЖАМАНДЫКТЫН ӨЛЧӨМҮ

**Халифа Мухаммад – Иордания**

Аллах Таала айтты:

﴿كُتِبَ عَلَيْكُمُ الْقِتَالُ وَهُوَ كُرْهٌ لَّكُمْ وَعَسَى أَن تَكْرَهُواْ شَيْئًا وَهُوَ خَيْرٌ لَّكُمْ وَعَسَى أَن تُحِبُّواْ شَيْئًا وَهُوَ شَرٌّ لَّكُمْ وَاللّهُ يَعْلَمُ وَأَنتُمْ لاَ تَعْلَمُونَ﴾

*«(Эй, момундар!)* ***Силерге жакпаса да, согуш парз кылынды.*** *(Анткени)* ***Силер өзүңөр үчүн жакшы*** *(пайдалуу)* ***болгон нерсени жаман көрүшүңөр жана силер үчүн жаман*** *(зыяндуу)* ***болгон нерсени жакшы көрүшүңөр мүмкүн. Алла билет, а силер билбейсиңер»****.* (Бакара: 216).

Бул улуу аят мусулмандарга согуштун парз кылынганы тууралуу кабар берүү менен башталган. Бул жерде этиши белгисиз өткөн чактагы этиш (كُتِبَ) колдонулган. Бул кабар шаръий өкүмдөрдүн бири болгон согушууга буйрук берүү маанисинде келген. Демек, ﴿كُتِبَ عَلَيْكُمُ الْقِتَالُ﴾ «Согушкула» деген маанини билдирет. Бул – важибдикти билдирген буйрук. Ошондой эле ал ﴿وَهُوَ كُرْهٌ لَّكُمْ﴾ деген абалды түшүндүргөн сүйлөм (аль-жумла аль-хаалия) менен коштолгон. Натыйжада, согуштун важибдиги анын машакат жана оордук менен коштолушу себептүү дагы да бекемделген.

Бул аят согушка уруксат берүү жана ага буйрук кылуу боюнча биринчи түшкөн эмес. Согушка уруксат мындан мурда эле, хижраттан кийин, башкача айтканда, Мединада биринчи Ислам мамлекети тикеленгенден тартып берилген. Бул тууралуу Аллах Тааланын төмөнкү сөзү далил:

﴿أُذِنَ لِلَّذِينَ يُقَاتَلُونَ بِأَنَّهُمْ ظُلِمُوا﴾

***«Чабуулга учурап жаткан заттарга зулумдук көргөндүктөрү себептүү (согушууга) уруксат берилди».*** (Хаж: 39).

Ушуга окшогон башка аяттар да бар. Ал эми хижраттан мурда аларга согушууга уруксат берилген эмес.

Курх (الكُرْه) – напси жаман көргөн жана адамдын табияты андан качкан нерсе. Согуш напсиге оор келет, анткени ал адамды тынчтыгынан, ырахатынан, уйкусунан, тамагынан, үй-бүлөсүнөн жана үйүнөн ажыратат. Мындан тышкары, анда машакат жана чарчоо бар. Ошондой эле ал адамдардын өмүрүнүн кыйылышына, кандын төгүлүшүнө, үйлөрдүн жана курулуштардын кыйрашына себеп болушу

мүмкүн. Бирок, улуу аяттын калган бөлүгү билдиргендей, ушунун баары менен бирге ал жакшылык болушу да мүмкүн.

Аллах Тааланын төмөнкү:

﴿وَعَسَى أَن تَكْرَهُواْ شَيْئًا وَهُوَ خَيْرٌ لَّكُمْ وَعَسَى أَن تُحِبُّواْ شَيْئًا وَهُوَ شَرٌّ لَّكُمْ﴾

*«(Анткени)* ***Силер өзүңөр үчүн жакшы*** *(пайдалуу)* ***болгон нерсени жаман көрүшүңөр жана силер үчүн жаман*** *(зыяндуу)* ***болгон нерсени жакшы көрүшүңөр мүмкүн»*** – деген сөзү, буга чейин шариятта белгиленген, напсилер жаман көргөн согуштун важибдиги тууралуу өкүмдү толуктап, жаман көрүнгөн нерсе жакшылык болушу мүмкүн экенин, ал эми жакшы көрүнгөн нерсе жамандык болушу мүмкүн экенин баяндайт.

Аят «عسى» сөзү менен башталган. Бул сөз адамдар үчүн колдонулганда үмүттү билдирет. Бирок Аллах Таала тууралуу колдонулганда аныктыкты жана шексиз ишке ашууну билдирет. Аяттын ушул бөлүгүндө адам үчүн жакшылык менен жамандыктын өлчөмү кандай болушу керектиги аныкталган. Себеби, туура түшүнүктөрдөн куру калган адам өзү жакшы көргөн жана өзүнө пайда алып келген нерсени жакшылык деп, ал эми өзү жаман көргөн жана өзүнө зыян алып келген нерсени жамандык деп эсептейт. Бирок мындай өлчөө туура эмес, анткени адамдар жамандык деп эсептеген канчалаган нерселерде жакшылык бар, ошондой эле адамдар жакшылык деп эсептеген канчалаган нерселерде жамандык бар.

Улуу аяттын акырындагы:

﴿وَاللّهُ يَعْلَمُ وَأَنتُمْ لاَ تَعْلَمُونَ﴾

***«Алла билет, а силер билбейсиңер»*** – деген сүйлөм мунун себебин баяндайт. Ал себеп Аллах Субханаху ва Тааланын чексиз илими жана адамдын илиминин чектелгендиги. Анткени адамдын илими Аллах Субханаху ва Тааланын илиминин алдында эч нерсеге тете эмес. Ушул түшүнүккө ылайык көптөгөн шаръий насстар келген. Алардын бири – Аллах Азза ва Жалланын аялдарга мамиле кылуу тууралуу төмөнкү сөзү:

﴿وَعَاشِرُوهُنَّ بِالْمَعْرُوفِ فَإِن كَرِهْتُمُوهُنَّ فَعَسَى أَن تَكْرَهُواْ شَيْئًا وَيَجْعَلَ اللّهُ فِيهِ خَيْرًا كَثِيرًا﴾

***«Алар менен жакшы ынтымакта жашагыла. Эгер аларды жаман көрсөңөр да*** *(сабыр кылып, ынак болуп жашай бергиле).* ***Анткени силер жаман көргөн нерседе да, Алла көп жакшылыктарды ыраа кылып койгон болушу мүмкүн»***. (Ниса: 19).

Аллах Субханаху ва Таала аялдарга жакшы мамиле кылууга буйруду, ал тургай кандайдыр бир жаман көрүү сезими пайда болсо да. Анткени, жогоруда айтылгандай, жаман көрүү амал кылуунун өлчөөсү эмес. Себеби жаман көрүнгөн нерсе жакшылык болушу мүмкүн.

Ошондой эле ифк окуясы тууралуу Аллах Тааланын төмөнкү сөзү да ушуга далил:

﴿إِنَّ الَّذِينَ جَاؤُوا بِالْإِفْكِ عُصْبَةٌ مِّنكُمْ لَا تَحْسَبُوهُ شَرًّا لَّكُم بَلْ هُوَ خَيْرٌ لَّكُمْ﴾

***«Шек-күмөнсүз, бул жалааны келтирген кимселер өзүңөрдөн эле болгон бир топ. Аны силер өзүңөр үчүн жамандык деп ойлобогула, кайра ал силер үчүн жакшылык»***. (Нур: 11).

Бул окуяда Расулуллахка ﷺ жана анын таза жубайына чоң азар жеткенине карабастан, Аллах Субханаху ва Таала аны момундар үчүн жакшылык деп сыпаттаган. Бул сыпат жана бул өлчөм момундарга гана тиешелүү. Мунун себеби – Аллах Субханаху ва Таалага болгон ыйман. Буга Расулуллахтын ﷺ төмөнкү хадиси далил болот:

**"عَجِبْتُ لأمرِ المؤمنِ، إنَّ أمرَهُ كُلَّهُ خيرٌ، إن أصابَهُ ما يحبُّ حمدَ اللَّهَ وَكانَ لَهُ خيرٌ، وإن أصابَهُ ما يَكْرَهُ فصبرَ كانَ لَهُ خيرٌ، وليسَ كلُّ أحدٍ أمرُهُ كلُّهُ خيرٌ إلَّا المؤمن".**

«**Момундун ишине таң каламын. Чындыгында анын бардык иши жакшылык. Эгер ага өзү жакшы көргөн нерсе жетсе, Аллахка мактоо айтат, бул ага жакшылык болот. Ал эми өзү жаман көргөн нерсе жетсе, сабыр кылат, бул да ага жакшылык болот. Бардык иши жакшылык болгон мындай абал момундан башка эч кимге таандык эмес**».

Бул хадисте жакшылык өкүмү «момун» деген сөзгө байланыштырылган. Ал болсо туунду (муштак) болгон исм фааил (ээси бар этиш). Өкүмдүн муштак сөзгө байланыштырылышы анын келип чыккан булагынын себеп экенин билдирет. Башкача айтканда, момундун бардык иштеринин жакшылык болушунун себеби – анын ыйманы. Анткени момун Аллахтын илими чексиз экенине, Анын хикматы каамил экенине жана башкаруусу эң мыкты экенине толук ишенет.

Хизб ут-Тахрирдин амири, урматтуу аалым Ата ибн Халил Абу Рашта (хафизохуллох) бул аяттын тафсиринде мындай дейт:

«Мааниси мындай: жихаддагы машакатты жаман көрүшүңөр мүмкүн. Бирок ал силер үчүн жакшылык. Анткени ал – жеңиштин, иззаттын жана Исламды жайылтуунун жолу. Ошондой эле ал эки жакшылыктын бирине – жеңишке же шахиддикке алып баруучу жол. Силер тынч жашоону жана согуштан баш тартууну жакшы көрүшүңөр мүмкүн. Бирок ал силер үчүн жамандык. Анткени ал – кордукка, басынууга, душмандын силерге жамандык жеткирүүгө батынуусуна жана силерге көз артуусуна алып баруучу жол. Эгер иште напсиңердин каалоосуна ээрчисеңер, адашасыңар. Ал эми Аллахтын парз кылган өкүмүнө ээрчисеңер, ийгиликке жетесиңер. Аллах Субханаху ва Таала кайыпты толук Билүүчү Зат». Демек, бардык жакшылык момундун Аллах Субханаху ва Тааланын буйруктарына баш ийип, Ал тыюу

салган нерселерден алыс болушунда. Аллах Азза ва Жалла мындай деген:

﴿وَلَوْ أَنَّهُمْ آمَنُواْ وَاتَّقَوْا لَمَثُوبَةٌ مِّنْ عِندِ اللَّهِ خَيْرٌ لَّوْ كَانُواْ يَعْلَمُونَ﴾

***«Эгер алар ыйман келтирип, Алладан коркушса, Алла тарабынан боло турган сооп албетте көбүрөөк жакшы болоорун билишсе кана?!»*** (Бакара: 103).

Дагы мындай деген:

﴿وَأَن تَصُومُواْ خَيْرٌ لَّكُمْ إِن كُنتُمْ تَعْلَمُونَ﴾

***«Эгер билсеңер орозо кармооңор өзүңөр үчүн*** *(акы төлөөгө караганда, ал тургай үзүр себептүү убагында кармабаган орозого караганда)* ***жакшыраак»***. (Бакара: 184). Ушуга окшогон аяттар абдан көп.

Ал эми бардык жамандык – куфрда жана Аллах Азза ва Жаллага моюн сунбоодо. Аллах Таала мындай деген:

﴿وَلاَ يَحْسَبَنَّ الَّذِينَ يَبْخَلُونَ بِمَا آتَاهُمُ اللّهُ مِن فَضْلِهِ هُوَ خَيْرًا لَّهُمْ بَلْ هُوَ شَرٌّ لَّهُمْ﴾

***«Алла жоомарттыгы менен берген нерселердин*** *(зекетин)* ***берүүгө бакылдык****, (сараңдык),* ***кылган кишилер эч качан бул кылмыштарын өздөрү үчүн жакшылык деп эсептешпесин! Жок, бул кылган иштери өздөрү үчүн жамандык»***. (Али Имран: 180).

Бул жерде бир нерсеге көңүл буруу зарыл. Шаръий нусустар жакшылык менен жамандыктын туура өлчөмүн аныктаганы менен, айрым жерлерде «жакшылык» жана «жамандык» сөздөрү өздөрүнүн тилдик маанисинде да колдонулган. Мисалы, Аллах Субханаху ва Таала мындай деген:

﴿وَنَبْلُوكُم بِالشَّرِّ وَالْخَيْرِ فِتْنَةً وَإِلَيْنَا تُرْجَعُونَ﴾

***"Биз силерди*** *(сабыр-таакаттарыңарды сыноо үчүн)* ***жамандык менен да,*** *(шүгүр кылууңарды билүү үчүн)* ***жакшылык менен да «алдап» сынайбыз.*** *(Кийин)* ***жалаң Бизге гана кайтарыласыңар".*** (Анбия: 35).

Анткени адам өзүнө жакпаган жана өзүнө зыяндуу деп эсептеген нерселер менен сыналат. Мындай учурда ал иштерге шарият белгилеген туура өлчөм менен карашы керек. Себеби бардык нерсени толук Билүүчү жана бардык Кабардар болгон Зат жалгыз Аллах. Пайда менен зыяндын ээси да Аллах жана Ал момунду ал үчүн жакшылык болбогон нерсе менен эч качан сынабайт.

Бул санда биз токтогон улуу аят Аллах жолунда согушуунун важиб экенин дагы бир жолу баса белгиледи. Бул – Аллах Субханаху ва Таала парз кылган жихаддын бир бөлүгү. Ал аны Исламды адамдарга жеткирүүнүн жана жайылтуунун шаръий тарикаты кылып белгилеген. Анткени Ислам – бул мабда. Ал эми мабда – фикрат жана тарикат. Аллах Субханаху ва Таала Өзүнүн элчиси Мухаммадды ﷺ бардык

адамзатка жиберген. Мусулмандарга болсо муну белгиленген шаръий тарикат менен ишке ашырууну парз кылган. Ал тарикат – Расулуллах ﷺ аткаргандай Аллах жолундагы жихад.

Бул адамдарды Исламга алардын акылдарына жана жүрөктөрүнө таасир эте тургандай кылып чакырууну да өз ичине камтыйт. Эгер алар баш тартышса, аларга Ислам менен өкүм жүргүзүшүбүздү, аларды коргошубузду жана жизья төлөшүн сунуштайбыз. Эгер мындан да баш тартышса, анда согуш жана уруш болот. Ошондуктан Ислам мамлекети болгон Халифалык мамлекетинин тышкы саясаты бардык адамдарга Ислам дааватын жеткирүү негизине курулган. Ислам мамлекети башка мамлекеттер менен болгон мамилелерин ушул негизде түзөт. Бул максатты ишке ашыра турган саясий иштерди жүргүзөт. Эгер саясий иштер натыйжа бербей калса, согушка кайрылат. Демек, согуш – саясий максаттарды ишке ашырууда жана көздөлгөн натыйжаларга жетүүдө саясатчы колдонгон эң акыркы каражат.

Аллах Субханаху ва Тааладан бул үммөткө жеңиш менен үстөмдүктү тездетишин тилейбиз. Ошондо ал кайрадан бардык адамдарга нурду, хидаятты жана адилеттикти жеткирген мурдагы ордуна кайтып келет.❑

## АБДУЛЛАХ ИБН АБДУЛЛАХ ИБН УБАЙ ИБН САЛУЛ (رضي الله عنه)

**Райан Иса – Ирак**

Расулуллахтын ﷺ сахабаларынын өмүр баянындагы кызыктуу окуялардын бири – улуу сахаба Абдуллах ибн Абдуллах ибн Убай ибн Салулдун, (رضي الله عنه) өмүр баяны. Анткени бир тарапта анын Аллахка, Анын Элчисине жана Исламга болгон ыйманы топтолсо, экинчи тарапта анын атасы Абдуллах ибн Убай ибн Салулда – Мадинадагы мунафыктардын башчысында – бүтүндөй эки жүздүүлүк топтолгон эле. Ошондуктан бул эки өмүр баянды бири-биринен ажыратып кароо мүмкүн эмес. Ушул себептен бул макалада экөөнүн тең абалына жана бир эле маселеге т.а. улуу Ислам динине кандай мамиле кылышканына токтолобуз. Ата менен бала экөө тең «Абдуллах» деген атты алып жүрүшкөндүгү бул өмүр баяндын эң таң калычтуу жагы болуп саналат.

Абдуллах (уулу) атасы өз напсисинин өкүмүнө ээрчибегенде, аброй жана ар-намыска толгон үй-бүлөдөн чыккан болот эле. Ал жүрөгү акылмандыкка толгон абалда келди жана жүрөгү акыйдасына толук баш ийген болчу. Ошентип жаңыдан түзүлгөн мусулман коомунун сабында алдыга чыгып, анын орду алдыңкы катарда болду.

Аллахтын динине кирген учурдан тартып эле жүзүн Исламды коргоо жолуна бурду жана өзүн толугу менен ага арнады. Анын манхажы бөлүнүүнү же карама-каршылыкты кабыл албаган бир бүтүн абийир эле. Ал Исламды куфрга каршы кандай коргосо, нифакка каршы да ошондой коргоду. Атасына каршы кандай турса, Ислам дааватына же аны алып келген Пайгамбарга ﷺ каршы чыгууга напсиси азгырган ар бир каапырга же мунафыкка каршы да ошондой турду.

Ал – Малик ибн аль-Харис ибн Убайд ибн Малик ибн Салимдин уулу. Салим болсо курсагы чоң болгондуктан «аль-Хубла» деп аталчу. Ал Ганм ибн Ауф ибн аль-Хазраждан болгон ансарлык хазражий эле. Анын атасы атактуу мунафык Ибн Салул деген ат менен белгилүү болгон. Абдуллах ибн Абдуллах

сахабалардын мырзаларынан жана алардын эң жакшыларынан эле. Анын аты Хубаб болчу, атасына да ошого байланыштуу «Абу Хубаб» деп лакап коюлган. Кийин Пайгамбар ﷺ анын атын өзгөртүп, Абдуллах деп атады.

Ал Бадр согушуна жана андан кийинки бардык согуштарга катышкан. Абу Абдуллах ибн Манда (Абдуллах ибн Убайдын رضي الله عنه) мурду Ухуд күнү жабыркап калганын айтып, Пайгамбар ﷺ ага алтындан мурун жасатып алууну буюрганын риваят кылган. Буга окшошураак риваят Айшадан да (رضي الله عنها) келтирилген. Анда Абдуллах ибн Абдуллах ибн Убай (رضي الله عنه) мындай деген:

نَدَرَت ثَنِيَّتي فأمرني رسول الله ﷺ أن أتخذ ثنية من ذهب.

**«Алдыңкы тишим сынып калды. Ошондо Расулуллах ﷺ мага алтындан алдыңкы тиш жасатып алууну буюрду».**

Абдуллах (атасы) башына таажы кийгизиле турган адам эле. Бирок таажы башына тие электе эле түшүп калды! Ошентип, падыша болуу урматынан эң кооптуу жашыруун душманга (мунафыкка) айланды. Абдуллах ибн Убай ибн Салул хижраттан мурда Ясрибдеги Хазраж уруусунун чоңдорунун бири болгон. Эли аны падыша кылууга даярдык көрүп, өздөрүнө падыша катары таажы кийгизүү үчүн мончокторду тизип да коюшкан эле. Бирок Расулуллах ﷺ Мадинага хижрат кылып келгенде жана Авс менен Хазраж ага ыйман келтиргенде, Ибн Убайдын падышалыгы баштала электе эле кыйрады. Ошондо анын жүрөгү кекке жана ачууга толду. Ал Исламда экенин сыртынан көрсөтүп, куфрду ичинде жашырды. Ошентип, Мадинадагы мунафыктардын башчысы болуп калды. Анын айланасына жүрөгүндө ыйманы бекем орун албаган, өзү сыяктуу адамдар чогулушту. Башында ал Исламды сыртынан көрсөтүп, мусулмандар менен бирге намаз окучу. Бирок ичинде аларга болгон душмандыкты жашырып, аларга каршы айла-амалдарды түзчү. Аллах Таала андай адамдар жөнүндө мындай деген:

﴿وَمِنَ النَّاسِ مَن يَقُولُ آمَنَّا بِاللَّهِ وَبِالْيَوْمِ الْآخِرِ وَمَا هُم بِمُؤْمِنِينَ ۝ يُخَادِعُونَ اللَّهَ وَالَّذِينَ آمَنُوا وَمَا يَخْدَعُونَ إِلَّا أَنفُسَهُمْ وَمَا يَشْعُرُونَ﴾

***«Адамдардын арасында ушундайлар да бар, өздөрү момун болбой туруп: “Биз Аллага жана Кыямат Күнүнө ыйман келтирдик”,- дешет. Бирок алар ишенишпейт. Алар Алланы***

***жана ыймандууларды алдамакчы болушат жана өздөрү сезбеген абалда өздөрүн гана алдашат».*** (Бакара: 8–9).

Абдуллах ибн Убай Мадинадагы дал ушул адамдардын башчысы эле. Ал дайыма пландарды түзүп, фитналарды козгоп, мусулмандардын арасында кастыкты тутандырып турчу. Бадр согушунда ал мусулмандар менен бирге чыккан эмес. Мусулмандар жеңишке жеткенден кийин болсо анын кеги ого бетер күчөдү. Андан кийин Ухуд согушунда Пайгамбар ﷺ менен бирге чыгып, жанында үч жүз киши бар эле. Бирок аскер жолго чыкканда, ал өзүнүн адамдары менен кайра кайтып кетип: «Эгер согуш болорун билсек, силерди ээрчимекпиз», – дешти. Бул мусулмандардын катарында чоң боштук пайда болушуна себеп болду. Бул тууралуу Аллах Таала мындай деген:

﴿وَلِيَعْلَمَ الَّذِينَ نَافَقُوا وَقِيلَ لَهُمْ تَعَالَوْا قَاتِلُوا فِي سَبِيلِ اللَّهِ أَوِ ادْفَعُوا قَالُوا لَوْ نَعْلَمُ قِتَالًا لَّاتَّبَعْنَاكُمْ هُمْ لِلْكُفْرِ يَوْمَئِذٍ أَقْرَبُ مِنْهُمْ لِلْإِيمَانِ﴾

***«...чыныгы момундарды билүү үчүн, ошондой эле нифак-эки жүздүүлүк жолуна кирген кишилерди аныктоо үчүн болду. Аларга: «Келгиле, Алла жолунда согуш кылгыла, же*** *(эч болбосо биздин саныбызды көбөйтүү менен душманды)* ***кайтаргыла», деп айтылса, «Эгер согуш болуусун анык билгенибизде го силердин артыңардан барган болоор элек дешет». Ошол күнү алар ыймандан көрө каапырлыкка жакыныраак эле. Алар ооздору менен көңүлдөрүндө болбогон нерселерди айтышууда. Алла болсо алардын жашырган сырларын абдан жакшы билүүчү».*** (Али Имран: 167).

Бану Мусталак согушунда мухажирлерден бир киши менен ансарлардан бир кишинин ортосунда жаңжал чыкканда, Ибн Убай өзүнүн белгилүү сөзүн айткан. Ал: «Алар биздин жерибизде бизге каршы чыгып, саны жагынан көбөйүп кетишти. Аллахка ант болсун, биздин аларга болгон мисалыбыз: “Итиңди семиртсең, өзүңдү жейт”, – деген макалдагыдай болуп калды», – деди. Андан соң: «Эгер Мадинага кайтып барсак, анда сөзсүз эң кадырлуусу андан эң кор адамды чыгарып жиберет», – деди. Ал муну менен Пайгамбарды ﷺ жана анын сахабаларын чыгарууну көздөгөн эле. Ошондо Аллах аны ашкерелеп, сырын ачып берген «Мунафикун» сүрөсүн түшүрдү. Аллах Таала мындай деди:

﴿يَقُولُونَ لَئِن رَّجَعْنَا إِلَى الْمَدِينَةِ لَيُخْرِجَنَّ الْأَعَزُّ مِنْهَا الْأَذَلَّ وَلِلَّهِ الْعِزَّةُ وَلِرَسُولِهِ وَلِلْمُؤْمِنِينَ وَلَكِنَّ الْمُنَافِقِينَ لَا يَعْلَمُونَ﴾

***«Алар: «Ант болсун, эгер Мадинага кайтсак, албетте күчтүүлөр күчсүздөрдү андан кууп чыгарат», дешет. Акыйкатта болсо, бардык күч-кудурет Алланыкы, Анын пайгамбарыныкы жана момундардыкы. Бирок мунаафыктар (муну) билишпейт».*** (Мунафикун: 8).

Ибн Убай динди кыйратууну канчалык каалаcа, анын уулу анын түркүктөрүн бекемдөөгө ошончолук умтулган. Ооба... Абдуллах атасынын бул сөзүн укту жана аны эң катуу түрдө четке какканын да билди. Андан кийин асмандан чындык түшүп, Абдуллахтын жүрөгүндөгү кайгынын оорусу эң жогорку чегине жетти жана анын жүрөгүн кайгы менен муңдун ар түрдүү өңдөрүнө толтурду. Расулуллах ﷺ жаш Зайд ибн Аркамды (رضي الله عنه) чакырып: «Эй Зайд! Аллах сени чындыкты айттың деп тастыктады», – деди. Андан соң ага асмандан түшкөн өкүмдү жана анын сөзүнүн ырасталганын окуп берди:

﴿هُمُ الَّذِينَ يَقُولُونَ لَا تُنفِقُوا عَلَى مَنْ عِندَ رَسُولِ اللَّهِ حَتَّى يَنفَضُّوا وَلِلَّهِ خَزَائِنُ السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ وَلَكِنَّ الْمُنَافِقِينَ لَا يَفْقَهُونَ ۝ يَقُولُونَ لَئِن رَّجَعْنَا إِلَى الْمَدِينَةِ لَيُخْرِجَنَّ الْأَعَزُّ مِنْهَا الْأَذَلَّ وَلِلَّهِ الْعِزَّةُ وَلِرَسُولِهِ وَلِلْمُؤْمِنِينَ وَلَكِنَّ الْمُنَافِقِينَ لَا يَعْلَمُونَ﴾

***«Алар (өздөрүнүн карамагындагыларга): «Алланын пайгамбарынын алдындагы кишилерге жакшылык-кайрымдуулук кылбагыла, тээ алар таркалып кетишсин», дей турган кимселер. Акыйкатта болсо, асмандар жана Жер казыналары Жалгыз Алланыкы. Бирок мунаафыктар (муну) аңдашпайт. Алар: «Ант болсун, эгер Мадинага кайтсак, албетте күчтүүлөр күчсүздөрдү андан кууп чыгарат», дешет. Акыйкатта болсо, бардык күч-кудурет Алланыкы, Анын пайгамбарыныкы жана момундардыкы. Бирок мунаафыктар (муну) билишпейт».*** (Мунафикун: 7–8).

Ошондо ал дароо Расулуллахка ﷺ барып, тарых бою жаңырып тура турган төмөнкү сөздөрдү айтты: «Аллахка ант болсун, кор (күчсүз) болгон – ал, ал эми улуу (күчтүү) болгон – Сизсиз, эй Аллахтын Элчиси! Эгер аны өлтүрүүгө мага уруксат берсеңиз, аны мен өзүм өлтүрөм. Аллахка ант болсун, Хазраж уруусу атасына менден да жакшыраак мамиле кылган адам жок экенин жакшы билет. Бирок Сиз аны өлтүрүүгө мусулмандардын бирине буйрук берип коёсуз деп корком. Ошондо атамдын өлтүргөн кишисинин жерде тирүү жүргөнүн көрүп, напсим ага чыдабай, аны өлтүрүп коём. Натыйжада, каапыр үчүн бир момунду өлтүрүп

алып, тозокко кирип калам». Бирок Пайгамбар ﷺ аны тынчтандырып, көңүлүн жибитип жана атасына жакшы мамиле кылууну осуят кылып мындай деди:

**«بل نحسن صحبته ونترفق به ما صحبنا، ولا يتحدث الناس أن محمدًا يقتل أصحابه، لكن بر أباك وأحسن صحبته».**

**«Жок. Биз ага жакшы мамиле кылабыз жана ал биз менен болгончо ага жумшак болобуз. Эл арасында: “Мухаммад өзүнүн сахабаларын өлтүрөт экен”, – деген сөз тарабасын. Сен болсо атаңа жакшылык кыл жана аны менен жакшы мамиледе бол».**

Абдуллахтын бул мамилеси акыйда робытасы эң бекем робыта экенине ачык далил болот. Аллах үчүн болгон жакшы көрүү робытасы эң күчтүү робыта. Бул Аллахка ант болсун, Ислам адамдардын жүрөгүнө куюп берген улуулуктун көрүнүшү эле. Расулуллах ﷺ менен жолуккандан кийин Абдуллах чыгып, атасы Мадинага кайтып келгенче күттү. Анан аны: «Мен күчсүзмүн, ал эми Расулуллах  күчтүү», – деп өз оозу менен мойнуна алмайынча, Мадинага киргизбей койду. Ал бул ишин Расулуллахтан ﷺ атасына карата мындай кылууну токтотуу тууралуу буйрук келгенге чейин улантты.

Анын атасы «ифк окуясында» да момундардын энеси Айшанын (رضي الله عنها) абийирине шек келтирип, жалган жалааны тараткан адамдардын бири болгон. Ошондо Аллах Таала анын (رضي الله عنها) күнөөсүз экенин Ыйык Курандагы «Нур» сүрөсүндө түшүрүп, ифк жалаасын тараткан мунафыктарды ашкереледи. Аллах Таала мындай деди:

﴿إِنَّ الَّذِينَ جَاءُوا بِالْإِفْكِ عُصْبَةٌ مِّنكُمْ لَا تَحْسَبُوهُ شَرًّا لَّكُم بَلْ هُوَ خَيْرٌ لَّكُمْ﴾

***«Шек-күмөнсүз, бул жалааны келтирген кимселер өзүңөрдөн эле болгон бир топ. Аны силер өзүңөр үчүн жамандык деп ойлобогула, кайра ал силер үчүн жакшылык».*** (Нур: 11).

Ибн Убай ушул топтун башчысы болгон. Ал жалганды жайылтып, фитнаны күчөткөн. Акыры Аллах Таала момундардын энеси Айшанын (رضي الله عنها) күнөөсүз экенин түшүрүп, мунафыктардын жалганын ачыктады.

Пайгамбар ﷺ Ибн Убайга анын сыртынан көрсөткөн Исламына жараша мамиле кылчу. Аны өлтүргөн эмес, кысымга алган эмес жана ашкерелеген да эмес. Тескерисинче, ичи толо нифак болсо

да, сыртынан көрсөткөн Исламына ылайык мамиле кылган. Анткени Расулуллах ﷺ анын чыныгы абалын билчү. Себеби ал ﷺ адамдардын сыртын кабыл алып, алардын ички сырларын Аллахка тапшырууга буюрулган эле. Ал эми Ибн Убай болсо мындан пайдаланып, айлакерлигин жана кастыгын дагы да күчөтүп турган.

Абдуллах ибн Убай өмүрүнүн акырына чейин Мадинадагы нифактын башчысы болуп калды. Ал жаңы түптөлүп жаткан Ислам коомунун ичиндеги эң кооптуу «бешинчи кол» эле. Бирок ал Исламга чыныгы зыян келтире алган жок. Анткени Аллах Өз Пайгамбарын жана динин анын айла-амалдарынан сактап калды. Ошондой эле анын окуясын Исламга ичинен душмандык кылып, сыртынан башкача көрүнгөн ар бир адам үчүн сабак кылды. Аллах Таала мындай деген:

﴿إِنَّ الْمُنَافِقِينَ فِي الدَّرْكِ الأَسْفَلِ مِنَ النَّارِ وَلَن تَجِدَ لَهُمْ نَصِيرًا﴾

***«Албетте, мунаафыктар тозоктун эң төмөн жайында болушат. Алар үчүн бир да жардамчы таппайсың!»*** (Ниса: 145).

Ал эми анын уулу Абдуллах ибн Абдуллах ибн Убай ибн Салулга (رضي الله عنه) келсек, Аллах ага берген убадасын чындыкка чыгарды. Ал Ямама согушунда чоң эрдик көрсөтүп, теңдешсиз кайраттуулук менен салгылашып, акыры шахид болду. Денеси жарааттарга толуп, жебелер денесин тешип өткөндөн кийин, Аллах жолунда душманга жүзүн буруп, артка чегинбестен шахид даражасына жетишти. Ошентип, Аллах ага берген убадасын аткарды. Оо, Аллах! Өз ырайымың менен бизди да алар менен бирге кайра тирилт. Акыркы дубабыз: «Бүткүл Ааламдардын Раббиси болгон Аллахка бардык мактоолор болсун». ❑

# ЯХУДИЙ ТҮЗҮМҮ “УЛУУ ДЕРЖАВА” ЭКЕНИНЕ ИШЕНЕ БАШТАДЫ. МЫНА УШУЛ АНЫН КЫЙРАШЫНА СЕБЕП БОЛОТ, ИНШААЛЛАХ

**Инженер Халил Абдурахман**

Яхудий түзүмүндөгү коопсуздук боюнча улуттук министр деп аталган Итамар Бен Гвирдин X платформасында: “““израилдик” бир эненин төккөн ар бир көз жашына жооп катары бүтүндөй Ливан күйүшү керек, ар бир израилдик эненин көз жашына миң ливандык эне ыйлашы керек”, – деген билдирүүсү яхудийлер жеткен текеберлик абалын жана өздөрүн көп нерсеге кудуреттүү, колу узун улуу держава катары сезип калганын дагы бир жолу тастыктады. Бул Нетаньяхунун өзү да бир нече жолу кайталап айткан сөздөрдүн уландысы. Ал өзүнүн түзүмү Жакынкы Чыгыштын жүзүн өзгөрттү деп, аны «аймактык улуу державага» айланды деп эсептейт.

Бул ишеним яхудий түзүмүндөгү саналуу адамдардын гана жеке пикири эмес. Тескерисинче, ал алардын арасында кеңири тараган сезимге жана көпчүлүгүнүн бекем ишенимине айланып калды. Ошондуктан алардын мамлекеттерди жок кылабыз, тактарды кулатабыз, Жакынкы Чыгышты кайрадан калыптандырабыз деп сүйлөгөнү таң калычтуу эмес. Анткени алар өздөрүн үстөм, күчкө жана эркке ээ деп көрүп калышты.

Яхудий жетекчилеринин сөздөрүнө кылдат назар салган адам булардын баары алардын башынан өткөргөн жана өз көзү менен көргөн окуялардын табигый натыйжасы экенин түшүнөт. Алар өткөн кылымдын башынан тартып, өз түзүмү пайда боло электе эле Батыштын аларды эч чарчабай, тынымсыз колдоп келгенин көрүштү. Британия аларга Бальфур декларациясын берди. Андан кийин аларды Палестинага жайгаштырды жана араб өлкөлөрүнүн, аймактагы башкаруучулардын чыккынчылыгы менен аларга жол ачып берди. Натыйжада алар өздөрүн жети армияны жеңдик деп ойлоп калышты. Кийин Америка келип, алардын түзүмүн өз камкордугуна алды. Аны бекемдеп, ар кандай колдоо жана мүмкүнчүлүктөр менен курчап, мусулман башкаруучуларын анын алдында басынтып, аларды ушул түзүмгө кызмат кылууга жана аны сактоого жумшады. А түгүл яхудийлер Газада эки жарым жыл бою жырткычтык менен кыргындарды жасап жаткан учурда да Америка – аны менен кошо Батыш өлкөлөрүнүн көпчүлүгү жана мусулман башкаруучулар аларды колдоодон жана жардам берүүдөн эч качан баш тарткан жок. Натыйжада яхудийлер өздөрү тууралуу чындап эле башка элдерден өзгөчөбүз, баары биздин ыраазычылыгыбызга жетүүнү каалайт жана бизди ачуулантуудан коркот деп ишенип калышты.

Чындыгында алар өздөрүн тоолорду титирете турган күчкө, кубатка жана эркке ээбиз деп эсептеп калышты. А түгүл айрым яхудий

жетекчилери Америкага жана анын президентине каршы чыгып, яхудийлер каалаган бардык нерсени эске алган жок деп сын айта башташты. Себеби алар өздөрүн Америкага, каапыр Батышка жана мусулман башкаруучуларынын чыккынчылыгына эмес, өз күчүнө таянган күчтүү тарап деп ойлоп калышты. Бирок адамдардын бул “жиби” (колдоосу) яхудий түзүмү үчүн кыскарып баратканы айкын болуп калды. Анткени яхудийлердин эң күчтүү жана эң жакын союздашы болгон Америка алар менен болгон мамилесин кайра карап, эсеп-кысабын жүргүзө баштады. Батыш башкаруучуларынын көбү да андан жүз үйүрө баштады. Ал эми мусулман башкаруучулары мурдагыдай яхудий түзүмүнө ишене албай калды. Бул болсо алардан адамдардын жиби да үзүлүүгө жакындаганын сүйүнчүлөйт. Анткени алардан Аллахтын жиби мурда эле үзүлгөн. Ошондо алар үчүн ыйлай турган эч ким калбайт жана алар мурдагыдай эле кор болуп, басынган абалга кайтышат. Аллах Таала мындай деди:

﴿ضُرِبَتْ عَلَيْهِمُ الذِّلَّةُ أَيْنَ مَا ثُقِفُواْ إِلاَّ بِحَبْلٍ مِّنَ اللهِ وَحَبْلٍ مِّنَ النَّاسِ وَبَآؤُوا بِغَضَبٍ مِّنَ اللهِ وَضُرِبَتْ عَلَيْهِمُ الْمَسْكَنَةُ﴾

***«Эгер алар Алланын жана адамдардын** (мусулмандардын) **коргоосунда болушпаса, албетте аларга каерде болушпасын, кор-зарлык жазылып коюлду. Алар Алланын каар-азабы менен кетишти жана аларга бечаралык жазылып коюлду. Буга себеп алардын Алланын аяттарын тангандыктары жана пайгамбарларды жазыксыз өлтүргөндүктөрү. Буга себеп алардын кылган күнөөлөрү жана чектен чыгуулары»***. (Али Имран: 112).

Демек, үммөт Аллахтын нусраты жакын экенине ишенип, экинчи рошид Халифалыкты тикелөө жолунда кадамын ылдамдатуусу гана калды. Ал Халифалык берекелүү Палестина жеринен яхудий түзүмүн жулуп таштап, мусулмандарды жана бүт дүйнөнү анын жамандыгынан куткарат.❑

# ПАЙГАМБАРЛЫК МИНХАЖЫ НЕГИЗИНДЕГИ РОШИД ХАЛИФАЛЫК ГАНА АРАБ ЛИГАСЫ УЮМУН ЖАНА БАРДЫК ЗЫЯН АЛЫП КЕЛГЕН РЕЖИМДЕРДИ КӨМҮП ЖОК КЫЛАТ

Хизб ут-Тахрирдин Борбордук маалымат бөлүмү Египет президенти күчтөндүрүүнү көздөп жаткан Араб Лигасына карата туура жана шаръий позиция тууралуу билдирүү жарыялады. Анда мындай деп айтылган:

Сисинин Араб Лигасынын ролун жандандырууга жана аны сактап калууга болгон аракети – үммөттүн алсыз, бөлүнгөн жана каапыр колонизаторго көз каранды бойдон калышын каалагандыгынан келип чыгат. Анткени Араб Лигасы араб аймагындагы мусулман өлкөлөрүнүн бөлүнүп-жарылышын «мамлекеттердин көз карандысыздыгын урматтоо» деген шылтоо менен бекемдөө негизинде түзүлгөн. Башкача айтканда, ар бир мамлекеттин өзүнчө чек арасы, туусу жана башка мамлекеттерден айырмаланган конституциясы болушун урматтоо дегенди билдирет. Бул абалды өзгөртүүгө болгон ар кандай аракет болсо, алардын жалган «эгемендүүлүгүнө» кол салуу болуп эсептелет жана Араб Лигасынын уставына каршы келет!

Бул анын идеясы жана Батыштагы колонизаторлор ага жүктөгөн милдет жагынан ушундай. Алар аны Аллах мусулмандар үчүн каалаган бекем биримдик түзүмүнүн ордуна альтернатива кылып түзүшкөн. Ал түзүм – араб болобу же ажам болобу, бардык мусулмандарды бириктирген Халифалык. Бул тууралуу Расулуллах ﷺ мындай деген:

«إِذَا بُويِعَ لِخَلِيفَتَيْنِ فَاقْتُلُوا الْآخَرَ مِنْهُمَا»

**«Эгер эки халифага байъат берилсе, алардын экинчисин өлтүргүлө».**

Дагы мындай деген:

«مَنْ أَتَاكُمْ وَأَمْرُكُمْ جَمِيعٌ عَلَى رَجُلٍ وَاحِدٍ يُرِيدُ أَنْ يَشُقَّ عَصَاكُمْ أَوْ يُفَرِّقَ جَمَاعَتَكُمْ فَاقْتُلُوهُ»

**«Ишиңер бир адамдын колунда бириккен учурда, ким келип биримдигиңерди бузууга же жамаатыңарды бөлүүгө аракет кылса, аны өлтүргүлө».**

Дагы мындай деген:

« إِنَّهُ سَتَكُونُ هَنَاتٌ وَهَنَاتٌ، فَمَنْ أَرَادَ أَنْ يُفَرِّقَ أَمْرَ هَذِهِ الْأُمَّةِ وَهِيَ جَمِيعٌ فَاضْرِبُوهُ بِالسَّيْفِ كَائِناً مَنْ كَانَ»

**«Албетте, ар кандай башаламандыктар болот. Ошондуктан ким бул үммөт бириккен абалда турган кезде анын ишин бөлүүгө аракет кылса, ал ким болбосун, аны кылыч менен ургула».**

Ушул жана башка хадистер үммөт бир халифанын, бир роянын жана бир Конституциянын т.а. Аллахтын Китеби менен Пайгамбарынын ﷺ Сүннөтүнүн алдында биригүүгө милдеттүү экенин билдирет.

Ал эми Араб Лигасынын тарыхына келсек, ал кайдыгерлик, алсыздык жана чыккынчылыкка толгон. Үммөт эң оор күндөрдү башынан кечирип

жатканда аны жардамсыз таштап койду. Палестинада, Сирияда, Суданда, Ливияда, Йеменде, Иракта жана башка жерлерде балдары, аялдары жана кары-картаңдары өлтүрүлүп, жер которууга мажбур болуп жатканда эч кандай чара көргөн жок. Бир дагы мусулманга жардам берген жок, бир дагы өлкөгө колдоо көрсөткөн жок. Болгону душманды токтото албаган, зулумду жоё албаган куру айыптоо, билдирүүлөр жана мааниси жок сөздөр менен гана чектелди.

Ал эми мусулмандардын жалпы маселеси болгон Палестинага келсек, ал дагы эле яхудийлердин басып алуусунда калууда. Аль-Акса мечити алардын топтору тарабынан булганып жатат. Газа болсо бомбалоонун, өлүмдүн жана мажбурлап көчүрүүнүн алдында турат. Бирок Араб Лигасы алар үчүн эч кандай аракет жасаган жок. Тескерисинче, берекелүү Палестина жеринде яхудий түзүмүнүн орношуна мүмкүнчүлүк берген, «Араб тынчтык демилгеси» деп аталган чыккынчылык жана жеңилүү демилгесин биринчи болуп кабыл алган да ушул уюм болду.

Араб Лигасын жандандырууга же жаңылоого аракет кылуу эмес, аны терең аңга көмүү үммөттүн милдети болуп саналат. Анткени ал эч качан үммөт үчүн жакшылык алып келген эмес. Тескерисинче, үммөттүн көкүрөгүнө сайылган канжар, аны бөлүп-жаруунун куралы жана Америка менен Батыштын өз долбоорлорун өткөрүп, өлкөлөрүбүздөгү колонизаторлугун улантуусуна кызмат кылган каражат болуп келген.

Анын жана мусулман өлкөлөрүндөгү бардык зыян алып келүүчү режимдердин ордуна Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалыкты тикелөө керек. Ошондо ал үммөттү бириктирип, аны жеңишке жана кубатка жетелейт. ❑